**Байгазаков Ишенбай**

# ЭНЕ ЖҮРӨГҮ

***Китепте автор өзүнүн өмүр жолунда башынан өткөн урунтуу окуяларын кенен-кесири баяндайт жана аалам түзүлүшүнө болгон жеке философиялык көз карашын ой-толгоолорун ортого салат.***

***Китептин жарык көрүшүнө, терилип жасалгаланышына көп эмгек сиңирип көмөктөшкөн жана демөөрчүлүк кылган автордун күйө баласы Эркинге, неберелери Тариел менен Айжанга терең ыраазычылык билдиребиз.***

**Ош — 2011**



***Сүрөттө автор жубайы Турсун, неберелери Шадман жана Ислам менен***

# БАШ СӨЗ

Байгазаков Ишенбай 1930-жылы 26-декабрда Чүй облусунун Кант шаарына жакын Чоң-Далы айылында төрөлүп жарык дүйнөгө келген.

Ишенбай ага 5 жашка чыкканда эжекеси Гулжардын жардамы менен тамга тааныйт, тез эле бир айдын ичинде китепти шар окуганга жетишет.

1938-жылы мектепке 1-класска окууга барат. Мектепте 3-класста окуп жатканда 1941-жылы 22-июнда Улуу Ата Мекендик согуш башталат; атасы Байгазак Мекенди коргоо үчүн армиянын катарына чакырылат. Үйдө жалгыз апсы менен калган Ишенбай окуусун уланта албай калат. Атасы Байгазак 1945-жылы 5-октябрда согуштан үйүнө кайткандан кийин, ошол эле жылы 20-ноябрда (1945-ж), Ишенбай ага кайрадан мектепке 4-класска келип окуп сынак берет. Ал кезде окуучу 4-классты бүткөндөн кийин сынак беришчү. Сынакты эң жакшы бааларга тапшыргандан кийин 5-класска которулат. Бирок 1948-жылы Ишенбай ага безгек оорусу менен ооруп калып окуусун андан аары уланта албай калган.

1947-жылдан баштап Ишенбай аганын эмгек жолу башталат. Ошол жылдын февраль айынан колхоздон бир короо кой алып багып аны кеч күздө тапшырат. Тракторчуга тиркөөчү болуп да иштейт. 1950-жылдары колхоздон айыл чарба мектебине жиберилип, окуп бүтүргөн. Айыл чарба мектебин ийгиликтүү аяктагандан кийин колхоздо кой фермага эсепчи (учетчик) болуп эмгектенет.

1956-жылы Ишенбай ага машинада кетип жатып жол кырсыгына учурайт, машина кулап кетет, натыйжада денесине оор жаракат алат.

Ишенбай үч ай бою ооруканада жатып дарыланат. Ооруканадан чыккандан кийин 1956-жылдын 26-августунан баштап айылдагы дүкөндү кабыл алып соода тармагында иштей баштайт. 1961-жылы айылдык керек жарак коомунун кампасын кабыл алат, бир эле учурда кампачы да, дүкөнчү да болуп иштейт. 1962-жылы кампаны тапшырып берип, өзү иштеген дүкөндө узак жылдар бою 1986-жылга чейин дээрлик 24 жыл бою эмгектенет.

Ден соолугуна байланыштуу дүкөндү 1986-жылы тапшырып бергенден кийин Ишенбай ага айылдык “Таза суу” долбоорунун аппаратында үзүрлүү эмгек өтөп, 1993-жылы ошол мекемеден ардактуу эс алууга чыгат. 1997-жылга чейин ошол “Таза сууү” мекемесинде ишин улантат.

Байгазаков Ишенбай аксакалдын калктын турмуш тиричилигине керектүү зарыл товарлар менен камсыз кылуудагы сиңирген эбегейсиз зор эмгектери мамлекет тарабынан эске алынып бааланып, ар кандай деңгээлдеги өкмөттүк медальдар, Ардак грамоталар менен сыйланган.

1970-жылы В.И.Лениндин 100 жылдык маарекесине карата “Юбилейлик” медаль, 1986-жылы “Эмгек каарманы” медалы менен сыйланат.

Узак жылдары бою керек жарак коомунда үзүрлүү эмгегин баалап СССРдин өкмөт курамына кирген Центросоюз мекемеси Байгазаков Ишенбайды Ардак грамота менен сыйлайт.

Кыргыз керек жарак Союзунун Ардак грамотасы менен эки жолу сыйланат. Кант райондук керек жарак коому төрт жолу Ардак грамота менен, ал эми Байгазаков Ишенбай өзү иштеген Айылдык керек жарак коому он төрт жолу Ардак грамота менен сыйлаган.

Эмгектин ардагери катары Ишенбай аганын сүрөтү Кант райондук Ардак тактага эки жолу илинген. Кыргыз керек жарак Союздарынын Ардак тактасында эки жолу Союз тараганга чейин сүрөтү илинип турган.

Жогоруда аталган өкмөттүк сыйлыктардын, Ардак грамоталардын ээси Байгазаков Ишенбай учурда 80 жашка толуп, бактылуу карылыктын доорун сүрүп, уул кыздарынын, неберелеринин кашында өзү туулуп өскөн Кант шаарында жашайт.

Ишенбай аксакал узак жылдары бою соода тармагында иштеп жүрүп, убактысынын тар болгонуна карабай, бир аз бош болуп калган учурларында өзүнүн өмүр жолунда болуп өткөн урунттуу окуяларын эске салып, аны кагаз бетине түшүрүп жазып жүргөн.

Автор өз чыгармаларында “Аалам” түзүлүшүнө өзүнүн көз карашын баяндоого аракет жасайт. Албетте, “Аалам” түзүлүшүн баяндоо, ага саресеп салуу, философиялык ой жүгүртүү, аябагандай көп эмгекти жана терең билимди талап

кылаары шексиз, канткенде да автор өз чыгармаларында өзүнүн дүйнө таанымын, ага болгон өзүнүн жеке көз карашын кагаз бетине түшүрүп окурманга түшүндүрүүгө аракет кылган.

Автордун поэтикалык чыгармалары өзүнүн неберелерине, туулуп өскөн жерин даңазалоого табигаттын коoздугун чагылдырууга багыталган.

Китеп автордун жакын туугандарына, үй-бүлөсүнө, небере-чеберелерине, өзү таанып билген адамарга арналганын эске алып, автордун айтайын деген оюн, максатын көп оңдоп түзөбөй, өзүнүн стилин сактап, берейин деген ой максатын өзгөртүүсүз калтырганга аракет кылдык.

*Акырында айтаарыбыз, Ишенбай ага! 80 жылдык торколуу тоюңуз кут болсун! Ылайым жараткан чың ден-соолук берсин. Көп жашаңыз. Мындан ары да калемиңиз курчуп, талантыңыз ташып, жаңы чыгармаларды жарата бериңиз. Дайыма үй-бүлөңүздүн, уул-кыздарыңыздын, небере-чебереңиздин сый урматында болуңуз. Бар болуңуз деген тилек менен*

***Абди Омокеев.***

# БЕЗГЕК

1944-жылдын жай айы. Батышта намистер менен болгон согуш солгундап бараткан кез. Бирок чыгыштан жапан армиясы согушка камынып, баш көтөрүп калган. Август айы келип, бышыкчылык болуп турса да эл ичи ачарчылык болчу.

Айылдагы балдардын колхоз жумушуна тартылбагандары бүт чогулуп алып, машак терчүүбүз. Машак эмне экенин азыркы балдар билбей калуусу мүмкүн. Машак бул комбайын жана башка эгин чабуучу машиналардан ыргып түшүп калган буудайдын баштары, мына ушул буудайдын баштарын терип алып, үйгө буудай чогултуп алаар экен. Андай буудайдын баштары аңыздарын жээктеринде кокустан комбайындын чалгысына илинбей калган жээктерде калың чыккан камыштын арасында көп болоор эле. Биз мына ошону теребиз. Андай машакты уурдап теребиз эгер кароолчулар көрүп калса, көтөрүп барып кырманга төктүрүп салчу.

Биз ал кароолчуларга тарынчу эмеспиз. Балтикадан, Ыраакы чыгышка чейин ушул эбегейсиз зор аймак Советтер Союзу баардыгы согушка, баардыгы жеңиш үчүн деген ураан алдында иштеп жана жашап жатканбыз. Аң сезимибиз толук жетилип калыптанбаса да согуштун даамын татып калган элек. Август айынын 10-2 чамасы күндүн ысыктыгы $30^0$С. Алдаганча жогору, суу жок жалаң ысыкта машак терүүгө көңүл чаппайт, оозум кургап, тилим жыгач болуп катып, үнүм чыкпай, демим кыстыгып, көзүм бозоруп, башым айланып калды.

Жанымдагы жолдошум Жунуштун Асылбеги болучу (Эпкинбек менен Эмелбектин агасы). Биз машак терген жер Маркс менен чектешкен жер, эч жерде суу жок, суунун баары кызылчадан, а кызылча болсо жалгыз жолдо болчу. Биз машак терген аймакта кызылча жок болучу.

Суу ичүү үчүн калгамышка барууну чечтик. Калгамыш азыркы Уракын турган сарайга кайрылган жердеги карагоонун ийрисин бууп көл кылып койгон. Ал жерде суу бар, бирок камыш жекен чыккан, чымын, чиркей, бака, жылаандардын мекени болчу.

Көлгамышка келсек ага куйган суу жок экен, а көлдүн суусу кудум жашыл кисель сыяктуу килкилдек өңдөнүп турат. Жылаандар сүзүп бака чардап чымын, чиркей тим эле булут болуп дуулдап учуп жүрүшөт. Асылбек менден үч жаш улуу эле, ал суудан ичпей койду.

Мен өлүп баратам, эгер ушул суудан ичпесем, үйгө жетпей орто жолдо өлүп калчуудай сезилип кетти, жата калып балырларды колум менен шилеп сууну ачып, кере- кере эки жутуп алдым көзүм ачылып жаным жай ала түштү. Машактарыбызды көтөрүп үйдү карай жүрүп кеттик. Биздин үй айылдын чыгыш жагындагы жаңы көчөдө эле үйгө жетип сулап калыпмын. Ойгонсом кеч болуп калган экен, көңүлүм бир аз айныгансып, этим ысып калыптыр, ысык өтүп кеткен экен го деп ойлоп койдум.

Болжол менен августун 13, түшкү саат он экилерде үшүп калчылдап жатып калдым. Аба ырайы 30гр. Ысык болсо да мен эки жууркан жамынып, анын үстүнө чапан жаап койсо да үшүп жатам, көрсө көлгамыштын чымын- чиркей, жылан-бака чардаган суусунан жутуп алып, безгек менен ооруп калыпмын. Апам колхоздун жумушунда, Молдобай да арабекеч болуп иштөөчү, мени доктурга алып барууга эч кимисинин мүмкүнчүлүгү жок эле.

Демек өзүң айыксаң айык, айыкпасан өл деген турмуш болуучу.

Ошентип үйдө жата бердим, тирүү дейин десем туруп басууга каруу жок, өлдүм дейин десем тирүүмүн. Безгек ошол жылы кышы менен кармады.

1945-жыл келип 9-майда согуш бүттү. Атам келип эми мени доктурга алып барып айыктырат деген үмүт пайда болду. Атам чыгышта эле качан гана Жапан армиясы жеңилип 2-сентябрь күнү тынчтыкка кол коюлганда гана бошоп 6-октябрда үйгө келди.

Бир жылдан ашып кетсе да мен али ооруп жүргүн элем. Атам мени көрүп өтө эле арык экен деп койду, көңүл бурганы ушул болду.

Ошентип ар түрдүү тозокту күндөр өтүп 1946-жыл келди, мен али ооруп жүрөм. Ооруп жүргөнүмө карабай 1945-жылдын 1-ноябрдан тартып 4-класска барып олтурган элем. Ооруп да жүрдүм. Атам күндө мас болуп келип апамды тепкилеп урат. Мас болбогон күнү сейрек болот, апама

болушууга менде чама жок, арыктыгым жетишип өзүм аз эле жерден өлбөй турам. Көрсө атам апамды токол алууга уруксат бер деп уруп жүрүптүр.

Атам ошондо бар болгону 45 жашта, апам 44 жашта экен.

Атам апамды мас болуп келип күндө урат, үйдө ичүүгө тамак жок, жамынып жатууга жууркан жок, алдыга саман салынып, үстүгө жууркан деген бир нерсе жамынчумун, ал жуурkандын миң жери айрык, ар бир айрыгынан бит жорголоп жүрөөр эле.

Ошентип мен жашоого тоюп өлүүнү чечтим. Окуудан каникулга тараганбыз. Эртең менен эрте туруп, тамак ичпей эле тоону карай жөнөдүм. Өлө турган кишиге тамакты эмне кереги бар. Жылып илээлеп олтурдум, карагандуу колоттун топурак кыясынын тескейиндеги сайдын оозундагы дөбөнүн күңгөйүнө бардым. Каруум жок болгондуктан мен ал жерге түшкө жакын араң жеттим. Күн аябай ысык эле. Ал убакта куурай канча болсо, жылан ошончо болоор эле. Бир чоң кара жылаанды тандап туруп бутумду жыландын баш жагына жакындаттым, жылан ылдамдап качып жөнөдү. Мен колума чыбык алып сайгылап, жыландын ачуусун келтирдим. Жылан бир чоң ууч болуп, оролуп, так үстүнөн башын чыгарып кана, эми тийчи дегенсип, тилин жалмаңдатты, мен акырын жыландын алдына барып, артымды жылан жака келтирип, оң балтырымды жыланга жакындаттым.

Мен жыланга артым менен жакындаганым менен башымды буруп жыландан көзүмдү албай карап турам, анткеним анын чакканын өз көзүм менен көрөйүн дедим эле.

Менин балтырым жыландын башы менен болгон аралык 12 -13 см. Эле, жылан башы менен менин балтырымды ток чокугандай чокуп алды да, ары жылып сойлой берди, балтырымдын эки жери ийне менен сайгандай кан чыгып калыптыр, мен эми өлөм көлөкөгөбү же күнгө жатып өлсөмбү?

Бүгүн безгек кармай турган күн, бүгүн безгек кармаса да, жылан чакса да, анан мен өлбөгөндө ким өлөт, эми көлөкөгө жатып өлөйүн. Көлөкөгө жатсам деле денем ысып, уйкум келип баратат. Мындай ахвалды мен өлүм жакындап келатат деп ойлоп жаттым, уйкуга кетипмин. Кандайдыр бир башка үндөн ойгонуп кеттим. Көзүмдү ачып биринчи күндү көрдүм.

Анан маңдайымда мылтык асынган, атчан киши турат, дароо жазбай тааныдым, былтыр атам армиядан келгенде учурашам деп келген киши экен. Атам мага бу киши Чириктин Мамбетаалысы Ичке – Сууда турат деген. Ошондо да ушул атты минип жүргөн, ошондо да ушул кийимчен, ак тайганды ээрчитип жүргөн. Мен бул кишини кечее да көрүп, анан бүгүн да минтип кезигишип турандай сезип турдум. Азыр менин оюмда тамактан башка эч нерсе келген жок, ушул кишиде жегенге бир нерсе бар болду бекен, деп ойлоп турдум. Анткени бу кишинин бөктөрүнчөгү бар эле. Эки көзүм бөктөрүнчөктөн өтүп үмүттөнүп турам.

“Ата”- дедим, тиги кишиге карап, курсагым ачып турат, бир нерсең барбы?- дедим, атам секирип түштү, бөктөрүнчөгүн чечип жатып, “отун тер” деп үн катты, мага карап туруп, мен бир нерсеси бар экенго деп үмүттөнүп, ары бери куу бадалдын бутагын чогултуп жибердим. Мамбетаалы бөктөрүнчөгүн чечти, элик атыптыр, эликти чанач кылып сыйрып, сан кол кылып сөгүп, чаначка салып бөктөрүп коюптур, ал эликтин боорун алып чыкты да, туз сееп коюп, куу чөптөн жулуп, ширенке чагып, тутаантып, куу отундан салып, отко эликтин боорун бышырып, мага кесип берди да, ысык –ысык тиште деп тиштетип, анан жеп кирдик. Бир эликтин боорун экөөлөп бир заматта чала-була каны менен аймап койдук. Мамбетаалы бөктөрүнчөгүн оңдоп жатып, чоң алышты кыян жүрүп, аңдап кетиптир, ошон үчүн кичи алышка салбадым беле деп кобурап жатты.

Ал күнү безгек кармаганын же кармабаганын билбейм, мен жылаан чаккандан кийин аябай катту жана көпкө уктапмын. Чоң алышты кыян жеп кетпегенде Мамбетаалы мага жолукмак эмес экен. Ичке –Суулуктарга жаз эрте келгендиктен кар эрте кетип, койлорун биздин тоо этектерге төлдөтүшчү. Кийинчерээк Мамбетаалы Ичке –Суу колхозунун коюн кайтарып койчу болуп калды, мен Чоң-Далы колхозуна койчу болуп калдым. Экөөбүз жолукканда баягы эликтин боорун бышырып жегенибизди сөз кылып жүрдүк.

Безгек деген эки жылдык тозоктун отунан мына ошентип кутулгам.

# КЕЛТЕ

1945-жылдын күз айларында атам армиядан келгенде мен окууну улантып мектепке барууну чечтим. Безгек менен ооруп жүрсөм да ноябрь айынын башынан баштап 4-класска олтуруп калдым. Балдар бир чейрек окуп калды, жетише албайсыңго деди мугалим Наарке мен көрөйүн деп жооп бердим.

Безгек кармап калса мен окуга барбай калам. Безгек кээде класстан да кармап калат. Андан убара болуп жүрдүм. Анда 4-класс бүтүрүчү катары экзамен берeeр эле, 4-классты жалаң беш менен бүттүм да, 1946-жылы 1-сентябрда 5-класска олтурдум.

Молдокулова Бурул деген кыз мугалим экен, кайсы сабак экенин эсимде жок болжолумда тил сабагы болсо керек, бир мезгилде кулагым чур дей түшүп эле, көзүм көрбөй калды. Мугалим мага кайрылган учурда мен жооп бериптирмин. Бир убакта ийнимден бирөө тартат, болгон күчүмдү жыйып, көзүмдү ачсам мугалим экен. “Эмне ооруп турасыңбы?” “Кыйналсаң үйүңө бара бер “- деп уруксат берди, жылып эшикке чыктым.

Ооруган жерим билинбейт, бирок этим ысып, денемди майда калтырак басып, көзүмдү ачалбайм. Ал убакта биздин айылда мектеп 4-клсска чейин эле болучу, жогорку классты К.Маркстен, азыркы Жедигер айылынан окуучубуз.

Карл-Маркс менен Чоң–Далы бир сельсовет эле, эки айылды байланыштырган араба жол бар, мен ошол араба жолдун боюнда, төө тикендин көлөкөсүндө жатам. Чоң-Даалы сельсоветинин контору ушул Маркста, сельсоветтин төрагасы Өкөштүн Алый деген кызы боло туран, ал киши оң бутунан тубаса аксап басуучу, азыркы чолок Аскар ошол Алыйдын иниси. Бир маалда кулагыма бир үн угулду, көзүм ачылбайт, кулагыма угулган үн, эмненин үнү экенин ажырата албайм. Ал үн жаныма келип токтогондой болду. Эмне ооруп турасыңбы?- таныш үн. Жооп айтуга дарман жок, эптеп элдир селдир Алыйдын үнү экенин туйдум. Ал кишинин жардамы менен арабага чыгып, бүк түштүм. Азыркы Манастын үйүнүн жанында кечмелик бар эле, кечмеликке келип токтоду да, өзүң кете аласынбы деп сурады, мен башымды ийкедим. Ал киши жүрүп кетти. Мен жата калып, муздак суудан кере жуттум эле, көзүм ачыла түштү. Биздин үй азыркы Шамил турган үйдүн

туура күн чыгыш жак тушунда болучу, сууну жутканда көзүмдүн ачылышы менен чуркап барып үйгө жетип жыгылыпмын, канча жатканымды ким билсин, көзүмдү ачсам апам баш жагымда ыйлап олтуруптур, ой апа эмне ыйлайсың десем, ыйлабагандачы бүгүн туура он күн болду, көзүңдү ачпай жатканыңа деди. Ишенгеним жок. Мага болсо, жана эле жыгылып, эки, үч сааттан кийин эс алып тура алгандай болдум. Мен көзүмдү ачкандан кийин атам чолок көчөдөн Шаршенбай табыпты алып келди. Чолок көчө кийинчерек, Дайырбек аталып кетти. Шаршенбай тамырымды кармап көпкө олтурду да, ысыгы ташып жыгылыптыр, бир ай суу ичсин, бир айдан кийин келем деп, ак тумшук кара эшегин минип үйүнө кетти. Мен суу ичип кала бердим. Мен бир ай суу ичтим. Мени тамак ичип алып ысыктап калбасын деп кайтарып турушту. Сууну муздак болсо ичи ооруп калат деп жылытып беришет. Сууну тамак ичкендей үч маал ичпейм, курсака батышынча токтобой ичем. Суу ичкенде аш казан эч качан бөксө болбош керек, бир аз ылдыйласа дагы, үстүнө кошуп жутуп коюш керек.

Мына ушинтип бир ай суу ичип, арыктыгым жетишип кур чынына көтөрө албай калдым. 1946 жылы 9-октябрда айткан күнүндө Шаршенбай келди да, мени тамырымды кармап көпкө олтурду да. Анча мынча ысыгы калыптыр, эми 5 күн ичсин деп, ак тумшук кара эшегине минип кетип калды. Мен ал күнү суу ичтим. Эртеси 10чу октябрда суу ичкен жокмун.

Бүгүн мен ооруп жыгылганыма 40 күн болот, ошол 40 күндүн ичинде эч кандай тамак көргөн жокмун. Эми мага тамакты аралыгы эки метр жерге коюп, алып жей бер десе да, алып жей алмак эмеспин.

Эми суу ичпей жөн гана өлүмдү күтүп жатып калдым.

Биздин үйүбүз бир бөлмөлүү, жалпак том боло турган. Эшиктен кире бериш жерде очок, анда тамак даярдалат, очоктун тегереги тамак ичүүчү жай, терезе жагында капшыта мен жатам.

Күн сууктап калгандыктан анын үстүнө мага жылуулук керек го, дедиби айтор апам очоко от жагып, калама жасап жатат. Мен өтө эле көңүлсүз жатат элем, калама, нандын жытыбы айтор көңүлүм көтөрүлүп апамдын кыймылы бир башкача, сонун көрүнүп жатат, апам да бир көз жүгүртүп

карап коет. Мага суу бергенде, сууну жылытып беришчү, бүгүн да сууну жылытып алып келди бирок мен сууну ичкен жокмун.

Апам тетири карап кетти, сууну да иче албай калды, деп ыйлап жаткан өңдүү. Кызык, өлүм алдында жаткан кишинин көңүлү эмнеге көтөрүлөт, үйгө бир жакшылык келгенсип, мени бир башкача үмүттөндүрүп жатты. Апам каламаны бышырып бүтөйүн деп калганда, атам келип, жүр, бир жака барабыз, дегенчүдөй болду да, айтып эшике чыгып кетти. Атам эшике чыгып кеткенде, апам менин койнума бир калама сала койду, “ме, жейгой”!

Атамдар кетээр жагына кетип тым- тырс болгондо, апам берген каламаны жеп, суудан бир аз жутуп алдым.

Көзүм илинип кетиптир, бир нерседен чочуп ойгонуп кеттим. Эмнеден чоочуп ойгонгонумду өзүм да билбейм, колу бутум кыймылга келип калыптыр.

Жанагы апам берген каламанын күчүбү? Же, башка күч кошулдубу?

Туракалдым, бирок башым айланып кайра жыгылдым. Эси дартым, апам жасап кеткен каламага кантип жетиш керек, кантип жеш керек. Туруп барууга болбой калды, андан үмүт үзүлгөндө жатып алып оонап көрдүм, болот экен, улам эс алып оонап олтуруп, каламага жеттим, он чакты каламанын баарын жедим, жеп бүткөнчө күч кирип калды, мен эми акырын туруп төшөкө бардым да, бир чыны сууну жутуп алып уктап калыпмын, тер төгүлүп калыптыр.

“Коокуй, нан жок, баарын жеп алып, өлүп калыптыр”- деген үндөн, ыйдан чочуп ойгонуп кеттим да, тике бутума тура калдым, апам бир эле мезгилде күлүп да жатты, ыйлап да жатты. Көрсө ал ый сүйүнүчтүн ыйы турбайбы.

Мына ошентип мен апамдан экинчи жолу төрөлдүм. Ошол күнү атам кечинде үйгө келгенде, менин өйдө туруп сүйлөп турганымды көргөндө, он минутчалык бир ордунда үн сөз жок селейип, катып туруп анан тилге кирди.

Эгер апам ошол күнү мага бир калама нан бербегенде, мен өлөт белем же жашайт белеем билбейм. Шаршембай болсо эми төрт күндөн кийин келмек. Бул жерде өмүр менен өлүмдүн аралыгын эмне менен өлчөөгө болот. Албете бычактын мизи менен салыштырууга болот, мен эненин

жүрөгүнүн сезгиичтиги менен бычактын мизинин бери жагына өлүмдөн аман калдым.

Мен, тээ баш жагында сөз кылып кеткен мугалим кыз Молдокулова Бурул кийин биздин Ырсаалынын Алгадайына турмушка чыгып, андан Самарбек, Алмаз, Чоро деген уулду, Алия, Гулнар деген кыздуу болуп, өзү 1975-жылдардын айланасында түбөлүк көз жумду.

Көрсө мени көтөрүп чаап, бир ай суу ичирген Келте деген оору экен.

## МЫЛТЫКТЫН БУКАСЫ

Келтенин кесепетинен оңолгончо бир топ убакыт өтүп кетип, окуудан кечигип бара албай калып, 5-класстан окубай калдым.

Ал убакта биздин колхоздо кой ферманын башчысы Качынын Маамыты эле, ал киши келип, балаң окубай калды, Мүсүраалынын коюн ал деген экен, атам маакул болуптур.

1947-жылы 17-февралда Мүсүраалынын коюн өткөрүп алдык. Ал короодо кыш башыда 550 кой болсо, өлүп олтуруп 330 чамасында кой калыптыр.

Кыш катту. Күн суук. Жерде кар калың, чөп жок болгондуктан кой жайытта гана багылчу. Азыр жерди тегиздеп түп-түз кылып метирлеп айдоо кылып салды. Ал убакта жаратылыштын көркү бузула элек эле. Бир суу жеген аң болсо, бир жер терең кокту, бир жер дөң болсо, бир жер чуңкур, анан дагы айдоо жер аз, ал эми ой чуңкурдун эсебинен мал үчүн жайыт абдан көп эле. Кыш катту болгону менен күн жылып кокту колоттордун күңгөйлөрүнүн кары кетип, чөптөр ачылып, койлор бат эле тоюнуп калды. Биздин короодо койлор аралаш эле, туут кой эки жүзгө жакын, ичинде ириги да бар, былтыркы козулары да бөлүнбүгөн, эркек ургаачы козулары баары аралаш экен, көрсө согуштун кесепети короодогу койго да тийиптир, адам күчү жок турбайбы, ар бир ирик кой козуларды бөлөк – бөлөк өзүнчө кайтарууга киши жок турбайбы.

Биз көптөн күткөн апрель айы да келди. Апрельде туут башталат, апрелде төшкө чыгабыз. Төштүн абасы таза, жери

таштак, күнү  жылуу, баткагы жок, бирок апрелде күн бүркөлүп жаай турган болсо, арык малга ажалдын жеткени.

Ал убукта Кыргыз менен Казакта кой туут жалаң апрелде башталчу. Туут башталаарда биз төшкө көчүп чыкчуубуз. Төш деп Норуз өзөнү менен Асылдын соктосуна чейинки тоо этектерин айтат. Ал эми Асылдын соктосу деп Бектоо менен Кара-Жыгачтын түштүк жакы тоо этектерин айтат. Мына ушул төштүн өзүбүзгө  тийешелүү бөлүгү Кызыл-Жардын оозуна кой төлдөтчүүбүз. Биз кой төлдөткөн жерде илбээсин абдан көп. Тоо тектирлерди, тоо каздары, кекилик, чил коен, түлкү, кара боор, безбелдек тоодак алардан башка да толгон токой илбээсиндер бар. Атсам деп эңсейм, бирок мылтык жок. Мылтык көздөн учуп жүргөн убакта кайдан экени эсимде жок бир мылтык колума тийди. Ал мылтыктан пистон чаптыруучу букасы гана жок экен башкасы бүт толук ордунда ондон ашык жези да (гилзасы) бар экен. Ок дары да ошол эле күнү табылды. Букасы деп пистонду чаап от алдыруучу тетигин айтат ал узундугу 35 мм келген темирден учу 3 мм жоондукта түп жагы жоон ошол жоон жагы, капталынан жартысы алынган болот, ошол жартысы алынган жерине сыртынан шуруп буралат да буканы өз алдынча түшүп жоголуп калуудан сактайт ошол шурубу да жок экен. Букасын кандайдыр бир он-онбеш минуттун ичинде жасап койдум, шурубу жок болсо эмне болмок эле, жоголсо дагы жасап алам темир азбы? Эртеси күн ысык болгондуктан койлорду жылдырып кайырманы карай айдап келдим. Сугаргандан кийин койлорду жылдырып айдап бара жатсам он беш метирдей жерде бир карабоор (булдурук) оттоп турат жер чокуп, мылтыгым жонумда эле акырын алып карабоорду мээлеп атып калдым, карабоор тырпырап жыгылып калды мен мылтыкты жерге кое коюп карабоорго жүгүрүп бардым карабоорду өөдө көтөрдүм, өлүп калыптыр. Сүйүнгөнүмдөн тер куюлуп кетти. Кызык теримди колум менен аарчысам тер эмес кан, бүткөн боюм бети башым аарчыган колум баары кан, эч жерим оорубаса да канды көргөндө көңүлүм айнып түштү. Карабоорду эки бутунан салпайта ылдый кармап мылтыкка бардым ошондо кайдан келип жатканы маалым болду. Көрсө бука пистонду саал катуурак урганда пистон болоор болбос тешилген, ошол тешиктен дарынын газы чыгып шурубу жок буканы артка тээп, өс кезегинде бука

балканы артка тээп, бука балкадан тайып менин башымдын куйкасын устара менен тилгендей тилип кетиптир.

Ошентип бул жолу ажал менин чокумдан 5 мм аралыктан өтүп кетти.

Кан болгон денемди суута жууп алып койду айдап кетип баратып, жаратылыш дагы кандай окуя даярдап жатты болду экен деп ойлонуп бараттым.

## МАРАЛ КЕЧҮҮ

1947-жылдын июнь айы. Жай келип, күн өтө ысып кеткенден чөп бат эле күйүп кетти.

Суусамырга көчүүгө камына баштадык. Биз ал кезде Ичке-Суунун Чоң –Таш жайлоосунда элек. Июнь айынын 28-күнү көчүп Суусамырды карай жол тарттык. Ал убакта машина жок болгондуктан көч жалаң төөгө жүктөлүп, төө менен көччүбүз. Менден башка короолордун баары койлорун эки кишиден айдашты, мен жалгыз айдадым. Атамдын Шайыркул деген токолу бар эле кой айдашпай токолунун жанына көч менен кетип калды. Бир короо койду мен жалгыз айдап калдым. Ал убакта кой айдаганда эч ким ит ээрчитчү эмес. Койду аттын жана чыбыктын күчү менен гана айдачуубуз.

Жапаркул жылкычы эле, ал киши төлөн уруусунан болгондуктан, мен ал кишини таяке дечүмүн. Менин апам да Төлөндүн кыздары, бирок Жапаркулдар менен 4-5 ата өтүшкөн Бөөдөгара урусуунун Сейтаалы дегендин кызы болчу. Жапаркул таяке орто бойлуу толмоч, кызыл жүздүү жайык бет, эч убакта капа болбогон киши. Биз Суусамырга көчүүгө камынганда ошол Жапаркул таякеме Көңтөрүш мобу байталды минип коюңду айда деп бир күрөң кызыл байталды токулгасы менен жетелеп келип берди. Ал киши жеке эле жылкычы эмес жылкынын тилин билген киши эле мага жаман мингич алып келбегенине көзүм жетип ичимден таякеме ыраазы болуп кубанып турдум.

Алыскы жолго кой айдоо бул түрүүлөй тозоко түшкөнүң, ал азс келгенсип мага дагы бир тозок кошулбадыбы, эл бир короо койду эки кишилеп айдаса мен жалгыз айдамак болдум. Биссимилла, байталга минип койду

Узун-Кырды карай багыт алдым. Узун-Кырдын күнгөй сайы менен айдап бат эле Тогуз-Булактын Кош-Тектирине кирип бардым. Биздин койчулардын дайыны жок, узап кетишиптир. Кайсы жол менен кеткени белгисиз. Менин башым маң болуп калды. Эми күн ысып койлор такыр баспай койду. Мейли дедим ичимде, балким бирөө келээр. Аңгыча Кош-Тектирдеги Тогуз-Булактын саанчылары түшкү саанын бүтүп үйлөрүнө келе жатышкан экен чылкый кыз келиндер экен. Ак халатчан келин көк көйнөгүнүн этеги халатынан көрүнүп турат, мени тамашага чала кетти. «Ай, бала, Суусамырга келдим деп коюңду жуушатып жайланып калыптырсың, Суусамыр бул жерден көрүнбөйт, алыс, хаа-ха-ха!» -кыраан каткырып күлүп калышты, мен ызаланып билгизбөөгө тырышып, -«мен Суусамырга барган жок элем, бирок баргандар Суусамырда келин кыздар көп дешти эле, мен Суусамырга келсем керек» - деп ха-халап каткырып калдым. «Оой, Көкүл, жыгылып териңер тескери сыйрылса деле сүйлөй бересиңерби?» -деп ар жактан узун бойлуу килтейген соп камчысын сүйрөгөн ээрди желки сары жигит чыга келди. «Ой, иним булардын терисин бычагы жок сыйрып алдың» - деп күлүп жатты. «Атың ким?» - деп менден ал жигит сурап калды. Көңтөрүш!

Мага ишенбеген түр менен көпкө карап калды, мен анын ишенип ишенбей орто саар болуп турганын байкап башым ийкеп чын дедим.

Ал менден суроо күтпөй эле, менин атым Калияс деди. Жүр үйгө тамак ич баары бир ысыкта коюң баспайт деди. Мен Канжыгадагы тамакты чечүүгө атты карай бастым, Калияс түшүнө коюп кереги жок деп мени колдон алып үйүн карай алып кетти.

Жанагы тийишкен келин Көкүл келинчеги экен. Калияс менден төрт-беш жаш улуу чамасында көрүнөт, ага карабай кичи пейил экен. Калияс койлорду тимгой айдаба курсагы ачсын, курсагы ачканда өздөрү эле чуркашат деди. Түштөн кийин мен айдашып кайкыга жеткирип коем. Тамактанып көлөкөгө жатып, мен эс алдым, байтал оттоп эс алды, коркулдап ысыкта жол баспай койлор эс алды.

Түштөн кийин саат беш чамасында койлор бириндеп жайыла баштады. Калияс атын алып келип токуп, сап камчысын тарсылдатып жүрүп кеттик деди. Экөөлөп койлорду айдап бат эле Ысык-Атанын ичине түшүүчү кырга жеттик.

Кадимки тоолордун кайкысындай кайкы, чыгып карап турдук, ал көрүнүш Калияска жаңылык эмес эле, а мага жаңылык болучу. Өзөндүн ичи кудум катту шамал сыяктуу шуулдап турат, бирок шамал жок, Ысык-Атанын суусу кудум музоонун бошураак арканындай ип-ичке ийри-буйру шары биздин кулакка дана угулуп, а түгүл суунун агынынан жаралган муздак жел бизге жетип бетти желпигенсип муздак уруп кеткендей болду. Капталдын бийиктигинен баш айланат. Бетине шыраалжын менен көкөмерен аралаш чыккан бетте башка чөп жоктой сезилет. Тип тике каптал менен койлор өздөрү эле ылдый жайылып өзөндү карай кирип барышат. Көңтөрүш атыңды жетелеп ал, минбе деди. Калияс, болбосо ат-матың менен учуп кетишиң мүмкүн. Калияс кош айтышып кала берди, мен байталды жетелеп койлордун артынан кеттим. Бул капталга чыкканы эле болбосо каптал деп кыйын эле жарыктык жылкы баласы адам менен бирге жаралганбы, мен баскан жер менен басып байтал да төрт аягы топуракты эшип келет. Кээ жерлерде байтал төрт аягы менен тең жылып тектирчелерге токтоп калып жатты, ат эмес жөө киши кургакта учуп өлчүдөй экен, койлорго топурак ыргытып кыйкырып Калияс көргөзгөн жылга менен көп кыйналбай бат эле өзөнгө түштүм.

Калияс экөөбүз Кош-Тектирден койду айдаганда саат беш чамасы эле, мен Ысык-Атанын өзөнүнө саат жети чамасында түштүм. Мына мен эңсеген, мен батыраак жетсем, батыраак көрсөм деп көксөгөн өзөн! Тээ кырдан ичке аркандай көрүнгөн суу эми күркүрөп шары эч нерсени угузбай кулак тундурат. Күн ысык болгондуктан суу кирип ак көбүктөп таш агып, таштар бири-бирине урунуп, жалаң эзилген таш сүттөй аппапак болуп агып жатат. Мына менин жети атам Бартак баскан өзөндө Ысык-Ата өзөнүндө турам. Жогортон Батыш жактан муздак жел келип бетимди жалап турат. Кудум кыштын жели муп-муздак. Мен эми эле кой айдап түшүп келген капталды карадым да өзүмө өзүм ишенбей калдым, тим эле анда-санда түп-түп чөбү бар, кызыл чап көрүнөт.

Төмөн өзөн бойлоп көз чаптырдым, кызык, тээ төмөндө чубашып төрт беш короо кой келет, биздикилерге окшоп кетти. Чын эле биздикилер экен. Көрсө мен алардан адашып калып Калиястын жардамы менен эң кыска жери менен өзөнгө

түшкөн экенмин. А берки койчулар Кош-Тектирден күн чыгышты карай жол менен жүрүп, Көк-Кыя менен келген тура. Биз Этекбайлар менен дамамат кош короо жүрөөр элек. Этекбай бул өзү казакта ачарчылык болгондо ооп биздин айылга келип туруп калган экен. Этекбайдын кызы Анаркул ошол жылдардын айланасында биздин Анашка турмушка чыгып андан Асылкүл деген кыздуу болуп, анан эмнегедир ажырашып кетишти. Андан кийин Татабайга тийди. Ал азыр биздин Аселдин кайненеси. Этекбай Чоң-Далынын коюн өмүр боюнча кайтарган киши, кою да, өзү да Суусамырга көп жолу барып, кою да, өзү да каныгып калган, ошол Этекбай эми койчулардын эң алды болуп айдап келатыптыр. Койлору тим эле ат менен тең жарышат. Этекбайдын койчусу мен курактуу Мамай деген өспүрүм эле, улуту карачай болучу. Мамай койлорду чаап келип тоссо да болбой бүт кою мага кошулуп аралашып кетти. Эми эки миң койду үч кишилеп айдап калдык.

Эң алды менмин деп келаткан Этекбай мени көргөндө аттан ооп кала жаздады. “Ой, Көнтөрүш, сен артта калбадың беле”, -деди Этекбай. Мени самолет атымды өзүмдү койлорду жеткирип коюп кайра учуп кетти деп тамашаладым.

Ал күнү биз Миң-Жылкыга конуш алдык. Эртеси ашуунун түбүнө барып кондук. Биз Чүйдө ысыктан азап тартсак, эми суuктан жүдөдүк, менин эриндерим жарылып кетти. Ал убакта Суусамырды жайлай турган колхоздор бири-биринен Чоң-Далы ашыптырбы? Кеңеш ашыптырбы? деп сурамжылашуучу мына эми биз ашып баратабыз, арттан бизден кийин аша башташат, биз жол салып ашууну аштык.

Эртең менен биз аттарды токуп баштаганда эле койлор өздөрү эле туруп ашууга көтөрүлүп кете башташты. Ашуу бийик болгондуктан биз койлорго жетпей артта калып калдык. Белге чыктык, койдон дайын жок, Чоң-Өрөөн ачык көрүнбөй жука парда тартган сыяктуу боз чаңыл тартып турат. Биз беш алты чакырым жүргөндөн кийин боз чаңгыл жоголуп ачык көрүндү, ойу да, түзү да, дөңү да, капталы да ачык жери жок бүтүндөй сап-сары тукаба жапкандай, тим эле кою сары боеңк сыйпагандай. Тээ этеке бул эмне болгон сары? Билбейм! Жылда мындай болчу эмес быйыл кокту колоттун баары эле сары экен деди Этекбай. Биз өзөнгө жалган түштө жеттик. Койлор тоюп жуушап калышыптыр. Каракол

суусунун башы чыгыштан батышты карай агат экен. Өрөөн да так ошондой батышты карай эңкейиш экен. Тескей жагы адыр тоо, түз дебей бүтүндөй сары. Бул сары түп-туп болуп чыккан гүлдүү чөп экен бир түптөн он-жыйырма сабак чыгат экен да, биздин кызгалдактай гүлдөйт экен, гүлүнүн өңү сары, кийин бышканда күңкарама сыяктуу май алат экен.

Биздин бараар жерибиз тескейде Балашили жайлоосу болгондуктан биз суунун сол жагына өтүп, батышты карай Сөөктүн суусунун Каракол суусуна куйган жерин карай айдашыбыз керек. Бүгүн көч да үйгөн ташка барат, биз да үйгөн ташка жетишибиз керек. Бул жолдун да өз алдынча тозогу бар! Тозогу Кызыл-Чоку. Каракол суусу Кызыл-Чокунун так түбүнөн агып өтүп, суу чокунун капталын кемирип, улам уратып олтуруп чокунун жарым капталын жарлап салган. Кызыл-Чокуга жеткенде Чокунун чокусун карай тике айдайбыз да, жардын тушунан өткөндө кайра тике өзөндү карай айдайбыз. Мына тозок Кызыл-Чокуга бат эле жеттик, эми тике чокунун чокусун карай айдаш керек, биз үчөөлүп айдап баратабыз, үчөөбүз тең аттан түшүп алганбыз, жардын тушунан ашып койду тике ылдый өзөндү карай айдадык, так ушул жерде менин байталымдын оң бутунун кан жүргөн тарамышын таш тилип кетти. Кан оргуштап агып жатат. Этеке Мамай экөөңөр айдай бергиле байталдын буту оңбой калды дедим. Байталдын бутун бет аарчым менен ороп, бир канжыгамды чыгарып таңып жөө жетелеп алып Этекбайлардын артынан Сөөктүн кечмелигине бардым. Суу жаңы ташып келаткан экен, кечирип өтүп кеттик да, бараар жерибизге бат эле жеттик. Эртеси өзүбүздүн жайлоо Бала-Шилиге бардык. Бала-Шилинин Түз-Ашуу деген ашуусу бар экен. Ал Жумгалдын Кайырма айлынын так үстүнөн түшөт экен.

Бала –Шили бул укмуштуу жайлоо экен, чөбү кыска, канча мал жайсаң да, бир жапырылган чөбү жок, ошондой болсо да чөбү тозуп кетти деп бир айдан кийин Суусамырдын күңгөйү болгон Дөң Жыламышка көчмөй болдук.

Мен күрөң кызыл байталды дале минип жүрөм, Жапаркүл таякем мага жылкынын камбаратасын бергенби билбейм, желгенине жел жетпей басканына мал жетпес, кечуу дегенди билбейт, дайым ооздугун салбай минем, өмүрү тушабайм, кай жерге койсоң, ошол жерде оттоп тура берет.

Куусаң жетесиң, качсаң кутуласың, кыскасы жомоктогудай мал экен. Мына ошол байталды минип, койду кайтарып, Дөң Жыламышты карай көчтүк. Дөң Жыламыш үйгөн таштын тушу дарыянын оң жээги, күңгөй экен, ага барыш үчүн эки жарым чыкырымча суунун агымы менен айдап Марал кечүүдөн койду кечирип, суунун ары жагына кечип чыккандан кийин, кайра суунун агымына каршы эки жарым чакырамча айдасаң, анан Дөң Жыламышка жетесиң.

Дөң Жыламыш бул Туюк Аларчанын батыш жагы. Чаар Айгыр анан Дөң Жыламыш бул чөбү бышып жетилген, ысыктыгы Чүйдөй бар, күңгөй жайлоо. Мына биз Марал Кечүүгө келдик. Узуну жүз метрчелик келген жерде бир да таш жок, суунун ээни жайылып, мелтиреп тып тынч агып жатат. Анан дагы Кечүүнүн усу дөң сыяктуу көтөрүлө түшөт экен, анан ошол дөңдөн суу кулап түшөт, ал аз келгенсип өзөн тарый түшөт экен, мал жан эмес, ал жерден машина акса табылчуудай эмес. Мен кечүүгө келгендердин эң алды элем. Кондубай, Этекбай, Алышман, Жапаргүл, ферма башчысы Маамыт, атам дагы да толгон токой кишилер эң жооптуу учурга келишип топтошуп турушкан эле, Көңтөрүш башта! Дешти.

Менин эркечим оттон кайра тартпаган неме эле, мен эркеч сууга чулп секирип кирип, сүзүп жөнөдү, койлор артынан жабыла сүзүп жөнөштү. Мен койлордун артынан байтал менен кечип чыктым. Ой баса, менде бир начар кой бар эле, ал жок, тиги жээкти карасам ошол жакта калып калыптыр. Кой, алып келе коеюн деп, кайра артка кечип жөнөдүм, суу туп тунук, түбүндөгү таштар күнгө чабылышып турат, байталдын бутунун арасынан чоң чоң улактай балыктар кылтылдап сүзүп жүрүшөт. Суу керзи өтүгүмдү жаба берип жатты. Кызык, мен агып баратам, көңүлүм айнып түштү.

Аттын мойнун кучакта деген үн угулду. Байталдын мойнун кучактадым, бирөө келип Байталды жетеледи, сезип турам, бирок көздү ачууга болбойт, жээке чыктык окшойт, аттан түш, жатып эс ал деди. Жапаркул таякемдин үнү экен, жатып калдым. Ме, деди бир топтон кийин, Жапаркул таякем жууратtan жасаган муздак чалап экен, кере жуттум эле, көзүм ачыла түштү, абдан эс ал, сууну кечкенде, сууну караба, аркы жээкти кара, сууну карасаң башың айланып калат, түз кетип

баратсаӊ да суугa агып бараткандай болуп калат, деди Жапаркул таякем. Мен көпкө жаттым, малдын баарын кечирип бүткөндөн кийин анан турдум. Жакшы болуп башым айланбай калыптыр. Байтал жанымда экен, туруп Байталга минип койго бардым. Атам койдун жанында экен. Кийин чогула калганда Көӊтөрүштүн ажалы бычактын мизинен аман калды, деп сөз кылып жүрүштү.

Көрсө суудан мал жан кечип жатканда, эки жакшы ат минген киши ар түрдү кокустука даяр ылдый жагында турушчу экен, алар ал күнү страховканы койбой унутуп калышыптыр. Эгер мен башым айланып сууга жыгылсам, дайным табылмак эмес, агын суунун бийиктиги менин төбөм менен теӊ болуучу.

## ТОГОЛОНГОН ТАШ

1948-жылы атам токолу Шайыркул менен койдобуз. Мен туут койлорду Алышманга бөлүп берип, 550 ургачы козу алдым, келечектеги туут кой да. 1948-жылдын 4-ноябрнында кыштоого көчүп бардык. Ал кыштоо Конокбайдын кыштоосу деп аталчу. Эки короонун бири эчки. Эчкилерди Кондубай багат.

Ошол жылы бир короо ургаачы козуну, аны мен багам, эркегин Искен иниси Жекшенкул менен багат. Койлор жайытта багылганынан минтип кыштоого көчүп бардык. Искен Саржан менен Чоӊ Даалынын батыш чегарасында, мен Конокбайда. Эртеси 5-ноябрда атам , кичи апам экөө уруша кетишип, токолу качып кетти. Атам артынан атчан кубалап кетти.

Анда бир короо койго, бир мингич берчү, бизге тийгени ушул Мүсүраалынын торусу. Жал куйругу төгүлгөн кашаӊыраак тору ат. Аны эми атам минип кетти, мейли мен жөө жүргөндү жакшы көрөм. Анын үстүнө атка арналган бир тутам да чөп жок, атта жайытта багылат.

Жеке эле кой бакпайм, Кондубай ой Көнтөрүш көз болуп кой деп эчкисин да таштап кетет. Ой, Көнтөрүш көс болуп кой деп Болоттун Айдараалысы жылкысын таштап кетет. Баарына көз болом. Жарым мүшок талкан бар, үстүнөн мен жейм, бир бурчун жыртып күчүгүм жейт. Жыргап

жатабыз. Бүгүн 10-ноябрь. Үйдө жей турган эч нерсе калган жок. Жалаң талкан аш болбой жатат. Жайыркул качып, атам артынан кууп кетип, мен жалгыз калганымды же айылдан эч ким билбейт. Же Кондубай келбейт, же Айдараалы келбейт. Бир эле үмүт Кондубай келсе, эки күнгө жетээрлик нан ала келет. Кондубай менин Чоң атам Самтырдын күйөө баласы нан ала келгени ошол себептүү да, Күлүмканды баарыбыз Күкө апа дечүүбүз.

Өзөгүм карарып өлүп баратканда коңддубайдын бир серкесин союп алдым, семиз экен, күчүгүм экөөбүз ич эти менен баш шыйрагын үч күн жедик, сорпосуна жарма жасап ичем, итиме да берм. Жыргап калдык. Коңдубай он күндө бир келет, эми ун түгөндү деп кур келчү болду.

Бир ай өттү, атамдан кабар жок, серкенин эти, талкан да жок, түгөндү, мен да ачка, ит да ачка. Жылкы, эчки, кой, баарына көз болуп жатам. Кекилик атып келем, мен жейм, ит жебейт, айлам кетти.

Кондубай келсе бир үзүм да нан алып келбейт, менин ачка жатканымды билет, же үйгө кабар кылып койсо боло. Бир күнү Молдобай эки чакадай талкан бир аз ун ала келип нан жасап коюптур, кечинде үйгө кирсем нан жыттанат сүйүп кеттим. Буюрса нан жейбиз. Нандан бир тиштем чайнап, түкүргөнчө шаштым жалаң туз. Молдобай тузду суугa эритип туруп камыр жууруп эле нан жасап коюптур татып көрбөсө керек. Ал күнү бир койду союп итим экөөбүз тойуп жедик. Курсак тойуп жыргап калдык. Мен коюмду эчкиге аралаштырып жардын ичине айдап жиберип өзүм жардын башында көз салып олтура берем.

Карышкыр жок, бирок кишинин карышкыры бар, алар Салдат менен Зарлык. Алар мага тийбейт тийбесе да корком. Алар менден коркушат. Далай жолу мергенчиликке бирге чыгып бирибиздин сырыбызды бирибиз беш колдой билип калганбыз. Ошол жылдары Шорбашаттын ичи, анан ооздогу түзөңү Ак-Кудук колхозуна тийип калды. Кароолчусу Норузбай деген эле ал да мени туурап өсүмдүк койлорун-эчкилерин Шоробашаттын ичине айдап жиберет кечинде кой-эчкилери үйүнө барат. Кызыл-Жардын алкымында Шоробашатка түшкөн ашуу, бар аны жаңы келген Норузбай кайдан билсин, өзүм жардын оозундамын өткөн-кеткенди көрүп турам деп ойлойт да, а Зарлык менен Салдат ашуудан

Шоробашатка түшүп Норузбайдын коюнан бирди атып алып кайра ашуу менен Кызыл-Жарга түшүп, элик атып келгенсип кечинде артынып тартынып үйлөрүнө барышат. Көңтөрүштүн коюн атып алсак ал биздин өзүбүздү атып салат деп менден коркушат. Мен аны жакшы түшүнөм. Бирок баары бир мен аларга ишенбейм.

Салдат Тутайдын атасы Зарлык сары Асандын атасы ушундай кишилер эле. Бир эле кышта Норузбайдын он бештей кой эчкисин атып жеп коюшту.

Мен козунун бир колун бут бышырып сорпосуна жарма жасап коюп анан беш алты күнгө чейин улам жылытып иче берем, эт болсо бышып даяр турчу.

Жаңы 1949-жылга чейин итим экөөбүз талкан эт менен жашап жаттык, жаңы жылдан кийин дагы ачарчылык келди. Бар болгон оокат бир чакага жетпеген талкан калды. 1949-жылдын январь айынын ондору ченде кечинде үйгө келсем коломтодо жыгач сайылып анын учунда кагаз кыпчылып турат кагазда: жүктүн ичинде нан алып келип катып койдум Молдобай деген жазуу бар экен жүктү карасам эч нерсе жок, жууркан төшөк чапан чапкыт баарын бирден силкип карадым, нан түгүл нандын жыты да жок.

Кызык Молдобай мени тамаша кылдыбы? Ошентип тамаша кылыш үчүн тээ айылдан тоонун башына келеби? Келсе менин ачка жатканымды билип туруп анан куру кол келип тигинтип кагаз жазып илип кетеби?

Бир нерсе болгонун бүдөмүк билип турдум, бирок эмне болгонун таба албай койдум. Эми тамак ашты үнөмдөөгө тура келди. Жеке эле кой эчкинин эти эмес бир эликтин эти жүзгө жакын кекиликтин этин жедим, бирок булар магааздык кылып жатат. Эми күн жылымдап, февралдын аягы болсо да атамдан дайын жок.

Март айы келди. Күңгөйлөр кургап жон-жондон кар суу болуп ага баштады. Чоң-Далынын кышы суук, дайым аркырап шамал жүрүп, кар учуруп кашаттарды асаба кылып коет, ал асабалар апрелге чейин эрийт. Менин өтүгүм башкачага өтүк күн жылуу болсо көлкүлдөп көнөк баш болуп, былжырап калат күн суук болсо күчүюп тоңуп калат чүлгоом өтүкө тоңуп, бутум чүлгоого тоңуп кечинде келгенде дайым от жагып жалынга кармап эритип анан чечүүмүн. Кышындагы баардык эле күндөр дээрлик ушундай болуп өттү.

Менин кайтарганым бир короо кой, бир короо эчки анан Айдараалынын жылкысы, жылкынын ичинде ошол жылы сатып келген айгыр бар аны колхоз асыл тукум деп он миң сомго сатып келген, анда он миң сомго он саан уй келүчү. Ошол түнү итим аябай каттуу үрдү кыйкырып мылтык атып койдум. Эртең менен эчки менен койду аралаштырып жардын ичин карай жон менен айдап жөнөдүм, жар башына жакындаганда үч же андан көп, төрт жүздөй түлкү жүрөт, таң калганымдан бир жерге селейип катып калыпмын. Кудум эки өзөн аралыгындагы түлкү бүт жыйналышка жыйылгандай экен, булар бул жерде эмне жүрөт болду экен. Итим улам бирин кууп бүрөөнү да тиштей албай калды.

(Эки өзөндүн–чыгышы Ысык-Ата, батышы Алламүдүн).

Түлкүлөр жыйылган жерге барсам баягы колхоз асыл тукум деп сатып келген кунан айгырды карышкыр жара тартып жеп кетиптир. Күн жылуу, жер эрип жаткандыктан мен эми тегеренип из карадым. Каптай менен жогору кетиптир изинин чоңдугу сартаман бээнин изиндей экен, жалгыз да экен, айгырды көтөрүп чапкан неме чоңдугу жолборстой бар болсо керек. Карышкыр бар болгону айгырдын бир жак сүбөөсүн гана жептир, калганы аман экен, түлкүлөр эмне жегенин билбейм. Айгырдын бир санын кесип көтөрүп алып үйгө таштап, үйдөн жип ала келип жиптин бир учу менен итти байлап бир учун айгырдын алдыңкы бутуна байлап койдум, заматта бир да түлкү жок, жым-жырт болуп калды. Айдараалы үч күн мурун келип кеткен эми он күндөн кийин келет. Эчки-койду жарга айдап киргизип жиберип топурак кыяга жүгүрүп бардым. Топурак кыядан айыл да карагандуу колоттун ичи да алаканга салгандай көрүнүп турат. Кырга чыксам тээ төмөндө бирөө отунун алып бүтүп атканы жатат, күнгөй кургак болгондуктан заматта чуркап түшүп бардым. Мына кызык! Кондубай экен, ээ шерменде эчкисин мага койтартып коюп үйүнө отун алып жүргөн тура!

Салоом алеким жезде, алеки салам, ой сен кандай Көңтөрүш! Ээ, сени көрүп отунун артышып коеюн деп эле дедим. Ой! Желмогуз тапан деп каткырып күлүп калды.

Отунунун артышып коюп, жезде дедим, Кондубай мени карап калды. Айдараалыга айтып койчу, баягы сатып келген айгырды карышкыр жеп кетиптир! Атаңдын башы, ой Көңтөрүш, карышкыр бар бекен деп саамга нэс боло түштү.

Карышкыр эмес жолборс бар экен. Ишенбесең өзүң барып изин көр. Кээ буттап кой. Буттап койдум. Жүрүп кетти. Ал күнү бешимде Айдараалы келди. Калчылдап коркуп жүрөт. Айланайын, Көңтөрүш, карышкыр жептир деп озууңдан чыгара көрбө деди. Макул ата деп, союшуп жибердим да артышып койдум. Кызык! Айдараалы айгырдын бир санын карышкыр сөөгү менен жеп кетти деп ойлободу, же калчылдап коркуп жүрүп саны жок экенин же бар экенин билбей калдыбы. Айтор сан жөнүндө сөз кылган жок. Ошол жылдары Зарлык алты жүз сомго Москвич машинасын алганы эсимде, эгер Айдараалы төлө десе эмнеси менен төлөйт эле, иши кылып Айдараалы төлөбөй кутулду. Анын эртеси күн дагы жылуу болду, кар эрип, суу агып жатат. Мен кой-эчкини коктунун жарга кошулган жерине жайып келдим, кечеги карышкыр жогору чыгып кеткен коктунун аягы ошол каптал өтө тик, бирок чөптүү эле. Мен коктунун таманында бир чоң түп акчечек менен бадалдардын үстүн ак жыгач чырмоок (Лиан) аябай чырмап дүмпүйүп кудум эле боз үйдүн өзү болуп калыптыр. Каптал өтө тик болгондуктан, чырмоок менин жанымда эле тургансыйт, колумду сунсам эле жеткендеймин. Узун шаты болсо үстүнө чыксам көтөрө алаар беле деп ойлоп койдум. Койлорду карасам тегиз капталда эчки менен аралаш жайылып жүрүшөт. Ит билсинби кайдан келгенин тээ кырда он чакты эчки бир жалпак таштын үстүндө сүзүшүп ойноп турат. Таштын чети кепканын маңдайындай болуп сыртка чыгып турат. Таштын астына кардын эриген суусу кирип астын дагы жумшартып жатат. Ойлонуп кетипмин.

Дүп деген дабыштын селт этип чочуп үн чыккан жакты карадым, баягы эчкилер чыгып ойноп жаткан таш кулап он-онеки метирдей келип калыптыр көзүң жамандыкты көрбөсүн, ойлонууга да убакыт жок, качууга да убакыт жок. Бар болгону башымды артка тарта бердим. Зуу. Таш өтүп кетти. Кызык эме болду, таш өтөөр менен мен ордумдан өзүмөн-өзүм эле козголуп көмкөрөмөн түшүп, бутум жерге тийер тийбес көтөрүлүп барып баягы, узун шаты болсо чыгып көрсөм деген чырмооктун үстүнө көмкөрөмдөн мен түшөөр менен дагы бир нерсе келип акчечектин түбүнө түшкөндөй болду. Чырмоок калың болгондуктан көрүүгө мүмкүн эмес эле. Мен болгон окуяны ойлонуп ак чырмооктун үстүндө жатам, таш тийбей өттү, канчалык аралыктан өттү, үчпү же беш сантиметирби?

Же он сантиметирби деги ажалым жок экен. Ошондо мага таш тийсе денеме тиймек эмес, башымды жулуп кетмек, өлүгүмдү ким табат эле, эгер өлүмдү тапса башым жок болбойт беле, анда башын бирөө кесип кетиптир деп коюшат эле да. Каптал жакын болгондуктан, капталга секирип түштүм да, акчечектин түбүнө түштүм; бир куйруктуу кара кой кулап түшүптүр, ага таш тийбептир жөн эле таштын күүсүнөн тоголонуп кетсе керек, бели омкорулуп калыптыр, жонго көтөрүп чыгып союп койдум. Бул окуядан аман калганымды деле бычактын мизинен бери ооп аман калдым деп түшүнөм.

***

Эми жогорудагы нандын жоголгонун айтып берейин.

Салдат, Зарлык дагы кишилер бар болсо керек, кийик атканга мергенчилике келишет, жолдору болбой курсактары ачып менин алачыгыма кирсе жүктүн ичинде нан бар деген жыгачка сайылган кагаз турат, таап алып баарын жэп кетишиптир. Кийин жолуга калганда ошондо нанга тойдуңбу деп каткырышчу. Алар менден 13-15 жаш улуу кишилер эле, ошондой болсо да далай жолу кийике чыгып бирге жүрүп теңтуштай болуп калганбыз, мени ачка таштап нанга тойгончо таш эле жеп калсаңарчы деп мен да санымды чаап каткырчумун.

## ОТ АЛГАН МЫЛТЫК

1949-жылдын март айынын жарымынан ооп калган мезгил, Айдараалы келип жылкысын айдап кетти. Анын эртеси келип Кондубай эчкисин айдап кетти. Экөө биригип бир үзүм нан алып келген жок, а түгүл кышы менен көз болдуң деп рахмат да айкан жок. Эки наадан! Эки наадандын малын айдап кеткени жакшы болду, болбосо аларга да көңүл болчуумун. Менин бир эле кайгым бар, бул асаба карлар эрип түгөнүп баратат. Асаба карлар эрип түгөнсө койлорго суу жок, анык шоркелтей ошондо болгону турат. Кар бар кезде жылкы да эчки да мында эле, алар эми суулу жерге кетишти. Айдараалы менен Кондубай менин жалгыз экенимди билишет, бирок мени көчүрүшүп кою алардын оюна да келген жок. Төрт ай бою мен алардын жылкысынакөз болдум, эчкисин коюма кошуп жайдым. Наадандар! Кеткени ырыс болду. Эми

асаба карлар эрип түгөнүп койлор суусап маарай баштады. Көчүш керек болду. Эми каяка көчүп барам? Ойлонуп олтуруп чоң атам Самтырдын журту Кызыл-Жардын оозуна бармак болдум. Жардын чөбү жетилип калган, суусу бар июнга чейин жетет, андан кийин бара көрөм. Болжол менен бешинчи апрелде жүктү үч бөлүп көтөрүп келип, жалгамыштан жардын ичине түшүрдүм да койлорду Орто-Жүрөктүн күнгөйүнөн ылдый жайып жибердим. Эң биринчи алачыкты апкелип тигип койдум. Алачык бул чеп, ит куш кире албайт. Бирөө жарым келип аңтара албайт. Анан барып идиш-аяк тамактарды апкелдим. Эң артында жууркан-төшөктөрдү апкелдим. Тулганы орнотуп казан асып от жагып эт салып коюп койлорду короого айдап келейин десем, мына кызык койлордун жартысы жатагына келип жуушап калыптыр. Койлор да көчкөндү билишкенби? Жоок итке байланыштуу болсо керек. Ит койлорду, койлор идти, бири-бирин жакшы таанышчу. Тиги Конокбайдын кыштоосунда турганда ит ары бери басканда кээ бир койлор ээрчий басып иттин мурдунан жыттап калаар эле. Кээ бир убакта ит койлорду аралап басса бири туруп сестенип койчу эмес. Бул жолу да ит алачыктын жанында жаткан. Итти таанып келишип анан мында келген турбайбызбы деп жуушап калышса керек. Казан менен убараланып жатып койлордун келип жуушап калганын билбей калыпмын. Казан асып эт бышырып, сорпосуна жарма жасап итим экөөбүз жаңы журтту жакшы майладык. Менин койлорумда бир адат бар, жайдак короодо жатса да айдамайын жайылбайт. Мен бүгүн жыйнап айдап келбесем деле өздөрү келип жатып калышты. Эртеси жогорку тектирге кой жайып чыктым. Жер от болгондуктан койлор жылбай эле оттоп калышты.

Саат кечки алтылар чамасында тектирдин батыш бетине жөн эле көрмөкө басып бардым, он-онэки метирдей аралыкта шыбактын түбүндө бир кекилик жатат. Бытыралуу жалгыз огум бар эле, салсам бир сантиметирчелик батпай калды. Кекилик учуп кетпесе экен деп өзүм шашып жатам, айланамды карасам уругу катуураак эч нерсе жок, менин колумда шомполдон башка эч нерсе жок эле. Шомпол менен уруп батырсам эмне болот? Сол колум менен мылтыктын кундагынын үстүнөн кармап, оң колум менен шомполду кармап жездин артынан чаап калдым. Тарс! Мылтык от алып

кетти. Шомпол да, мылтык да колумдан ыргып кетти. Өзүм тегеренип жыгылдым, бирок ошо замат кайра тура калдым бутум өөдө карап, башым ылдый карап, асылып калгандай болдум. Көңүлүм айнып түштү кайра жыгылдым, бирок бул жолу туруугa аракет кылган жокмун, жата бердим. Бети башым бүт кан капталда жаткандыктан кан мойнума да койнума да кирип кетти. Мылтык эмнеден от алды болду экен? Эсимди жыйып өөдө болдум, башым айланган жок, мылтыкты колума алдым, эми баары ачык болду. Мен шомпол менен батпай калган жезди батырыш үчүн чапканда шомпол пистонго тийип от алып кетиптир да жездин арты үзүлүп кетип менин сол көзүмдүн алдына тийиптир. Бул жолу менин башымды талкалап кетүү коркунучу жок эле, себеби күч эки бөлүндү болгон, а бирок беш миллиметр өөдөрөк тийгенде мен түбөлүк сокур болуп, сол көзү жок жүрмөкмүн.

Бир нерседен шек ала түштүм шишийби же шишибейби? Эгер шишип кетсе кой эмне болот? Көзүм шиший электе койлорду кечки короого жеткирейин. Чогултуп айдап жөнөдүм. Койлорду айдап келип, бир аз эт жеп бети башымды жууп, жантайып жатып уктап кетипмин, бирок аябай каттуу уктапмын, ойгонсом таң атып калыптыр, оң көзүм да шишип эч нерсе көрүнбөй калыптыр. Оң көзүмдү колум менен тартып ачып, койлорду айдап кечээги мылтык атылган жака чыгардым да өзүм итим менен жанаша жата бердим. Бир маалда мени карай келаткан аттын баскан дабышы угулду, оң көзүмдү колумдун жардамы менен ачып карасам Маамыт экен, мени көрүп аябай чочуп кетти, ой эмне болгон! Мен болгонун айттым. Ат тапырап эле калды. Чаап кетти окшойт.

Кечке маал апам келди, ыйлап-сыктап. Апам нан, ун ала келиптир, казанга чай кайнатып ичтик. Кечке маал күн батаарга жакын менин оң көзүм анча-мынча ачылып калды. Кечинде эт салып, наарын (беш бармак) жасадык. Болжол менен мен 1948 жылдын ноябрынан бүгүнкү 1949 жылдын апрелине чейин бүгүн адам сыяктуу тамак ичтим. Бүгүн мен да тойдум, ит да тойду. Эртеси оң көзүм ачылып жакшы болуп калыптыр. Мен айыгып калыпмын, апа коркпо деп апама бир чака сүр эт берип, үйгө жөнөтүп жибердим. Кийинки күндөрү сол көзүм да ачылып шишиги тарап айыга баштады.

Бүгүн 17 апрель 1949 жыл. Мен Жунуштун кайрагында кой жайып турам. Көзүм айыгып, жакшы болуп калдым.

Кызыл-Жардын сайынын түзгө чыга берген оозунда эки тектир бар, ылдыйкы түндүк тектирин Коңштун кайрагы дейт. Коңштун Матек, Сакүн, Жеңиш, Селие деген балдары бар эле.

Матек Фрунзедеги гидромеллиоративный техникумду бүтүп Ош жака жетекчилике иштеп кеткен. Папан суу сактагычын ошол Матек курдурган. Андан кийин Баткен каналын курдуруп ошол жакта капилеттен кайтыш болуп кетти.

Азыр ошол Матектин жетекчилиги менен курулган канал “Баткенский канал имени М.Коңшова” деп аталат. Каналдын башында Матектин эстелиги турат. Сөөгү да Баткенге коюлган. Түштүк тектирдин Жунуштун кайрагында кой жайып турам. Жунуштун тектиринен биздин айылдын ар бир үйү алаканга салгандай даана көрүнөт. Төштүн этегинде кайырма алышка чейин айылдан чыккан жалгыз аяк жол бар, ошол жолдон бир атчан киши келе жатат. Өтө эле жай келатат. Аты биздин тору атка окшош экен, атам болсо керек деп ойлоп койдум ичимде. Бир топ убактан кийин жакын келди, атам экен. Мас экен, аттын улам бир жагына ооп кусуп келатат.

Менин кайда экенимди үйгө барып апамдан укса керек, түз эле алачыка барып, аттан ооп түшүп калды. Тектирден чуркап түшүп барып, аттын ээрин алып, жайдактап Коңуштун кайрагына алып барып тушап койдум. Кечинде койду айдап үйгө барсам атам үйгө кирип жатыптыр, ойготкон жокмун. Эртеси эртең менен менден мурун туруп атын алып келип токунуп, эч нерсе айтпай аттанып кетти. 1949-жылы 19-апрельде токолу Шайыркүлдү учкаштырып үйгө келип түштү.

Ошентип атамдын 6 айлык эпопеясы бүттү.

## КЫЯДАН УЧКАНДА

1949-жылдын кышы жакындап калды. Биз Жалгамышка кыштамак болуп короо кармадык. Жаңы 1950-жылга саналуу эле күндөр калды. Койлорду ар кайсы жака жаям. Шоробашат менен Кызыл-Жарды Сарчокунун түштүк уурчусу бөлөт. Кыр болуп Далыга чыгып кетет. Ошол кырдын бир аз жерин жамгыр эки жагын тең уратып батышын Шоробашат жака түшүрөт да, чыгышы Кызыл-Жардын алкым болуп калат. Мен

ушул кырды ашуу катары пайдаланам. Койлорду жайып жылдырып келип батышка кайырсам Шоробашатка түшөт, чыгышка кайырсам Сарчокунун күңгөйү Кызыл-Жарга түшөт. Жаңы 1950-жылга аз калды. Койлорду тактап санап коюш керек деп санасам үчөө жетпейт, үчөө кем болуп чыкты.

Далыда менден башка кой кыштаган эмес. Карышкыр жесе тарпы калмак. Дароо үчөө учуп өлсө эч болбогондо бирөөнүн тарпы табылмак, ууру алса үчтү алмак эле алмак беле, эч болбогондо элүүнү айдап кетмек. Бир эле шегим Салдат, Зарлыкта калды. Ссениби, шүмшүктөр!

Бүгүн 17-февраль, үч кой али табылган жок. Бүгүн койлорду Шоробашатка түшүрүүнү чечтим. Койлорду Шоробашатка түшүрүп жиберип, күңгөй менен Сарчокуга чыктым. Сарчоку кызык чоку. Тээ биздин айылдан карасаң, кылда чокусунда бир короо кой баткыдай кара тегерек тагы бар, ал эмне деп кимден сурасаң, билбейбиз деп жооп берет. Атүгүл Салдат менен Зарлык да билбейт экен. Пай-пай Сарчокунун бийиктиги ай! Туш тарабың алаканга салгандай көрүнөт. Өзгөчө Фрунзени түз эле үстүнөн карап жаткандай көрөсүң. Тегерек четтеги баардык айыл алаканга салгандай көрүнөт. Атүгүл тээ казактын Туркестан-Сибирь темир жолунун Чу станциясы да бүлбүл тартып көрүнүп турат. Эси дартым үч кой. Ал убакта койлордун өңү ар түрлүү болгондуктан бат эле тааныдым. Бири куйруктуу кара кой, бири карабашыл ак кой, бири ит куйрук кызыл кой. Булар кайда кетти. Сарчокунун биздин айыл жаккы бетине түшүп көрсөмбү, ылдыйраак жыбытта менин бабам Өмөктүн журту бар, ал киши өмүр бою ушул жерди мекендеп өткөн Өмөк бабамдын турагын жайдын күнү кой жайып келип нечен жолу көргөм. Жоок андан көрө Сарчокунун тескейи Шоробашат жакы бетин көрөйүн деп бир ас ылдыйлап тескейи менен бастым. Пай-пай, тип-тик кулаган адам сайга түшкүчө сөөгү да кала турган эмес. Кайра тартып чокунун үстүнө чыгып баягы түздөн көрүнчү кара тегереке бардым. Бир короо кой баткандай тегерек итмурун экен, түштүк жагы кудум эшик сыяктуу 1,5 метирчелик жерине ит муруну жок экен, таңгалдым. Эми эмне кылсам ойлонуп калдым, жоок мынчалык чыккандан кийин баарын көрүп кетейин эми түп түз батышка карай ылдыйлап бастым, а балким койдун алды жайылып ушул тушка келип калган чыгаар. Ылдыйлап

бастым, койлордун алды жайылып келип калыптыр, тээ жүз метирчелик ылдыйраакта ак кой, бир кара кой астында жайылып келатат.

Кой көп ылдыйлап кайра тартайын деп бурула бердим. Ой, баса ак кой менен кара кой менин жоголгон койлорум эмеспи. Кайра ылдыйлап түштүм, ал экөө, башка бир да кой жок, алар так менин жоголгон койлорум экен. Астына кар ыргытып койдум, үркүп артка бурулуп кетишти. Кайда бармак эле койго кошулат да. Күңгөйгө түшүп ашууга барып Шоробашаттын ичиндеги койго бардым, ак кой менен кара кой койлорго кошулбаптыр тээ астында ылдамдап качып баратышат, алдынан чыгып койлорду карай кайырдым, койлорго отуз метирчелик жакындап барып, койлорго кошулбай Шоробашаттын сайынын таманына түшө качышты. Мен таяка минип каптал менен ылдый учканды эң жакшы билчүүмүн таяка минип сайга түшүп койлордун астынан чыгып сай менен алкымды карай айдап алдым. Кармата турган эмес, жоголгонуна эки ай болгон шерменделер жапайы болуп калыптыр. Бир маалда сайдын батыш жагынан дагы бир сай көрүндү, койлор ошол сайга бурула беришти, ал сай суу жеп сай кылган аң экен, койлор бара-бара тарыган аңга кептелип туруп калышты, тим эле карышкырдан корккондой калчылдашат. Мен дайым кереги тийип калаар деп купайкемдин сыртынан он-он беш метирчелик ичке аркан курчанып жүрчүүмүн. Жипти чечип баштап жүргөн кара койду мойнунан байлап сүйрөп алдым, ак кой ээчип алды, сүйрөп келип жайылып жаткан койлордун дал ортосуна жоон долонго кечке байлап койдум. Кечке байланып турду, кечинде үйдү карай койлор жылганда агытып койдум. Менин жанымда ит болгон кийин иттен коркуп дикилдеп койлор менен кошо кете берди, бирок кулактары кыйшактап жөн баспай баратышат. Ит жок болсо кетип калчуудай көрүнөт. Кечинде короого кирбей артка калып калса болобу. Атам, кичи апам, мен, ит болуп тосмолоп жатып араң киргиздик. Короого киргенде жайытка жибербей чөп суу бербей эки күн байлап араң көндүрдүк. Койдун жапайы болмогу бат эле экен. Эми эси дартым ит куйрук кызыл кой. Ың-жыңы жок дайынсыз. Көңүлүм Салдат менен Зарлыкта ушулар эле атып кеткен сыяктуу. Аңгыча март келди. Жон-жондун кары эрип кокту колоттон сала-сала суу жүрүп жатат. Баары бир түнкүсүн суук

эле. Түнкүсүн жер тоңуп калат. Бүгүн күн аябай эле жылуу чыкты, жер эрип кетти. Мен койлорду Шоробашатка түшүрүп өзүм жазда жөө көчүп жүктү түшүргөн жерге келдим. Бир аз өйдөрөк басып, кыя жолдун башына бардым, жерден кар эрип, суу агып жатат. Тээ сайдын таманында бир түлкү желип келатат, ал сайдын таманынан бир аз өйдөрөк кыя жол менен келатат. Бир кичине жыбытка кирип эле сол жагына бурулуп дароо эле бир нерсени тиштей тарткандай болду, кызыл койду таптыго деп ойлодум мен. Түлкүнү атып алайын мылтыгым жонумда эле, түлкүгө түшүп атмака бутумду биринчи кадам шилтеп кыяга койгондо эле тикемде турган боюнча зуулдап учуп жөнөдүм. үч же төрт метир учкандан кийин бутумдун капталы бир нерсеге такалып, күүлөнүп калган денем узунуман жыгылып, эми башым ылдый карап учтум, зуулдап барып эле кыянын түштүк бетине жарга башым ылдый карап бутум көктү карап, асылып калдым. Жонумда асылган мылтыгымдын учу жардын башындагы ит мурунга кирип мени кармап калыптыр. Жардын бийиктиги 15-16 метир. Жардын түбүндө жамгырдан, кардан урап түшкөн ундай болгон майда топурак анын бийиктиги калыңдыгы 3 метирчелик, эгер мылтыктын чагарагы жазылып кетип, мен башым ылдый болуп кулап түшсөм, анда тиги ундай болгон майда топуракка сүңгүп кирип тирүүлөй көмүлөм. Убактыны текке кетирбей тирүү калуунун жолун издеш керек. Кантип? Мен асылып турган ит мурундун мага салаңдап турган бутагына 20 сантиметр колум жетпейт, сол алаканымды жарга такап, бармагым менен далымды тиреп, оң колумду ит мурунга сундум. Мага жакын бутагына 2 сантиметр жейтпей калды, күчүмдү жыйып дагы күч менен сундум. Эми бир кичине бутагын кармап калдым да тарттым, ага илинген башка бутактар улам кошулуп келип олтуруп бир тутам болуп калды. Колума ит мурундун тикени ширеди ага да караган жокмун, эми оң бутумду ит мурундун ар жагына салдым да бир тутам, ит мурунга каттуу тартындым, мен дароо эле туруп кеттим, бирок мылтык, жок өзүм эле турдум көрсө мылтык ит мурунга сайылган боюнча калып мылтыктын ствол жак чагарагы жазылып кетиптир. Колум тикенден дуулдап жатат. Ысып чыкты, бирок өлбөй аман калдым. Ит мурундун тикени бир кызык сабакы жагы түбүндө калпагы бар, каттуу кирсе калпагы сабагынан ажырап кетет.

Калпактуу тикендердин баарын терип салдым колумда калгандарын үйгө барганда ийне менен алам деп койдум. Мылтыкты сууруп алдым, ийрейбептир, бирок ичи толтура ылай экен, жыгач менен сууруп тазалап койдум. Колдорум ит мурундун кирген тикенинин уусунан дуулдап ысып турат, өзүм ойлонуп жатам, өмүрүмдө бир жолу тайып көрбөгөн жаным мен эми эмнеден учтум? Аркы терки басып, кыртыштын кандай экенин көрдүм. Өтүгүмдүн таманы жерге батпайт, үстү эриген менен асты али тоң. Түнкүсүн суук болуп, жер катуу тоңгон да, күндүзү жылуу болуп үстү гана эриген, кыя тип-тик эле, мен бутумду коер менен учуп жөнөгөм. Изимди көрдүм кыя менен гана учуптурмун. Кыя жазы болчу. Жанымды кыя алып калган башка жака бурулуп учсам туура өлмөкмүн.

Мындай учаарымды билгенде тиги жазындагы жүктү жөө түшүргөн жерден түшсөм эле ал жер кургак эмес беле, анда учмак эмесмин. Жоок анда түлкү мени көрүп коюп качып кетмек, түлкүгө көрүнбөй түшөм деп минтип учуп кетпедимби.

Кыска өөдө тартпа өгүз өлөт,<br>
Ылай айдаба араба сынат.

Түлкүнү атып алам деп ушинтип калбадымбы. Мергенчиликтин кызыкчылыгы деги башкача. Бул жөнүндө легенда сыяктуу дагы имиш бар. Илгери бир кишинин жалгыз баласы болот. Баласы экөө анча алыс эмес аралыкта бөлөк жашап калат. Анан атасы ооруп калат. Ошол түнү жука кар жаайт, илгери мындай карды кыргыздар: кылаңгыр өтө жука болсо, сагызган изи же болбосо сонор кар деп койгон. Сонор бул мергенчилик дегенди түшүндүргөн. Баланча кайда экен десе сонорлоп кетиптир деп койгон. Жука жааган сонор карды кар китеп деп айтса да болот: илбээсиндердин кайдан келгенин, кайда кеткенин, каерге жатканын каерден оттогонун, чуркаганын, жай басканын, чоочуп кеткенин баарын билүүгө болот. Анан баласы атын токуп, тайганын ээчитип мергенчилик жарактарын алып аттанып жатса, атасынын өлгөндүгү туралуу кабарга киши келет; анда баласы:

Атам өлсө коюлаар<br>
Кара ашына союлаар<br>
Күнүгө мындай болбойт да<br>
Кан сонор кайдан табылаар,- деп атасынын өлгөнүнө карабай сонорго жүрүп кеткен экен.

Мына мергенчиликтин кызыкчылыгы ушундай. Менин эки колум ит мурундун тикенинен дуулдап ысып күйүп, канап шишип баратса да эси дартым түлкүдө болуп жатты. Деги мен канчалык жерден өлбөй аман калдым! Узун аралыктанбы? Же убакыт аралыктанбы?

Албетте убакыт аралыктан аман калдым. Ал убакыт 2 же 3 секундан ашык эмес бир аз болгондо мылтыктын чагарагы менин салмагымды көтөрө албай жазылып кетмек экен да мен тиги жардын түбүндөгү тегирменден түшкөн урпактай болгон бош топуракка сүңгүп кирип тирүүлөй көмүлүп калмак экенмин. Менин өлүгүм ал жерде экенин миң киши издесе да тапмак эмес.

Менин эси дартым түлкүдө, кетип калбагай эле. Шып алдырбай сайга түштүм, түлкүнүн бери жагында бийиктиги үч метирдей кыр бар чиеге жашынып карасам, бир нерсени тарткылап жатат биле турган эмес. Мылтыкка картеч салып түлкүнү башка мээлеп машааны тарттым. Тарс. Түлкү турган жерине бүк түштү. Барсам чын эле менин жоголгон ит куйрук кызыл коюм экен, бечара түлкү он беш минуттан бери тарткылап жатып сол чүкөнүн терисин араң сыйрыптыр. Койдун терисин сыйрыйын ичин жарып кардын ичегисин алып салайын, көтөргөнгө жеңил болсун десем тоң экен боло турган эмес.

Түлкү менен койду күңгөй менен көтөрүп былтыр жазда көчкөндө жүктү түшүргөн жерге алпарып тектирге чыгарып койдум, ал тектир тээ 1935-жылдарда биздин эл далыдан чөп чаап так ошол тектирге жол жасап, ошол жол менен чөп сүйрөп түшкөн жол, ал эми урап бир метирчелик жар болуп калган. Мен кой менен түлкүнү үйгө көтөрүп барып койдун терисин сыйрыдым ошол кышта күн суук болду, эле тоңгон неме жаңы эле сойгондой экен ичинен бир чака май чыкты майын көтөрө албай аңга кулап кетсе керек. Ал жолу да атам менен кичи апам үйдө жок айылга кеткен эле. Алар бир кеткенде жарым айлап кетишчү. Мен жалгыз эле жата берчүүмүн, көнүп калгам да. Менин колум бир жума шишип жүрүп айыгып кетти. Атам менен кичи апам келгенде менин колум айыгын калган эле. Алар менин эмне болгонумду билишкен да жок. Эч нерсе сурашкан да жок.

# ГЕНЕРАТОРДУН КАЙЫШЫ ҮЗЛҮЛГӨНДӨ

1951-жылы күзүндө кой кыштатууга биз көчүп Аңыракайга бардык. Аңыракай бул Казак жеринин кой кыштоосу. 1952-жылга аз калды. Адегенде Каймаккөлгө бардык. Андан кийин көчүп Чийкибайдын чокусу деген жерге бардык. Кыш жылуу жумшак болду. Аңыракай кудум жомоктогу алаамат өткөн, алаамат каптаган жердей туюлду. Мурунку жылы кыш өтө катуу болгон экен. Кай жерге барба короосу менен тоңуп өлгөн кой жатат. Кечинде короого канча кой кирсе эртең менен ошонун баары тоңуп өлгөн күндөр көп болуптур. Кою өлсө койчусу эмне болду экен кейийсиң. Адам эмне болот? Күйүп жаткан оту бар, от күйгүзгөн очогу бар кайнап жаткан казаны бар, жылуу кийим,35 жылуу төшөгү бар, адам жашай берет. 1952 жылдын январь, февраль айлары мага аябагандай зор түйшүк алып келди. Койлор котур болуп кашына баштады. Ал убакта дуст деген ак порошок дары бар эле, менде да ошондой дарыдан жарты кагаз мешок бар болучу. Күнүгө эртең менен кашынган койлорго сээп коюп жүрүп мартка чейин баары айыгып кетти. Согуш басылганда оокат тиричилик жактан биз элдин эң арты элек, эми мына кыска мөөнөттүн ичинде элдин алдына озгондой болдук. Бизде отуз туут кой, отуз козу дагы да үй ичинде жаң-жаңы жууркан төшөк пайда болду, кыскасы оңолдук. Керек болгон убакта койлордон союп сатып кереке жарата берчүүбүз.

Эч ким эч нерсе деп кийлигишчү эмес. Маамыт да эч нерсе дечү эмес. Анын үстүнө ревкомиссиянын төрөгасы Алексей Сергиенко, Маамыттын үчетчиги Андрей Тарасенко, парторг Сергей Головко, Никита Колесников ветврач менин досторум эле. Кээде кой санака келгенде менин айтуум боюнча жазып алып санабай эле кетип калышчу.

Биздин турмушка атам көп тоскоолдук кылып жүрдү, кээде бир бөтөлкө арака бир койду берип жиберчү. Мындай окуялар кийинчерээк өтө эле көп болуп кетти. Биз алты жыл кой бактык. Алты жылдын ичинде атам бир күндөн он жолу кой кайтарды, болжол менен жүз кой жоготту. Мен атама таңгалып жүрдүм, бул эмнеси чоң эле киши кой кайтара албай жоготуп коет деп, көрсө жоготчу эмес экен. үйгө жолобой жүргөн убактарда көрүнгөндөн кой берем деп акча алып ичип жеп жүрө берчү экен да, кой жайып чыкканда ошол

карыздарын төлөп келчү турбайбы. 1952 жылы Казакстандын жайсаң жайлоосунун этеги маңкасыйырды жайлап калдык. Биз менен кошо “Искра” колхозунун кою да жайлап калды. Жумаалы (Жакыптын атасы) биз менен кошуна эле Асакен эң улуу баласы кой кайтарчу. Анда Асакен 17 же 18 эле жашта болучу. Мен Ыйсанын Садыгынан бир бир козуга бир көк эчки алмашып алдым. Молдобай армияда эле бошонуп келсе ошол эчкини союп түлөө бермекмин. Анда түлөөнү жалаң эчки союп өткөрчү. Август айынын башында продукт тартып Кыргызстандан машина келди. Ал машинанын шоферу Иван Бондаренко түнкү салкында кетмек болуптур. Мен кечинде уктап жатканда атам баягы көк эчкини дагы эки кой салып айылга келип Шекербек менен Кылычбектин сүннөт тоюн берип, Сөкөнү алып алыптыр. Ошентип атам биздин акыркы малыбызды түгөтүп, бизди итке миңгизип өзү башка үйгө кирип кетти.

Эми бизге атам андан да чоң чыгым алып келе электе ылдам койду өткөрүп кетүүгө туура келди.

1950-жылы 16-сентябрда Бакир, Эсен, Момунаалы мен болуп бастырманын алдында кой кыркып жатканбыз. Анда кой кол менен кыркылчу. Түш ченде узун-узун он шарабан келди да бүт Чоң-Далынын элин тартып Покровкага алып келип, жыйналыш жасап бизди Покровканын Ленин колхозуна кошуп салды. Эми биз Кант районунун Ленин колхозу болуп калдык. 1950-жылга чейин кандай кичине айыл болсо да өз алдынча колхоз элек. Биртоп кичине айылдарды кошуп ирилештирип бир колхоз кылып салды. Мына ошонун эсебинен бүтүндөй Советтер Союзу боюнча жүз миңдеген адамдар бош калып башка жумушка иштеп калышты. Мына ошондой үлүш бизге да тийип минтип Ленин колхозу болуп калдык.

## ЭНЕНИН ЖҮРӨГҮ

1947-жылы мен келте менен ооруп калып окубай калдым. Анын үстүнө согуш жылдарында апама жардам берем деп, окууга барбай калып, өз теңтуштарымдан калып калган элем. Атам 1941-жылы июль айында согушка кеткен. Атам согуштан, 1945-жылы 7-октябрда үйгө келди. Согуш

жылдарында атам чыгышта Иркутск, Улан-Уде шаарларында 80 миң киши менен согушка даярдык көрүп турушкан. Ал убакта Жапан мамлекети Германия менен келишим түзүп, Ыраакы чыгыштан Советтер Союзуна кол салууга камынып жаткан. Советтер Союзу Германия менен болгон согушта алсырап калды, биз эми жеңип алабыз деп чыгыштан Жапан мамлекети кол салып август айынын башында 20 күндүк согушта Жапан армиясынын тымтырыкайы чыгып, бүт дүйнөгө шылдың болуп, 2-сентябрда жеңилүү актысына кол коюга аргасыз болгон. Атам үйгө ошондон кийин келди. Ал кезде Молдобай 12, мен ондон жаңы ашкам, Насим 3, Батмакан 1 жашта болучу. Бир саан уй, анан апамдын күчү менен биз өлбөй аман калдык. Атам согуштан өлбөй аман келди, бүт үй бүлөнүн баш кошуу салтанатын баштан кечирип жыргап жатып калдык. Жыргаганы курусун, атам арактан көз ачпайт, ойногону кумар, кээде жеп жаткан наныбызды кумарга уттуруп койгон күндөрү болгон. Кыскасын айтканда айыл боюнча биз турмуш жагынан эң арты элек. Саан уй сатылып кетти. Атама арак болсо эле болду, музоосу союлуп эт болду, кийим жок төшөнчү жок саманга жатып калдык.

Мен теңдүү балдардын баары укмуштай кийинишип жүрүшөт, мен 1945-жылы ноябр айында 15 жашымда мектепке 4-класска барып отурдум, жашым чоңоюп калгандыктан, барган күндөн эле баштап эң жакшы деген бааларга окуй баштадым.

1947-жыл жаңырганда мен апама кайрылып, ушундан көрө кой кайтарып кетсек эмне болот жок дегенде ичкен тамагыбыз жакшырак болотко дедим, апам унчукпай тунжурап жер карап калды, менин оюмду жактырбай калдыго деп ойлоп койдум. Мен кой кайтарып кетсек эле баары жакшы болуп кетчүдөй көрүнүп туруп алды. Күндөрдүн биринде апам атама уулуң кой кайтарам деп жатат, деп айткан экен, атам учуп барып кой ферма башчысы Маамыт дегенге айткан. Маамыт мага келип, Мүсүраалынын короосунда койчу жок, кою өлүп жатат, ошону өткөрүп алгыла деди. Эртеси атам экөөбүз барып 320 баш койду санап өткөрүп алдык. Жыл башында Мүсүраалынын короосунда 6 жүздөн ашык кой болгон, өлүп отуруп 320 калыптыр. Мезгил кыш болгондуктан өлгөн койдун өлүгү тоо болуп үйүлүп жатат бары териси менен. Атам өлгөн койлордун терисин Мүсүраалы өзү сыйрып

өткөрсүн деп Маамыт менен убадалашты, ошентип заматтын ортосунда биз койчу болдук да калдык. Койчунун үйү чакан бөлмө экен, меши бар жылуу үй экен. Сарай тең ортосунан экиге бөлүнгөн, бир бөлүгүндө аттар, экинчи жагында кой менен биз турабыз. Бизге берилген ат ушул аттар менен жем чөп жеп турат экен, а койлорго бир тутам чөп жок. Койлор ачкалыктан өлүп жатыптыр. Мен сарайдын артына барып төө тикен чыккан талааларды карасам ал талааларга көз кыры жетпейт. Бул талааны миң гектар деп койчубуз. Миң гектар колхоздун алы келбей, ошол жылы айдалбай калган. Төө тикен чыккан талаага тепе- тең болуп ар түрлүү чөп чыккан. Ушул тикендин арасына жайылган кой ачкадан өлмөк түгүл, кабыргасын май басып семирип кете турган Мүсүраалы чөп жок деп шылтоолоп койлорду камап коюп, анын баары ачкалыктан өлүп калган.

Мен 20 койду сарайга алып калып, 300 койду тикендин арасына жайып жибердим. Сарайда калган 20 кой жайытка чыга ала турган эмес, үч жүз койду чыгарып баратканда бир жакшыраак койду кармап, “Ме”,- дедим атама, “Сой муну”- атам мени саамга дал болуп карап турду да, бир нерсени түшүнө койгондой шап колумдан алып үйгө алып кирип кетти, мен атамдын артынан барып койду кандй соерун карап турдум. Атам Самтырбайдын баласы болгондуктан, кой сойгонго маш болучу. Мен ичимден, мындан ары койду өзүм соем деп, өзүмө өзүм убада берип жаттым. Ага чейин мен кой түгүл тоок союп көргөн эмесмин. Ошол күнү эт жеп сорпо ичип чоң тамак жеп, биздин үйгө коммунизм баш баккандай болуп калды. Жайытка чыгаарда алып калган 20 койдон ошол күнү үчөө өлдү, андан кийин бир да кой өлгөн жок, эч кандай чыгым да болгон жок. Андан кийин күн жылып апрель айы кирип келип, жамгыр жаай баштады. Күндөрдүн биринде атама сарайдан койлорду чыгарышып жайытка айдашып бараткам, күн карарып бүркөлүп турган атам үйгө кетээр менен эле күн кар аралаш жамгыр жаап келди, жүндүү койлор сезе турган эмес, жайылып жүрөт, бирок ичинде ачарчылыкта жүнү түшкөн жылаңачтары бар, ошолор титиреп үшүй баштады. Койлорду сарайды карай айдап жөнөдүм. Бир маалда атам келип айдаша баштады, жамгыр чака менен куйгандай төгүп жатат. Сарайга 500 метир калганда атам мени заар тили менен сөгүп, “Ме Энең экөөң кой кайтаргыла”,- деп

чыбыгын менин алдыма ыргытып жиберип үйгө кетип калды. Жылаңач койлор сарайды карай чуркап, койлорду ээрчип мен деле бат эле үйгө кирип бардым, атам чечинип ич кийимчен мешке converted кактанып олтуруптур. Мен сырт кийимдеримди чечип илип коюуп, ич кийим менен мешке кактанып кургандым. Бир аздан кийин атам туруп айылды карай кетти, ошол боюнча беш-алты күнгө чейин кайра келген жок. Айылда арак ичип жүрөт деп уктук. Мага атамдын бары жогу бирдей болучу, баарыбир үйдө турса деле мага жардам бермек эмес.

Башка короодогу койлорго караганда менин койлорум катуу семирди. Бары четинен кармасаң сойгонго жарачудай. Жаздын кантип өткөнү билинбей эле жайлоо маалы келип калды. Ичке-Суу айылындагы  Чоңташ жайлоо биздики экен, май айын аягында эле көчүп жайлоого барып калдык. Жайлоонун көркүн чөбүнүн жытын сөз айтып менен берүү колдон келчүүдөй эмес. Бизден башка короодогу койлор Суусамырга кетишти. Биз Ичке- Сууну жайлап калдык. Күндөр өтүп күз келди, жайлоодон түшүп айылга келдик. Биздин үй айылдын чыгыш жагындагы жаңы түшкөн көчөдө болучу. Биз атамдын эжеси Акбала менен кошуна болчубуз, атам кайта-кайта эжесиникине барып кирип чыгып эле кыйпычыктап жүрөт. Бир маалда Акбала биздикине келип атаңар аял алып келди десе болобу! Биз баарыбыз үйдө элек, жабыла тура калдык, эч ким ооз ачып сүйлөгөн жокбуз, эч кимибиз ишенбей турабыз, үйдүн ичи жымжырт, чымын учса угулгудай тынчтык. Атамдын эжесин биз Акия дечүүбүз. ”Акия,- дедим мен,- Биз эмне кылабыз?” Акия ыйлап жиберди, ортодо дагы тынчтык, эч кимибиз эсибизге келе албай жаттык, апама көз жүгүрттүм. Апам кызылдуу киши боло турган, мага бул жолу кап-кара негирдей көрүнүп кетти. Тынчтыкты дагы мен буздум, “Акия, атам силердикинде жашасын, биздин тынчтыкты бузбагыла”-дедим мен, сөз бүттү, Акиям туруп кетти. Атамдын аялы кандай киши экенин али эч кимибиз билбейбиз. Кошуна болгондон кийин эртели кеч чыгып кирип калып, көрүп калып жүрдүм, атамдан бир-эки сантиметрчелик бийик, жоондугу атамдай, бети жайык, келбеттүү киши экен, аты Шайыркул. Мен чоң атамды ата дечүмүн, өз атамды байке дээр элем. Эртели кеч көрүшүп, үйүр алышып кеттик. Бир күнү Акиям келип, “Анар, быйыл кышта сен бала менен койго барбай эле кой, Шайыркул койго мен

барайын деп жатат деди", апам үндөгөн жок. Жапанбек эмчекте болчу. Акиямдын бул сөзү мага жага түштү, мейли, апам барбай эле койсун, болору-болду, деп турдум ичимден. Биздин элчибек уруусунда куриятка чейин төрт бай болгон:

Бообек бай
Конок бай
Самтыр бай
Жалгамыш бай

Самтыр бай менин чоң атам, бою эки метр, туурасы бир жарым метр, сыйда сакал, кызыл жүздүү киши болучу, тиши түшкөн эмес бүтүн эле. 1937-жылы 87 жашында кайтыш болду.

Биз Чоң-Далынын Далы деген жеринде Конок байдын кыштоосуна кыштамай болдук. Ал убакта кой жайытта багылчу. 1947-жылдын ноябрында кыштоого көчүп бардык. Кыштын күнү кой семиргенди мен ошондо көрдүм. Жаңы жылга чейин койлор баары тегиз жем жегендей семирди. 1949-жылы 4-ноябрда дагы ошол кыштоого бардык. Эмнегедир ошол жылы атам менен кичи апамдын кыжылдашканы көбөйүп кеткен болучу. Баргандан эле экөө уруша кетишип, Шайыркул качып кетти, биз аздан кийин атам анын артынан атчан кууп кетти, сайма алачык тигилбей, төшөнчү жыйылбай калды. Ит менен мен ачка калдык. Атам кайда кетти, кичи апам кайда кетти, ың жым жок, эч ким билбейт. Үч күн өттү, беш күн өттү, он күн, бир ай өттү, кат кабар жок. Ошентип 1950-жылдын кышы өтүп кетти, кабар жок. Мен кичи апамдын төркүндөрү каякта экенин билчүү да эмесмин. Ошол кышта бир короо эчки кайтарган Конду бай деген бар эле. Мага кошуна болчу, эчкиге короо кармап коюп, көз болуп кой деп, ал да кетет, 8 же 10 күндө бир келет, эчкисин санап коюп кайра кетет, дагы бир жумадан кийин келет. Колхоздун жылкычысы Айдаралынын элүүдөй жылкысы бар. Көз болуп кой деп ал үйүнө кетет. Ал да бир жумада бир келет. Кондубай да, Айдаралы да менин ачка жатканымды билишет. Бирөө да бир нан алып келишпейт, нагыз айбандар, эчки менен койду кошуп жарга киргизип жиберем, кечинде өздөрү келишет. Жарым кап талкан, бир серкенин эти, бир койдун эти менен итим экөөбүз кыштан чыктык. Кышында бороон урган касаба карлар түгөнүп эми койлор суусап маарай баштады. Кондубай келип эчкисин айдап кетти. Айдаралы келип жылкысын айдап кетти. 1950-жылдын апрел айынын ону болуп калды, күн

узарып эми ысый баштады. Мага да көчүүгө туура келип турат, бирок кантип көчөм? Ушул Конокбайдын кыштоосунун ылдый жагында жар бар, жардын ичиндеги өзөндөн май айынын аягына чейин суу агат. Өзөндүн ичин Кызылжар дейт. Кызыл жардын ичинде менин чоң атам Самтырдын эки кыштоо журту бар, биринчи ортосундагысы кыштоо журту, экинчи оозундагысы бул жазгы туут журт. Мен көчсөм ошол туут журтуна барам. Жөө көчмөй болдум, койлорду жардын ичине айдап жиберип, алачыктын кийизин уук түндүгү менен бир көтөрүп барып жардан түшүрүп келдим. Анан төшөнчү менен идиштерди бир алып бардым койлор менин көчкөнүмдү билгенсип ылдыйлап жайылып баратат. Мен төшөнчү менен идиштерди көтөрүп, чоң атам Самтырдын туут журтуна жеткирдим. Күн кечтеп саат 6 болуп калган, койлор журттун бет маңдайында тектирде жайылып турат. Идиш, төшөнчү келди, өзөндө 10 литрдей суу агып жатат. Кам жок деп башымды өйдө көтөрсөм 10-12 метрдей жерде бир кекилик жатат. Колумда мылтыгым бар болучу огун салсам 1 сантиметрчелик батпай калды. Колумда темир зым шомполум бар эле ушуну менен чапсам деп ойлоп, шомпол менен мылтыктын жезин чаап калдым, тарс деп мылтык от алып кетип өзүмдү бир улуу күч көтөрүп чапкан сыяктуу эки тегеренип барып жыгылдым, ошо замат тура калып буралып барып кайра жыгылдым. Эми башым ылдый карап асылып калгандай болуп турам. Жүрөгүм айнып бир окшуп кусуп ийдим, каягынан экени белгисиз кан дирилдеп агып жатат. Болгон күчүмдү жыйып өйдө турдум, жүрөгүмдүн айныганы басыла түшүптүр. Эми эмне болгонун боолголой баштадым сол көзүмдөн агып жаткан кан токтоду. Канды бет арчым менен сүртүп карасам көзүм бүтүн экен. Мен жез батпай калган шомпол менен чапканда, пистонго шомпол тийип от алып кетип, жездин арты үзүлүп кетип менин сол көзүмдүн алдына тийиптир, ок бир сантиметр жогоруу тийгенде көзүм агып калмак экен. Оюма бир нерсе кылт дей түштү. Башым шишип кетсе эмне болот? Койлорду тез чогултуп журтка айдап келдим. Койлор жазда жаткан журтуна келип эле жуушап калды. Менин көзүм шишип сол көзүм такыр жабылып калды. Итке бир аз эт берип өзүм от жагып бир аз эт куйкалап жеп жатып калдым. Түн тынч өттү, койлор тынч жатты. Оң көзүм да шишип калыптыр колум менен оң көзүмдү

тартып ачып койлорду жайытка чыгардым. Жамбаштап жатам. Аттын басканы угулат, а атам экен деп ойлодум, атам эмес эле ферма башчысы Маамыт экен. Мени карап ой Көңтөрүш эмне болгонсун деди. Мергенчилик кылдым эле калпыс кармап алыпмын өзүмө тийип кетти деп тамашага салдым. Ылдый качан түштүң эле? Койлор суусап токтобой койгонунан кечээ түштүм эле дедим. «Байгазак кайда? Байгазакты былтыртан бери көрө элекмин!»- дедим. Башка сөзгө келбей эле айылды карай чаап жөнөдү. Күн жылыгангабы менин оң көзүм шишиги тарайын деп ачыла баштады. Түшкө жакын ыйлап апам келди. Апамды сооротуп, журтка ээчитип келип казанга кемеге жасап берип, мен алачыкка кеттим. Мен алачыкты алып келгенче апам ун ала келген экен сонун кылып кесме жасап коюптур 6-7 айдан бери биринчи ысык тамак ичип бейишке чыккандай эле болдум. Ал күнү апам короонду кайтарып берем деп жатты. Эртеси апама көп эт берип, коркпо мен эч нерсе болгон жокмун деп, айылга жөнөтүп жибердим.

Атам 1949-жылы 4-ноябрда кеткен. Мына эми 1950-жылы 17-апрелде келди. Ошондо да ал ат жалына өбөктөп кусуп келди. Эртеси эртең менен атын токуп койду айдап Шорбашат жакты карай кетти. Кечинде койду айдап келип коюп, аттан түшпөй айылды карай кетти. Бул жерге кантип көчүп келдиң, ким жардам берди? Ким көчүрүштү деп сураган да жок. Эртеси белгилүү мыкты койлордун жоктой көрүнөт, мен кой санаганга маш элем, койду жайылып жатканда үркүтпөй эле алыстан санап койчумун, кечинде атам келгенде 19 кой жок десем, олдо кокуй ай баланча жердин аржагын карабай айдап кеттим эле калып, кой ошол жерде калган турбайбы деп аты менен чапкан боюнча кетти. Жок таппай калдым бирөөлөрдүн колуна түшүп кеткен окшойт деп кайта келди. Менин көкүрөгүмдүн өйүгөнү атамдын кой кайтарганы. Эмне үчүн атам кой кайтарса эле кой жоголот? Жоголгондо жөн жоголбой, дайым тандалмалуу койлор жоголот? Бул ой уктасам да оюмда турат. 1950-жылы Суусамырга барбай Ичке-Суунун чоң ташын жайлап калдык. Эмнегердир жайлоого апам жайлабай, капыстан эле кичи апам Шайыркул келип калды. Шайыркул апамдын келиши мага ушул эле жерден чыга калгандай сезилип калды. Көрсө ушул эле Ичке-Суу айылында Дүйшөн молдо деген жездеси бар экен, атам экөө

ушул Дүйшөн молдонукуна кыштап чыгышыптыр. Дүйшөн молдо кандай кең пейил сонун киши, эки кишини аты менен 6 ай баккан. Апамдын боюнда бар эле, ошон үчүн үйгө кетсе керек. 1950-жылы 20-августа апамдын кыз төрөгөндүгү туралуу кабар уктук. Атын Кенжекан коюшуптур. 1950-1951-жылдын кышын кичи апам Шайыркул менен өткөрдүк. 1951-жылы жазда кичи апам төркүнүнө кетип, кайрылып келген жок. 1951-жылдын жайын апам менен Суусамырда өткөрдүк. Суусамырдан түшкөндө айылга келип үч конуп, Казакстандын Аңыракай кыштоосуна көчтүк, 5 конуп, Каймаккөл деген жерине жеттик. 1951-жылы Кытай мамлекети Советтер Союзуна Торугарт аркылуу көп жылкы өткөрүп берген, ошол жылкыдан минип жүрүүгө мага бирөө тийген, чоңдугу биздин 6 айлык кулундай, оң көзү сокур каракашка эле, ойсоктоп басканы тың болучу. Тың жүрсө да боорум ооруп, эс алсын деп кое Берип, койду жөө кайтарып жүрдүм. Он беш күндөн кийин, өз атымды өзүм тааныбай калсам болобу, жалы тип-тик жоонойгон, соорусу көмкөргөн казандай, сокур каракашка карматпай тегеренип тебе тургансып улам көчүгүн салып карматпай калды. Жарым чөл казак жеринин чөбү биздин арпа менен сулуудай, аш болумдуулугу тепе-тең экен. Биз жеткенден үч күндөн кийин бороон болуп кар жаады. Суу 30 $C^0$ жетип, андай суукту көрбөгөн малга да адамга да, кыйын болду, кийген кийиминдин бармактай тешиги болсо соккон бороон бүткөн боюңду аралап кетет экен, аттарга жабуу жаап, жабуусун шамал учурбас үчүн арчындап байлап минип калдык.

Казак жери бири-бирине окшош адыр-адыр тескейине бетеге, тобулгу чыгат экен өзөнүнө жылгын, түзөңүнө баялыш деген бадал чыгат. Сөксөөлдүн кичирейтилген копиясы, кирзе өтүк менен тээп койсоң түбүнөн сынып калат, алып келип жага бер куураган жыгачтай шатырап күйө берет. Суусу шор, кыргыз жериндегидей да таза суу жок экен. Кар эритип ичип жүрдүк. Аркары кой менен кошо жайылат да кечинде кой короого киргенде жондо кала беришет.

Өзөн-өзөндүн баары кекилик, чил-баялыштын ичинин баары коен, бир сөз менен айтканда киши буту баспаган жапайы жер экен. Ал убакта кыргыз койчуларынын ар биринде экиден мылтык болоор эле. Бир эле кышта баягы кой менен кошо короо четине келчүү аркарлардын баары түгөнүп,

түгөнбөгөнү казак койчулары ээлик кылган жерлерге ооп кетишти. Казак элинин арасында кыргыз турган жерге тирүү жандык таусуп, кыргыз малы жайылган жерге чөп чыкпай калат экен деген сөз тарап кетти.

1952-жыл жаңыраарга бир күн калды. 30-декабрь күнү кечинде машина келип атамды алып кетти. Суук кабар экен! Сайпилди аялы Күлүмкан атып салыптыр. Бартак бутагынан Тентимиш Жамаке деген аялга үйлөнгөндө, Сайпил апасын ээрчип келген бала болчу. Сайпил ошол мезгилде Нарын областык НКВДнын начальниги боло турган. Атам Кыргызстандан бир айдан кийин келди. Атам жаңылык алып келди, биз 1952-жылы жайда казактын жайлоосу жайсаңдын этеги маңка сыйырды жайламак болуптурбуз. Күн ысык, кандай жайлап, кантип күн көрөөр экенбиз.

Туут башталды. Колхоз боюнча атам экөөбүз 100 койго 145-тен козу алып эң алды болдук. Аңыракай боюнча биз алдыда экенбиз. Жүн кыркуу жагынан да биз эң алды болдук. Бул жерде бир өзгөчөлүк бар экен, күн жаап өткүн өтүп кетсе эле койлордун жону курттап кетет экен, нымга чымын чычып жиберет окшобойбу. 1949-жылы август айында Молдобайды армияга алып кеткен мына эми күздө бошоп келет анда армиянын милдетин аткаруу үч жыл боло турган, кам көрүү керек, түлөө өткөрүү керек, ал убакта түлөөнү эчки союп өткөрчү менде эчки жок боло турган. Исанын Садыгын бир топ эчкиси бар, бирди сурасам берээр бекен деп ойлоп койдум ичимден. Садык экөөбүз койду дайым жанаша жаябыз эки короо койдун ортосуна түшүп алып өткөн кеткенди сүйлөшүп жүрө беребиз. Садык менден эки жаш улуу эле Саке Молдобайды таанычу быйыл Молдобай аскерден күздө келет, бир эчкиңди бер, түлөө өткөрөйүн дедим, макул тандап ал мага бир ургаачы козу бер тукум кылайын деди. Мен да макул болдум, ошол эле жерден алмашып алдык. Менин коюм жибек жүндүү асыл тукум койлор, көргөндүн бары эле кызыга беришчү. Өзгөчө казактар көп кызыгышат, көп сурашат. Алмашууга болбойт казактардыкы тажиктин кызыл койлору, мага алар жакпайт. Ошентип күндөр чууруп өтүп кетип жатты. Жайсаңдан ачып чыккан суулар азайып, сууда кылгурт пайда болуп ат сүлүк койлордун таңдайына жабышып койлорду аябай жүдөтүп жатты. Элдин бары үй ичи менен койлорунун оозун ачып, сүлүктөн тазалашат а мен болсом

койлордун кайсынысы оттой албай калганын кармап алып жайыттан эле тазалап коем. Бир күнү атам айылдан ун жана башка тамак аш алып келди да эртеси кечинде кетмек болду. Биз атам, апам мен болуп сүйлөшуп үй жайды Молдобайдын армиядан келээрин айтып сүйлөшүп олтурдук. Мен уктаганда машина камынып айылга кетмек болот, анда атам да камынып мен да айылга барам деп баягы мен Молдобай армиядан келсе түлөө кылам деген эчкини дагы бир койду алып атам, да кетип калыптыр. Атамдын кетип калганын мен билген жокмун, койду күндүн салкынына карап эртең менен саат 4-тө чыгарчумун, саат 11де үйгө койду айдап келсем атам үйдө жок экен апамдан атамды сурасам баягы эчкини, анан дагы бир койду алып түндө машина менен айылга кеткен дейт. Жүрөгүм селт эте түштү, көңүлүм айный түшүп барып араң оңолдум. Оюма бир нерсе келет бирок эмне экенин таппайм. Атамдын кылык жоруктары кудум эле ата-энесине баш бербеген тентек баланыкындай болуп баратат. Минтип жүрсө биздин түбүбүзгө жетчүдөй, койду өткөрүп айылга барбасак болчудай эмес.

Ферма башчы Маамыт дайым кой менен кошо жүрчү, ага барып койду өткөрөөрүмдү айттым, эмне үчүн кетем деп жатасың деди, мен армияга бараарымды айтып повесткамды көргөздүм. Ново-Покровка селолук советинин военно-учетунан повесткам бар болучу. Ишенип калды да бир аз ойлонуп туруп Байгазака койчу таап берем деди. «Жок болбойт, атама менден башка эч ким чыдабайт деп кесе айттым. Өзүң көрүп турасың, кой кайтарып бир күн да жанына барганын көрдүңбү?» -дедим эле ишене түштү. Жаманкул бир короо кой сурап жүрөт ошого беребиз деп койду. Сен кетээрде бир короо козуну айдай кет да Кожомкулга өткөрүп бер анан бошсуң деди. Менин көктөн тилегеним жерден табылды. Менин 19 кой 9 өзүмдүк козум бар эле, бир короо козу менен өзүмдүк койду кошуп айдап алып кетмек болбодум. Бирок ал күн качан болорун айткан жок. Менин Кыргызстанга айдап бара турган бир короо козум өзүмдүн кайтарган коюмдун козулары эле, алар алдын ала бөлүнүп Жаманкул кайтарып жүргөн, кадимки чоң койлордой болуп, айдаганга көнүп калган болучу. Мен өз короо коюмду кайтарып жүрөм. Жаманкул өз козусун кайтарып жүрөт, мен

атам келет, атам экөөбүз козуларды айдап кетебиз деп ичтен сызып жүргөм.

Сентябрь айынын 20 сына жакын айылдан машина келди, бирок атам келген жок. Боз үй жаңы койчу Жаманкулга калды, апамды төшөнчү, идиш аягы менен машина айылга алып кетти.

Апам жөнөп кеткен күнү Жаманкул экөөбүз койлорду алмаштык. Мен өз кой козуларымды алып өзүмдүкүнө кошуп алдым. Ал күнү мага койчулардан сыйлыгыштырып эки киши айдашканга бөлүп берди. Төрт конуп айдап келип Кожомкулга өткөрүп бердим. Өзүмдүн кой козуларымды да кошуп койдум. Кожомкулдун аялы менин бөлөм боло турган. Атам келсе бербе деп эскерттим.

Ой кызыкко, атам кайда, эмне келбейт? Койлорду жайгаштырып үйгө келсем, атам үйдө жок. Эч нерседен шектенбей эле, апама атам кана десем, атаң келбес жайга кеткен деп, сууз жооп берди. Кошунабыз баягы биз бөлүп жаткан коюн өткөрүп жаткан Мусуралы болучу алагды боло калганда атамдын жөн жайын сурадым. Байгазак курусун деп койду Мусуралы, ал жайдын ортосунда Сөкөнүн балдарына сүннөт той берип, Сөкөгө нике кыйдырып алган деди.

Бердибек. Адыл. Бир тууган
Бердибектен Өмөк.
Өмөктөн Самтыр.
Самтырдан Байгазак
Адылдан Май
Майдан Сыйдаалы

Сыйдалы 1946-жылы оорудан өлгөн. Сөкө ушу Сыйдалынын жесири. Сыйдалы атамдан улуураак эле. Сыйдалыдан 6 бала калган, 3 эркек, 3 кыз:

Күлүсүң
Сатыбалды
Күлжамила
Бурулсун
Шекербек
Кылычбек

Баягы, мен Молдобайга түлөө кылам деген эчкини, анан койду Шекербек мен сен Кылычбекке сүннөт той өткөрүп анан

алардын апасын Сөкөнү өзүнө нике кыйдырып алыптыр 6 баласын кыялбай бизге келе албай ошол экен. Биз да алтыбыз:

Молдобай 24 жашта
Ишенбай, мен 22 жашта
Насимкан 14 жашта
Батмакан 12 жашта
Жапанбек 6 жашта
Кенжекан 2 жашта

Ошентип атам 12 балалуу болду. Кийинки эле жекшенбиде 19 койду бүт базарга алып барып, 10000 сомго дуңүнөн эле сатып жибердим (1947 жылкы акча менен 2000 сомго Молдобайга кийим, өтүк алдым). Кап-кара булгаары өтүк тимеле адам кызыкандай таманы кып-кызыл булгаары чертсең тарсылдап үн чыгып турат, көргөндүн баары өтүктүн сонунун алдың деп, бир тууган болсоң, ушундай бол деп мени мактап калышты. 1952-жылы 3-ноябрда  Молдобай армиядан келди.

Күндөр өтүп бат эле 1953-жыл жаңырды. Ушул жерден бир аз артка чегинүүгө туура келди. 1952-жылы 7-ноябрда Молдобай учетко турам деп Кантка военкоматка кетти. Күн жылымык тартып турган, түнкүсүн кар жаап өткөн. Эртеси күн ачылып, жылымык боло түштү. Түштөн кийин Молдобай өтүгүн колтуктап, жылыңайлак келе жатат. Мен өтүктүн эмнесин аяйт деп алыстан карап турам. Жаныма келсе, өтүктүн кончу менен үстү эле калыптыр, таманы жок. Көрсө уста өтүктүн таманын, такасын картон кагаздан жасап койго экен. Сууга тийгенде кагаз эзилип калыптыр. Өмүрү кой кайтарып жүрүп чоң турмушка аралашпаган жаным картон деген кагаз бар экенин түк билбептирмин.

Дүкөн биздин үйдүн тушунда, бирок жаңы көчөгө бара турган дүкөнгө барыш үчүн биздин үйдүн тушуна жетип, анан чыгышка кайрылыш керек. Биз эски көчөдөбүз. Атам күндө дүкөнгө барып анан мас болуп калат. Жаңы аялы келип жөлөп, таяп үйүнө алып кетет. Апам кызыл жүздү киши, Кенжекан апама куюп койгондой окшош. Атамдын жеңе аялы келип атамды жөлөп, таяп алып бараткада биздин жаныбыздан өтөт. Биз жарданып карап турабыз. Апам буларды көргөндө кызыл жүзү карарып, үйгө кирип кетет. Бирок ыйлабайт,  сүйлөбөйт, эмне болсо да ичинде. Бул көрүнүш күндө кайталанат.

Атам үйүнө барыш үчүн биздин жаныбыздан 8-10 метр аралыктан өтөт, бирок дайым мас. Жанында жеңе аялы бар, дайыма колтуктап жүрөт. Апам бизге атаңар менен көчөгө чыгып, бакылдашып урушпагыла деп эскертчү. Биз бир жолу да атам менен кайым айтышып урушкан жокпуз. Атам ушул жазда бир короо козу алып жеңе аялы менен айылдын сыртына чыгып кетти. Молдобай МТС ке трактор бригдасына учетчик болуп иштеп жатат. Мен таркторддо прицепщик болуп иштеп жатам. МТС илгери (машина трактор станцииясы) деген ишкана бар болучу. Ал 1950 жылдардын ортосунда жоюлуп, колхоздордун өзүнө тике сатыла баштады. Молдобай МТС тин директору Шамрай менен тааныш экен, армиядан келээри менен трактор бригадага учетчик болуп калган. Бир күнү эртең менен эшиктен мени чакырды. Атамдын үнү чыкты, чыксам атчан экен, кызуурак көрүнөт. Камчы сап менен бөйрөгүн таянып турат. Көнтөрүш деди, сенин колуңан келет, Молдобайды күзүндө бөлөбүз, там салып бер деп атын моюнга чаап бастырып кетти. Оо, балдары үчүн кам көрө баштаган экен, деп койдум ичимден. Тамды эмнеден салам, кирпичин ким куят, ташы кайда ким тургузат, эшик терезеси кана, жыгачы кана, жамынчысы кана? Ордуман козголо албай дал болуп калдым.

Мен эми бирөөнө барбасам да эки жерден иштеп калдым. Биринчиси, атама койчумун, экинчиси трактор бригадасында чиркечмин. Трактористтен 75 % акчалай алам. Кирпич куюп Молдобайдын тамына камына баштадым. Май айынын аягынан баштап апамдын акыл эси айнып, сөзү бузула баштады. Так оюун айталбайт, сөзүнүн байланышы жок, бир сөз айтам деп, башка сөз айтып ою бузулуп калат. Эмнеден экенин эс тарткан балдарынын баары эле билебиз, чоңойуп калган балдарынан уялып, бугун ичине катып, атамдын кылык жооругунан эми акылдан адашып калды.

Менин оюм, апамдын оорусу күчөсө кантээр экенбиз. Күн өткөн сайын апамдын сөзү көбүрөөк бузулуп, оорусу күчөп бaратат. Август айы келди, апам аябай оорлоп калды. Бир күнү Насим менен Батмакандын сепкен гүлдөрү уруктап калыптыр. Гүлүңөрдүн уругу кубугуп баратыптыр. Уругун алып койсоңорчу десем эле апам кул урук деп калды, анан сүйлөгөн сайын эле кул урук-кул урук дечү болду. Ай кулурук суусап жатам, суу берчи, кулурук. Кулурук башым жапыс

болуп жатат бийиктетип койчу, дагы-дагы ошентип кулурукту кошпой сүйлөп калды.

Август айынын ортосу болуп калган. Күн ысып, ысыктан кыйналып жатабыз. Баарыбыздын ойлогунубуз апабыз Насимкан менен Батмакан. Апам сүйлөгөн сайын экөө жарышып ыйлашат, кыздар эмес мен деле ийлап жибергим келет, бирок эркек тааналык кылам. Эми апам үйдөн качып кетчү болду. Кезектешип күзөтүп калдык. Төкөлдөш деген жерде бакшы аял бар экен, ошону алып келем деп атам желиген Шекер деген бакшы аялды алып келди. Шекер баарыбызды катыштырып адегенде окуйт экен да, анан камчы менен сабайт экен. Апамды камчы менен чаап жатканда, тура калып Шекерди муунтуп, өлтүргүм келип кетти. Кыздар көзүнүн жашын көлдөтүп ыйлап жатышат. Арга түгөнгөндө баарына макул болот экенсиң апамды камчы менен чапканын көрүп турсак да, бир даба болоор бекен деп ичиңден кан өтсө да чыдайт экенсиң.

Эмки жумада келем деп Шекер аттанып кетти. Эки үч күн апам тынч жатты. Келерки жумага жакындап калган, үйгө кирсем апам Көкө жанагы бакшыны дагы алып келесиңерби деди, мен эми эмне болом деп ыйлап жиберди, муну карачы көйнөгүн чечип аркасын көрсөттү. Камчы тийген эти кыйма чийме кап кара болуп калыптыр, ичим сыйрылып ыйлагым келип муунуп калдым. Апа болду бакшы эми келбейт, бирок бизди убара кылып үйдөн качпа дедим. Апам унчуккан жок.

Баары бир, качпаса да кайтарып жатабыз. Атама коюна барып бакшы керек эмес экенин айттым эле муну жандоору дейт окумайын айыкпайт деди. Мейли айыкпаса-айыкпасын бакшы окубаса болду дедим.

Ошентип ал күнү бакшыны алып келбей калдык. Биздин үйдө болуп жаткан окуяга Молдобайдын тиешеси жоктой сезилет, эртең менен кетет, кечинде кеч келет, эмне болуп жатасыңар деп сурап да койбойт, апама да кирбейт, өзүнү бакшы келгенде апамды окуганда он минутчалык катышты да, чыгып кетмей болчу. Башка үйгө караганда, биздин үйдө оокат тиричилик мал, бир эле айырмасы атабыз башка үйдө жүрөт, башка бирөөнүн алты баласын багып жүрөт, апам ооруп жатат, айырмасы ушул.

Күндөр өөтүп жатат, шытырап, апамдын оорусу жакшырып айыга турган,түрү жоктой сезилет, айыкмак түгүл, күн өткөн сайын оорлоп бараткандай сезилет.

Жакында 1-сентябрь, мектептердде окуу башталат. Насимкан менен Батмакандын кийим кечесин, китеп окуу куралдарын алда качан эле даярдап койгом.

Окуу башталаар менен кам кете беришет. 1953-жылдын 1-сентябры келип окуу жылы башталды. Биздин үйдөн үчөө кетти окуга, Насимкан, Батмакан, Жапанбек, Жапанбек 1-класска барды.

**Эми мага кыйын болду.** Окуу башталганга чейин кыздар карачу апамды, эми мен карап калдым. Кенжекан менен Калиман болсо кичине. Жеңем болсо жумушка кетет. Апам болсо кулурук суу бер, кулурук эшике чыгам дей берет. Апамдын суроосун аткарып коюп Калиман, Кенжекан апамды сыртынан бекитип коем, мен 2 саатка Молдобайдын үйүн жасаганы кетем, санаа тынбайт, чуркап келип апамды, эки кызды көрүп турам. Өзгөчө түнкүсүн кыйн болду, менин кезегим келгенде уктап каламбы, мен уктап калганда апам качып кетеби деп корком. Менин уктап калышым толук мүмкүн эле, күндүзү кечке ылай менен иштеп чарчап калам. Койдо жүргөндө уктап жатсам да эмне болуп жатканын билип жатчумун, аным калып баратат.

1953-жылынын сентябрынын 15 терибүгүн апамды кайтарууда менин кезегим, көп чарчабайын деп Молдобайдын үйүнө барып иштемиш болуп, бир аз жыгач жонуп кайта келип, эптеп убукыт өткөрүп, кечке алаксып жүрдүм. Кечинде баарыбыз чогулуп тамак ичтик, кеч шаңдуу өттү. Баарыбыз эшике жаттык, күн жылуу эле, мен уктабай ойлонуп өткөн кеткенди эстеп жатам. Короочу атту итибиз бар аны жол жака байлап коебуз. Койдо жүргөндө да ушул итти алып жүрчүүбүз, акылдуу ит. Койдо жүргөндө бир да койду карыышкырга алдырган жокпуз.

Албетте, буга короочунун үлүшү чоң, уктап кетипмин! Биздин жолборсубуз бар экен көчө жака жолдун четине байлап коюпуз, жолборс көчөнү карай ыркырап мени карап ыркырап жатат, элдин жүрөгүн түшүрбөй бул жака алып коеюн деп ордумдан турсам, ойгонуп чын эле туруп, калыптырмын. Тураар менен эле апамды карадым, апам ордунда жок, кетип калыптыр, чуркап көчө жакты карасам эч

нерсе билинбейт. Короочу жогор жакты карап, куйругун шыйпаңдатып жатат, апалап кыйкырып көчөнүн башындагы көрүстөнгө бардым жым-жырт, бүт короо жайлар, эл эккен жүгөрү караңыда ким көрүнмөк айлам кетип үйгө келдим, апам жок деп баарын ойготтум, баары кайгырып кыздар бир сыйра ыйлап алышты. Элдин баары апамдын ооруп жатканын билишчү. Эртең менен жерге жарык түшкөндө туруп жолуккан кишилердин баарына апамдын жоктугун айтып кулактандырдым, көрдүк деген жан жок.

Жеңем Молдобай жумушка кетишти. Батмакан Насим, мен апамды издеп туш тушка тарадык, издегенден майнап чыкпагандан кийин шалдырап баарыбыз капаланып шалдырап олтуруп калдык. Канчалык кыйын болсоң да бир нерседен ката кетирбей койбойсуң, мен да үч чоң ката кетирдим.

1. Карап жатып апамды качырып жибердим.

2. Ит жогоржакты карап үрүп жаткан, итти агытып жиберсем түз эле апама чуркап бармак экен.

3. Апамды издеп апалап кыйкырып жүрөм, апам атайы качып чыкса мен апалап кыйкырганда, мен мындамын деп туралмак беле, андан көрө бир жерге жашынып олтурсам бир шарпа угулат беле кудай билет.

Ошентип апам жок, эки түн өтүп кетти. Эртең менен эрте атам келди коюмду бүгүнчө карай тур деп бир жака шашылыш бармак элем дейт, Молдобайдын үйүндө бир аз ылай калды эле ошону бүтүп барайын десем макул болду. Түштө келип атам атын берип кой баланча жерде бат бар деп кеттип калды. Ээрге куржунду байлап Саржан менен биздин чегарада бирөөлөр бакча айдаганын жазда көрдүм эле ошого барып бир эки дарбыз алып анан койго барайын деп бакчага барсам ээлери көчүп кетишиптир, дарбыз, коон тим эле жайнайт бир чоң коон куржундун бир көзүнө араң батты, бир жагына үч дарбыз салып алып койго барсам, эки короо койдун ортосунда биздин жээн Сабырбек отурат. Учурашкандан кийин ме жеп ал деп бир дарбызды бердим, мен жеп келдим өзүң жей бер дедим. Ата кудай ай суусап отурдум эле деп сүйүнүп кетти. Дарбызды бычагы менен тилип жээп олтуруп мени бир карап койду да, ээ таяке бу жер үстүндө жомоктордон укчуу элем, жес кемпир деп ошол жескемпир болду беле болсо азыр барбы? Деп сурап калды.

Жескемпир деген болгон эмес, ал аны эриккенде ойлоп табышкан дедим. Сабырбек менден 6 жаш кичүү эле. Ал мен эмне айтсам да ишене берчүү, ой таяке сен жок дейсин, мен эми эле өз көзүм менен көрдүм, ал дагы эле кызыл жардын ичинде жүрөт. Мен баятан бери коркуп, эсиме келе албай олтурдум эле, сен келип калып коркконум басылды. Ой, Сабыке, менин апам болуп жүрбөсүн бүгүн үч күн болду, үйдөн качып кетип, таппай жүрөм, дедим Сабырбек ишенээр ишенбесин билбей мени карап дал болуп калды. Сабыке койго көз бол, мен кеттим деп чаап жөнөдүм. Бейитти кокту башы Кызыл Жарга түшөт. Менин чоӊ атам Самтырдын атасы Өмөк, анын атасы Бердибек так ушу бейиттиде жатат. Бейиттинин Кызыл Жарга түшө калган жери менин чоӊ атам Самтырдын кыштоосу, апам келин болуп келгенде так ушу жерге чоӊ атамдын кыштоосуна келип түшкөн апам эмнегедир кайнатасы Самтырды аке деп тергеп калган. Мен атчан чаап келип кырга туруп калдым, бир километрчелик өргө чаап келгенге ат солкулдап демигип бышкырып турат. Апам бир чоӊ түп итмурундун көлөкөсүндө отурган экен. Туруп эле кулурук деп бет маӊдайындагы куюлган кызыл чапка жармашты, мен атты таштап апа деп чуркадым. Апам ан сайын кулурук-кулурук деп тырмактап ойдо тырмышып чыгып баратат, бирок анчалык өйдөлөгөн жок. Бул кызыл чап жон эле тоонун капталынан катту жамгырда эрип куюлуп түшүп, чаптын эки жээги кадимкидей эле чөп чыккан кыртыш мен кой кайтарып жүргөндө тоодон өйдө ылдый бирдей чуркайт элем тоонун капталы менен тике ойдо чуркап барып апамдын тушуна жеткенде кызыл чапка секирип алып апамды оӊ колтугума колтуктап кызыл чап менен куюлуп ылдый өзөнгө түштүм. Өзөндөн апамды колтуктаган боюнча өргө чуркап атка жеттим да, апамды жерге койдум, бирок жүк келгенчелик бир дабыш эткеним жок, апамда териси менен сөөгүнөн башка бир чымчым эт жок, эки колунун тырмактары каӊтарылып, тырмактарынын түбү ириӊдеген, кийиминин бир жери да бүтүн эмес, баары айрылган. Караган тытпаган шыйрагы жок, баары канап жүрөт башында жоолугу жок, кебетесин көргөндө ыйлагым келип, бирок ыйлабай муунуп калдым. Болбой эле мөлт деп жаш чыгып баратат, апам көрбөсүн деп атты карай бастым, канжыгадан коонду чечип келип, апа курсагыӊ ачса коон же, деп алдына коонду койдум

эле  кулурук курсагым ачкан жок, акем эртең менен улак союп этин жэп жаңы эле тарадык, деди. Ккарачы оорунун күчүн мындан 25 жыл мурунку өткөн окуяларды кишилерди тирүү аралашып жүргөндөй элестеткенин, ошолорго аралашып сүйлөшкүсү келип, чоң атамдын кыштоосуна үйдөн качып келип түнөгөн тура! Апа улактын этин жесең суусадың го, бир тилим коон же деп коонду тилип өзүм жемиш болуп, тилимдерди апамдын алдына койдум апам татып көрүп ии таттуу экен деп эле жеп жатат мен жемиш болуп отурам төрт айдан бери жашылыктуу тамак ичпеген апам жети сегиз кsurvival килолук коонду бүт жэп койду. Унчукпай турдум да апа атка минип ал дедим, жок минбейм жөө эле басам деп болбой койду, мен да атты жетелеп жөө апам менен катарлашып басып алдым.

Койго чейинки аралык бир километрчелик эле Сабырбек апамды көрүп жер карап калды да, бир маалда башын көтөрүп таяке мен кеттим деп аттанып кетти. Күн саат беш болуп кечтеп калгандыктан койлорду жылдырып айдап айылды карай жөнөдүк. Мындан алты жети күн мурун күн каттуу жамгыр жаап кеткен жерге көк чыгып койлор көк кубалап чуркап жайылып баратышат, мен атчан апам жөө. Бир маалда койдун батыш жагы көк кубалап чуркап барат чаап барып кайрыйын деп атты каттуураак желдирип баратсам, ат мудурулуп менин үстүмөн ала салып барып ашып жыгылды. Ат ала салганда ээрдин кашы дал көкүрөгүмө келип, көкүрөк сөөктөрүм кычырай түштү кулурук өлдү деген апамдын үнү угулду андан кийинкисин билбейм,  эсим оой түшүптүр көзүмдү ачсам бир саксайган жаман кыз ыйлап отурат мен-мен күнөөлүүмүн, мен болбосом мындай болмок эмес деп үңүлдөйт, жарым мүнөтчөлүк эс акылымды жыйып эсиме келсем ыйлап олтурган жаман кыз апам экен, тура калдым, башым айланып отура калдым, бир аздан кийин эс алып акылыма келип атты карасам оттоп туруптур, ии ат эч нерсе болгон эмес экен деп ойлоп койдум. Ой апа ыйлаба, мына мен эч нерсе болгон жокмун дедим, ооба бир топ жатып калдың деп апам ыйлап басылбайт. Булардын баарына мен күнөөлүүмүн, мен болбосом мындай болмок эмес, деп апам болбой ыйлап жатат, араң бастым. Койду айылдын сыртына жайып таштап, атты жетелеп үйгө келдик балдардын баары

үйдө экен, кыздар апасын кучактап чурулдап ыйлап жатып бир маалда басылышты.

Кеч кирип, кыздар кечки тамака кам ура башташты, Молдобай, жеңем жумуштан келишип, үй бүлө баарыбыз чогулуп, чечекейибиз чеч болуп, чеч кап менен бир болуп баарыбыз жайдары бакылдашып жатабыз. Бир жыл ооруп анан бир күндө айыкан апам, балдарын улам бирин башынан жыттап жатты. Кайта –кайта эле эми качпайм качам деп көкөмдү өлтүрүп ала жаздадым деп, баягы эле менин атты жыгылганымды кайталап жатты. Сүйлөгөн сөздөрүнө караганда мындан беш –алты жыл мурун кандай сүйлөсө, так ошондой бузулбай сүйлөп жатты.

Бир жыл ооруп, анан үйдөн качып кеткен апам, минтип сөзү бузулбай соо кишидей сүйлөп калган апам, кызык эмнеден айыкты. Баягы кулуругун да кошпой сүйлөп калды. Бизди азапка салган апам минтип бир саатта, жо-жок бир саата эмес бир минутта айыккан апам биздин кашыбыз да жайдары да, тамакты да батыра ичип оңолуга баш койду. Арыктыгы эле болбосо соо кишидей болуп калды.

Кызык, апам эмнеден айыкты?

Батмакан Насимдер апамды таладан таап алып, айыга тургандары, берип анан Көкөм үйгө алып келген деп, тамаша кылышаар эле. 1954-жылдын жазына чейин апам мурунку калыбына келип калды. Андан кийин башым деген жок. 1976-жылдан баштап бутуна шишик түшө баштады. Бөйрөгүм ооруйт деп калаар эле. 1953-жылы ооруп үйдөн качып кеткенде чоң атамдын кыштоосуна барып, сыз жерге жатып бөйрөгүнө суук тийген деп чечмелеп койдум, бирок эч кимисине айтканым жок. Ошентип күндөр шыпылдап өтүп жатты.

Атамдын туулган жылы 1901-жыл 17-май эле, апам да 1901-жыл, бирок ноябрдын аягы болчу. Ахалап жатып 1979-жыл келди. Апамдын оорусу катуулап калды. Врач Сагынбаева Алтынчачты бир нече жолу үйгө алып келип ийне менен дары сайып, шишигин таратып суусун айдап жиберет. Бирок болбой эле бир эки күндөн кийин кайта шишип баштайт. Врач эч нерсе айтпаса да түшүнүктүү болуп турат. Соодада иштегендер ар айдын 1, 8, 16 -24 отчет берээр элек, 16- августа отчет күнү жыйналыш болуп мага Кыргыз Керек жарак Союзунан конверт тапшырышты, эмне экен ач-ач деп

чуулдашты, ачпай эле койсун деп бир далайы айтышты, эки тарап болуп калгандан кийин башкарма Назаров Д.К. колго салып жиберди, ачсын деген тараптын колу көп болуп, айла жок ачууга туура келди. Ачсак 1979-жылы 23-августа боло турган Кыргызстан кооператорлор союзунун 2-сьездине чакыруу экен. 1979-жылы 21-августа апам кайтыш болуп кетип, 23-августта жерге койдук, ошентип кооператорлор сьездине катыша албай калдым!

## БАРТАК

Бартак болсо азыр Бартак атыгып жүргөн уруунун түпкү теги. Бартак азыркы Ысык-Ата курорту жайгашкан жерди мекендеп өткөн. Бартактын аялы Суусар бир гана бала төрөгөн. Баласынын аты Айтпай.

Ошол жоокерчилик заманда, бир кагылышта Айтпайдын жүрөгүнө найза тийип, найзанын учу сынып, сыныгы жүрөгүндө кала берген. Аты менен чаап келип, үйүнө жетип жыгылган. Бартак Кулжага табып алып келүүгө чабармап жиберет. Чабарман табыпты алып, төрт күндөн кийин келет. Тыбып келгенде Айтпай али тирүү эле.

Июль айынын аягы болгондуктан күн ысып, Ысык-Ата дарыясы кирип таш-ташка урунуп, эзилип, суу аппапак сүт болуп агып жаткан мезгил экен. Суусар апам табып келгенде жалгыз баламдын жамандыгын көргөзө көрбө деп кудайга жалынып, суу жээктеп басып туруптур. Табып Айтпайдын жарасына дары сыйпап найзанын сыныгын сууруп алган. Найзанын сыныгы суурулгандан кийин Айтпай жарык дүйнө менен кош айтышып, жан таслим болгон. Үйдөн чыккан үн – байбиче Айтпай көз жумду дегенде, а кудай жалгыз баламдын жамандыгын көргөзө көрбө, деп тиленип турган Суусар, аа деп бир бакырып эси ооп, сүттөй аппак кирип турган сууга кулап кетип өлүгү табылбай калган.

Мына ушундай кайгылуу окуялар болуп жатканда Бартактыкында анын теңтуш курбулары Койкоңназар менен Дордобаш Бартактыкында болушкан. Алар бир айды да кур кетирбей ар жылы Бартактыкына келип аркар, эчки-теке элик атып кумардан канып, жайлап кетип турушкан. Алар дайым тоодо ат минбеген жөө күлүк мергенчилер болушкан.

Азыркы Ысык-Ата арашаны.

Илгери Бартак атам турган журту болгон.

Сабаадан кымыз бышып Суусар апам Койкоңназар Дордобашка сунган журту Айтпайдын сөөгү Жарбашы көрүстөнүнө коюлду. Ал убакта ал жерде эч кимдин мүрзөсү болгон эмес. Жарбашы көрүстөнүн Айтпайдын мүрзөсү биринчи негиздеген. Ошентип күндөр өтүп Айтпайдын кыркына Бартак, Рыскул, Койкоңназар, Дордобаш болуп камынып жатышты. Айтпайдын кыркына бараткан эл Жарбашынын тушунан суунун жайылган жеринен кечип, аркы өйүзгө өтүп баратышып көбөөсүнө  кундуз кармаган кемселдин этеги кумдан чыгып жатканын көрүп казып алышса Суусар экен. Бартака кабар беришип ошол эле күнү Суусарды, баласы Айтпайдын жанына коюшкан. Айтмакчы Койкоңназар азыркы Кашка-Суу айылынын батыш жагындагы Арчалуу айылынын түпкү теги.

Дорбобаш болсо жолдун алды Бошкой элинен болгон.

Ошентип Бердибек үч жаштан ашканда атасы Айтпай өлүп, көтөрүп чоңойткон чоң энеси Суусар өлүп жетим кала беришти.

Бартак: Бартактан Айтпай

Айтпайдан: Бердибек, Адыл

Бердибектен: Акмелтей, Өмөк

Акмелтейден: Түлкүбай

Түлкүлбай 25 чыкканда атасы Акмелтей экөө катары менен өлүп, аягы уланбай калган.

Өмөктөн: Самсаалы, Самтыр, Бөлөкбай

Самсаалы аял албай кечил болуп өткөн. Бөлөкбай аял ала электе жаш өлгөн, аягы уланбай калган.

Самтырдан: Байгазак

Байгазактан: Молдобай, Ишенбай, Жапанбек

Молдобайдан: Кылымбек, Азамат, Семетей

Кылымбектен: Чоро

Чородон:

Азаматтан: Шергазы, Токтобек

Шергазы:

Токтобекн:

Семетей:

Ишенбайдан: Мурадин, Сапардин, Самүдүн, Саринжи, Чынтемир

Мурадинден: Аккан, Белек
Аккандан:
Белектен:
Сапардинден: Адилкан, Бартак
Адилкандан:
Бартактан:
Самүдүндөн: Мурас
Мурастан:
Саринжиден: Баатыр
Баатырбектен:
Чынтемирден: Шадман, Ислам
Шадмандан:
Исламдан:
Жапанбектен: Тагай, Ногой
Тагайдан:
Ногойдон:
Атпайдын экинчи баласы Адылдан: Балбак, Багыш, Барман, Мамыр, Май, Кул
Балбактан: Орозбек
Орозбектен: 7 бала болуп баары бир айдын ичинде улуу тумоодон (чечектен) өлүшүптүр, Орозбек өзү 1955- жылы, ноябрь айынын ортосунда өлдү.
Багыш, Барман, Мамыр, Кулдан тукум жок.
Майдан: үмөтаалы, Маки, Дөөтаалы, Сыйдаалы
Үмөтаалыдан: Чаадан, Мырзабек
Мырзабектен: Урмат
Урмат өлгөн. Маки, Дөөталыдан урук жок.
Сыйдаалыдан: Сатыбалды, шекербек, Кылычбек
Сатыбалдыдан: Шамил, Алмаз
Шамилден: Ураан, Миңбай
Ураандан:
Миңбайдан:
Алмаздан: Улан
Уландан:
Шекербектен: Бакыт
Бакыттан:
Кылычбектен: Асиз
Асизден:

Бартактын аялы өлүп, ошол аялынан төрөлгөн Айтпайдан калган Бердибек менен Адыл неберелеринен, азыркы таралгандар мына ушулар.

## БАРТАК ЖАЙЛОО

Туюк ашуусунан өзөндүн агымына карай, башкача айтканда түндүктү карай, туюктун өзөн суусунун батыш жагы, аягы туюк суусунун Ысык-Ата суусуна (дарыясына) куйган жерине чейин, ошол эки өзөн кошулган жерден түштүктү карай Ысык-Ата дарыясынын чыгыш жагына Миң Жылкыга чейин, Ысык-Ата дарыясынын алкымынан Туюк ашуусуна чейин, ушул үч бурчтук зор аймак Бартак жайлоо деп аталат.

Бартак болсо биздин түп атабыз!

Бартак бул жайлоону өзү эле барып, бул жер меники болот, деп ээлеп алганбы, же башка себеби барбы. Албетте себеби бар.

Илгери мындан жүз жыл балким андан да мурун, жаштын улуулугун эмес. түпкү тегинин улуулугун улуу дечү экен. Улуу адамдан тараган муундарды элдин өзөгү деп, андан тарап бөлүнүп чыккандарды кичи муундар дечү экен.

Эмесе санжырага кайрылалы, санжыра Солтодон бери эле болсун.

Солто

Солтонун улуу баласы Култуу

Култуунун улуу баласы Адына

Адынанын улуу баласы Элчибек

Элчибектин улуу баласы Бартак

Солто элинин бир жыйынында Кегети Капчыгайынын оозунда болгон кеңеште Солто уруусунун улуусу болгон Элчибекке Ысык-Ата жайлоосу түбөлүккө берилген. Элчибек ошол жерди улуу баласы Бартакка эл алдында Ысык-Ата жайлоосун ыйгарган. Мына ошентип Бартак Ысык-Ата жайлоосуна ээлик кылып калган.

Азыркы Ысык-Ата арашаны

Илгери Бартак атам турган журту болгон.

Сабаадан кымыз бышып Суусар апам

Койконназар, Дорбобашка сунган журту деп айтылып келген.

Азыркы Ысык-Ата курорту илгери Бартактын журтуна негизделген курорт. Жайлоосу Ысык-Ата, ал эми кыштоосу азыркы Жарбашынын карагандуу колоту болгон.

Бартак өлгөндөн кийин ошол Ысык-Ата жайлоосун ушул күнгө чейин Бартак жайлоо болуп кала берди. Азыр эл ичинде бала Бартак Чоң Бартак деген сөз бар, бул такыр негизи жок сөз, жөн эле Бартак Жайлоо деп аташ керек.

Бартактын тушунда андан кийин ушу азыр биздин күндө деле Туюктун суусу Ысык-Ата дарыясына куйган жерден өйдө карай Карагай Булака чейин Жалайыр, Кутумбеттер жайлап, анан биринен-бири каерге көчүп бардың-деп сураса, тээ-тиги бөксөгө эле бардым десе, анда ылдый бала Бартакта эле турбайсыңбы, деп олтуруп, анан акырындык менен бала Бартак, Чоң Бартак атыктырып жиберишкен. Бала Бартак, Чоң Бартагы жок эле. Бартак жайлоо деп аталат. Жалайыр, Кутумбеттер булар азыркы Сың-Таш айылынын эли.

Эмне үчүн Бартак жайлоо атаганынын
Калың эл Карбаластап билбей калды
Замана башка жолго түшүп кетип
Бир үзүм урпагыңа тийбей калды

## САМТЫР

Байгазактын атасы менин чоң атам. 1850 жылы туулган, айы күнү белгисиз. Чоң атам атама чейин төрт кыздуу болгон. Албетте башка кишилердей эле биринчи балам эркек болсо экен деп тилеп жүргөн, бирок табиятка даба жок да.

Ошондой болсо да, биринчи кызың сонун болот турбайбы деп, атын Сонунбүбү койгон. Анан бала жытын сагынып калдык деп, Сагынбүбү койгон, анан үчүнчү кызы төрөлгөн, кайта кайта эле кыз тууй береби, жанылса боло деп, үчүнчү кызынын атын Жаңылбүбү койгон. Тилеке каршы, төртүнчүсү да кыз болуп калган, атын Канышбүбү койгон.

Анан кыздарынын апасы катту оорудан кийин кайтыш болуп кетип, чоң атам бир топко бой жүрүп калган. 1900-жылы Бүбүалый деген кызга үйлөнүп, 1901 жылы 17-майда уулду болгон. Ошол күнү үйүнө тогуз кыдыртып

Кочкорбайдан (Балхаштан), Эсиркеп деген казак келип конгон.

Мейман жолу улуу деп, уулумдун атын коюп бер деп сүйүнүп кетип, Эсиркептин төөгө аркан эки кап тузун бир ат барип сатып алган. Самтыр ага менин эки кап тузумду бир атка алып, мени байытып салдың, мен бай казак болдум. Уулуңдуң аты Байказак болсун дептир, анан орусташкан документтешкен заман келгенде Байгазак болуп калган.

Чоң атам уулуна эч убакта эч нерсе айткан эмес, аман болсо болду деп тим койгон. Атам болсо өз көзү менен дүнүйөнү кандай көрүп тааныса, ошол боюнча кала берген. Кийин үйлөнгөндө деле үйүнө жолобой кетип, үч айда бир келип козу жеп, тоюнуп кайра кетип турган.

Колхоз курулганга чейин ойногону кумар, ичкени арак, бозо жоро менен өмүр сүргөн. Чоң атам бай киши болгон, болгон малын ортого салып берип, Украинага сүргүнгө барбай калган.

Ошентип биз бирөөнүн 10 чарчы метр кепесинде жашап калганбыз. Чоң атам 1937-жылы февралдын орто ченинде 87 жашында өлдү. Атам 96 караганда 1996- жылы 26-апрелде көз жумду, 28 апрелде жерге коюлган.



***Автордун атасы Самтыр уулу Байгазак***

# ЖЕРДИН СҮРӨТҮ

Азыркы биз топурагын таманыбыз менен басып турган Жер –Эне. Күнүнө жылынып, абасынан дем алып, суусунан жутуп топурагына жашообузга керектүү тамак ашты өндүрүп алып жаткан. “Жер-Эне” качандыр бир убакта, мындан беш жарым миллиард жыл мурун жердин жашын изилдеген. Илим ушундай дейт, атмосферасы 98% азоттон 2% башка инертүү газдардан турган, кылчайган чөбү жок, тамчы суусу жок, ар кайсы жерде анча бийик эмес таш чокулары бар. Атмосферасы ысык, от бүрккөн вулкандары атырылган, таш чокулардан ыпырап түшкөн кумдары майда, таштары учуп, бардык жерге жеткен. Эч кандай өзөнү жок, тоосу жок, дөбөсү жок, ар кайсы жери башка космостук телолор менен согушуп аябай бомбаланган. Бомбаланган жеринин кээ биринин терендиги он бир километрге жеткен, эч кандай тиричиликтин белгиси жок. Кызгылт сары көрүнгөн бир жылдыз экен. Бомбалануудан ыпырап учуп чыккан продуктылар: кум, таш, топурак. Жердин ал кезде тартылуу күчү жок болгондуктан кайрылып жерге келген эмес, биротоло аалам мейкиндигине тарап кеткен. Бомбаланган жерлери аң-ойдуң кала берген. Азыркы атагы чыккан аралдар Гвинея, Жаңы-Зелландия, Австралия, Куба жана айланасындагы майда аралдар, Чоң-антия, Кичи –Антия кырка аралдары, Гаити, Таити, Тумбукти Сейлеш, Науру, Мадагаскар, Кашкое Тейкос, Барбадос Жапан аралдары жана Курил кырка аралдары толгон токой миңдеген аралдар, булар Жер-Эненин качандыр бир убакта көптөгөн асман телолору менен урунбай аман калган жерлери. Жер-Эне ушинтип бомбаланып атмосферасы улуп-уңгуп, кургак бороонго айланып учуп, кум ташын учуруп бир тамчы суусу жок, кылайган чөбү жок жылаңач ааламга айланган. Ал убакта ааламды тескеп көз салып турган адамга окшош акылдуу жан жок болгондуктан, ким билсин анын ушул ал аквалда канча жатканын, канча убакытын өткөнүн эч ким билбейт. Балким санаганга убакыт жеткис эки – же үч миллиард жыл өткөндүр балким андан да көп убакыт өткөндүр. Иши кылып көпкө чейин жылаңач жатты. Бир эле нерсе Жер-Эненин орбитасы ошол эле убакта калыптанып калган өңдүү. Буга Жердин көрүнүшү далил. Мына ушундай ал абалда жатканда аалам кеңдигинен эбегейсиз зор

өлчөмдөгү Жердин үчтөн бир көлөмүнчөлүк 5-10% ти кумдан, 90-95% тоңгон суу муздан турган астериод. Жердин орбитасына адашып кирип келди. Ал убакта жердин тартылуу күчү жок болгондуктан жер менен анын өтө эле жакын бир багытта учуп жүрдү. Бар болгону Жер өз орунда тегеренсе астериод ала салбай, тегеренбей самолет сыяктуу каалгып бир калыпта учуп жүрдү.

Жердин атмосферасы ысык, жер менен астериоддин аралыгы жакын болгондуктан, астериод эбегейсиз тездик менен жерге куюлуп түшө баштады. Астероиддин жерге караган бети эбегейсиз зор болгондуктан бардык эле жерде суу эбегейсиз чоң насостон коюлгандай шаркырап жерге куюлуп түшүп жатты. Куюлуп агып келип жаткан суу жердин кайжагы эңкейиш болсо, ошол жака эң керектүү күч менен агып, өзү менен кошо космостун чаңын болгон бош топуракты агызып ойдуңдарды толтуруп, эшилип дагы эңкеиштерди карай агып жатты. Сууга аралашкан топурак суюк, камырдай килкилдеп нечендеген ойдуңдарга толуп тунуп жатты. Топурак кошо баягы суу келе элек кезде кургак бороонго учуп жердин бетин ээлеген кум, таштар кошо агып түшкөн суу, аска таштардын арасына кычыктарына кирген суу, өзү менен кошо кургак бороондо кирген топурактарды тап-таза жууп тездик менен агызып кетип жатты. Аска таштардын эң төмөнкү кирген жерине суу кирип, эң төмөнкү түбүнө карай агып жатты. Аска таштардын түбүн карай агып, таштардын арасынан жол таап жердин Ядросун карай агып, ал жактагы жогорку ысыктан бууланып, кайра буу, таштардын арасынан атылып сыртка чыгып, аябагандан ысык гейзерлерди пайда кылды.

Азыркы жердин булуң бурчтарындагы гейзерлер ошол жер үстүнө суу адеп келгендиги эле гейзерлер. Аска таштардын арасынан кирген суу тынбай ысыка кабылып тынбай бууланып, атылып сыртка чыгып, ошол байыркы эле боюнча уланып жатат. Жапан аралдарынын түндүгүндөгү гейзерлер, Камчаткадагы гейзерлер жердин башка булуң бурчтарындагы гейзерлер, боткодой буркулдап кайнап жаткан ылайлар, ошол жерге биринчи суу келгендеги атылып чыккан боюнча дагы эле атылып жатат. Ал атылып чыгып жаткан гейзерлердин башка да толгон токой ысык булактар, так ошол гейзерлер сыяктуу жердин Ядросун карай барган суулар да ысыкты жеңе албай, Ядродон кайта кайрылып, башка жактан

таштардын арасынан жол таап анан жолундагы заттарга каныгып дарылык кесиети  бар булактарга  айланып сыртка чыгып калууда. Аска чокулардын түбүнө өзөн суусундай шаркырап куюлуп жаткан суулар таштардын көбөлүндөгү топурактарды жууп, өзүнө жол таап, көптөгөн километрге агып, анан жабык өзөн түзүп, тынбай агып тургандыктан, анын нугу дагы ылдыйлап таңгаларлыктай табийгый үңкүрлөрдү түзүп, анан дагы башка жака агып кетүүдө. Мисал үчүн жердин батыш бетиндеги Венесуеладагы зор үңкүр, Грузиядагы зор үңкүр, Уралдагы Копобайдең үңкүрү жана башка Жердин булуң бурчтарныдагы үңкүрлөр, суу, жер үстүнө адеп келгендеги суу жер астынан агып таштардын арасын жууп жасаган үңкүрлөр. Бул суу жасаган табигый үңкүрлөргө  аябагандай чоң миллиондогон атүгүл миллаардаган жылдардын өтүшү менен тоңгон муз сыяктуу сталактиттер-сталагмиттер сыяктуу салаңдап калган. Эми ал үңкүрлөрдү караңгыны сүйүүчү жандыктар ээлик кылып алышкан (Курттар жарганаттар), эми ал үңкүрдү өз көздөрү менен көрүш үчүн адамдар (туристтер) агылып барышууда.

Тиги түпкүрдөгү байыркы кезде Жер-Эненин үстүндө астериод эрип жердин үстүнө шаркырап куюлуп жатты, топурак суу менен эрип кошо агып ойдуңдарга толуп килкилдеп уюп, андан суу ары эңкейиш жакты карай агып, жердин үстнө толо баштады. Жер өз огунда айланып жатты. Астероид эрип жатты. Аскалардын түбүнө кирген суу ар кайсы жерден жол таап, булак болуп сыртка чыгып жатты. Жол таппаганы жер алдындагы ойдуңдарга сарыгып чогулуп жатты. Азыркы жер үстүнө чыгып жаткан:

- калдарий (ысык ) булактар;
- тегидарий (жылуу) булактар:

Оригидарий (муздак) булактар, жердин үстүнө суу келгенден баштап эле анан улуу айланпадан суу келип ушул күнгө чейин чыгып жаткан булактар.

Суу жер үстүнө шаркырап куюлуп жатты. Жер менен кошо айланган астериод канча убакта эрип бүттү? бир жылбы? Бул өтө аз, беш жылбы, бу да аз. Он жылбы? Бу да аз! Менимче элүү жылда эрип бүттү окшойт. Мен жогоруда келтирилгендей Ааламды тиктеп көз салып турган адамга окшош ал убакта акылдуу жан жок болгондон кийин, астероиддин канча убактыда эрип бүткөнүн эч ким айталбайт.

Мына эми астериод бүтүндөй эрип бүтүп, болгон массасын жерге берип жер менен кошо бир дене болуп, Ай ааламды айланып калды.

Жер болсо кудум жамгырдан кийинки түз эмес ой чуңкурлуу жасалган асфальт аянтка окшош көлчүк –көлчүк болуп жаркырады да калды.

Астериод эрип бүткөндөн кийин Жер бетине миллиондогон көлчүктөр, миңдеген көлдөр, нечен ондогон деңиздер анан Жердин баягы, суу келелек кездеги кургак кездеги бомбалануудан пайда болгон зор ойдуңдарга суу толуп мелтиреп жер бетинин жетиден алтысын суу ээлеп калды. Жердин атмосферасы турукташа элек болгондуктан ал бир топ жылуу болгондуктан, бир канча жыл өткөндөн кийин баягы майда көлдөр, көлчүктөр тып тыйпыл соолуп кургап суу менен кошо барган кумдар көлмөлөрдүн ордуна кала берди.

Суунун келиши менен Жердин бети болуп көрбөгөндөй өзгөрдү

Биринчиден, Жердин атмосферасында суунун өтө көп санда буулануусу пайда болду. Биринчи келип түшкөн суу ысык. Таштарга тийгенде казан кайнагандай суу бууланып чыгарып астероид эрип бүткөнгө чейин жана андан кийин да нечен ондогон жылдар бою кою туман сыяктуу басып турду.

Экинчиден, баягы суу келе элек кездеги анча бийик эмес таш чокулар, эми туш –тушунан бош топурагы суу менен жуулуп агып кетип, жылаңачтанып бир нече ондогон жылдар жуулгандын эсебинен эми 7-9 километрге жеткен таш чокулардай болуп калышты.

Андан башка топурака көмүлүп көрүнбөй жаткан таш чокулар, таш тоолор миңдеп жүз миңдеп, аранын зор тишиндей арсайып жылаңачтанып калышты. Арсайган таш тоолордун этегинде миң деген, миллиондогон ар түрдүү формадагы топурак тоолор узун-узун өзөндөр кокту-колоттор ар түрдүү салаа-салда сайлар пайда болду. Алардын ар кайсы жерлеринен тиги таш чокулардын боорлорунан сарыккан суулар жол таап сыртка чыгып булак башат болуп агып калышты.

Үчүнчүдөн, суунун келиши менен Жердин атмосферасы кескин салкындай түштү атүгүл тиги бийик таш чокуларга

кар жаай баштады. Ал эми бийикке көтөрүлгөн буулар салкындыктын касиети менен бири-бирине кошулуп оорлоп эми жер үстүнө тынбай нөшөрлүү жамгыр жаап жатты . Өтө күчтүү жааган жамгырдан тиги топурак тооолордун кебете кепширин аздап болсо да өзгөрүп, жамгырга эзилип агып жатты.

Мына ошентип биздин Жер-Энеде суунун касиети менен Ааламда биринчи болуп эң улуу айлампа башталды.

Төртүнчүдөн, аска таштардын миңдеп сандап топурактан жуулуп ачылышы менен Жерде башка планеталарга караганда күчтүүрөөк тартылуу күчү пайда болду. Ошентип суунун келиши менен Жер өзүнө тиешелүү сапатка ээ болуп калды. Мындан башка да жамгыр тынымсыз жаап, жамгырдын тамчылары өзү менен кошо азоттун эң майда чаңын жугузуп топуракка сиңип, эми жер үстүнө жашыл аалам жаралуу касиетин түзүп кыртышка азот топтоло баштады.

Адепки убактарда суунун көп бууланышы менен жамгыр тынымсыз көп нөшөрлөп жаап турду. Жамгыр өтө тез-тез жаашы менен өзөн суулары ташкындап, бош тупуракты агызып, түздүктөргө жайпап, тундуруп нечен-нечен мелтиреген талаалар пайда болду. Убакыттын өтүшү менен көлчүктөр соолуп эми кезек көлдөргө келип жетти.

Бирок көлдөрдүн баары эле тегиз кургап кетти деп ойлоо да кыйын. Албетте кезек кайсыл көл кичине, тайыз болсо, ошол көл биринчи кургаган чыгаар. Бирок, дароо эле кургап кетти деп ойлоого мүмкүн эмес, а балким жүз жолу соолуп, анан улуу айлампадан жүз жолу суу келип, толуп акырындык менен убакыттын өтүшү менен анан кургаган чыгаар. Улам кичинеси жана тайызы кургап, кайра кардан, жамгырдан, селден суу келип толуп олтуруп көлдөрдүн кургашы бир нече миллион жылдарды камтыса керек.

Көлдөрдүн суусу кургап куму калып, кургаган көлдөрдүн эсебине бүтүндөй жер ааламдын үстүндө кургактыктын көлөмүн кеңейтип жатты.

Мына ушундай кубулуштар жүрүп жатса да Жер-Ааламдын үстүндө али кылайган чөп жок, кыбыр эткен жан жок эле. Экватордо суунун толкуну урбай турган жээктерде көлдөргө суу аралашпай тынч турган жээктерде Ааламдын жашыл посолу болгон, бир клеткалуу ачык,

жашыл түстөгү суу балырлары пайда боло баштады. Суу жээктеринде акырындык менен камыш, жекендер дүркүрөп өсө баштады, анан аздан болсо да топуракттуу кыртышка ар түрлүү чөп-чар бадалдар жыгачтар өсүп жатты. Улуу айлампадан келген суунун эсебинен топуракта болуп көрбөгөндөй жашыл аалам пайда болуп жатты. Суу келгенден бир миллион жыл өткөндөн кийин жердин өңү өөдөтөн караган, көз салган адам болсо, жашыл тукаба жапкан зор шаарга окшоп көрүнмөк. Жашыл аалам жаралыш үчүн жерге суу гана керек болчу. Жердин атмосферасында азот бар, кыртышында суу менен барган азот бар, өсүмдүктөрдүн өсүшү үчүн суу, күн, азот гана керек, эми анык керек болгон үчөө биргелешип жашыл ааламды жаратып жатышты. Өз кезегинде жашыл аалам болсо ууну ичине тартып уудан бал жасап бири менен бири чаңдашат, жылына миңдеген ар түрдүү чөп- чар, ар түрдүү бадал ар түрдүү дарактар пайда болуп жатты.

Бул убакта Жердин атмосферасында кислороддун тутуму бир топ деңгеелге жетип калган эле. Мына ошонтип атмосферадагы зыяндуу газды жутуп, алып, пайдалуу кислородду сыртка дем чыгаруу ыкмасы биздин Жер-Энеде ааламда биринчи болуп башталган.

Суу биринчи келип, Жердин үстүн жайпаганда океандардан башка көптөгөн деңиздер пайда болгон, ал деңиздердин көбү өтө тайыз болгон, убакыттын өтө чоң өтүшү менен эми тайыз деңиздер тартылып, кээ бири кургай баштады, албетте баары тегиз кургаган жок. Аралыктары өтө узакка созулуп кургаган ыраңдуу, а балким эки жүз миң жылдык, а балким төрт жүз миң жылдык, а балким бир миллион жыл аралык менен кургагандыр. Ошол деңиздердин ордуна суу менен барган кумдар гана кала берди да ал деңиздердин ордуна азыркы атагы чыккан чөлдөр пайда болду. Бул чөлдөр Жердин аркы бетинде Невада чөлү, орто чыгышта Сурия чөлү, Чоң нефуд, Кичи Нефуд чөлдөрү, Руб эль Хали чөлү, Аравия чөлү Африкада Ливия чөлү, Нубия чөлү, Калахари чөлү. Невада чөлүнөн башкасы Кызыл деңиздин айланасында өтө тайыз жээктерде биринчи пайда болгон чөлдөр. Эми булардан башка да биздин айланабызда да чөлдөр бар. Булар Кербала чөлү, Такла-Макан чөлү, Тар чөлү, Алашан чөлү, Гоби чөлү, Казактын куму, Кызыл куму,

Кара-Куму пайда болду. Бул чөлдөрдүн баары Жер үстүнө эч кандай тирүү жандык жарала элек кезде деңиздер кургап пайда болгон чөлдөр. Булардан айрымаланып Сахара деңизи эң кийин кургаган. Сахара деңизи кургаган убакта Жер үстүнө тирүү жандыктар жаралып бир топ калыптанып калган убак болгон. Буга Сахара чөлүнүн азыркы көрүнүшү күбө. Сахара чөлүнүн кай жерине барба, деңиз жандыктарынын сөөгү чачылып жатат. Ошол эле убакта башка чөлдөрдүн эч жеринде бир да деңиз жандыктарынын сөөктөрү жок.

Албетте деңиздердин кургашы ар бириники ар башка убактарда болуп, кээ бириники нечен олчойгон жүз миңдеген жылдарды камтыган өңдүү. Бир эле нерсе ачык, ал деңиздер кургаган убакта эч кандай тирүү жандык жок болгондуктан, ал деңиздердин кургашы эч кимге эч кандай зыян алып келген эмес. Ал деңиздер кургаганда аба ырайы Жерге зыянын тийгиздиби же жокпу, ал тууралуу күбө болгон бир да окуя жок.

Биздин күндөрдө кургаган Арал деңизи Адам жер үстүнө кылкылдап толуп, кумурскадай кайнап турган убакта кургагандыктан, албетте жалпы адамгерчиликке зыяны тийип жатат. Өзгөчө Арал деңизинин батышы менен түштүгүнө жайгашкан Кара-Калпак элине, элдин ден-соолугуна туздун ак keберлери шамал менен учуп абаны тузга каныктырып туз менен тирүү жандыктар дем алып ден-соолуктары бузулууда.

Арал деңизинин кургашын, Адам баласынын Аму менен Сыр дарыяны сугат тармактарына буруп кеткенден көрүп жүрүшөт, бир чети туура, бирок Арал деңизи азыркы деңиздердин эң тайызы болчу, Адам баласы жер үстүндө жок болсо да табийгый заң боюнча Арал деңизи кургоонун №1 кандидаты болчу. Удаасы менен бир нече жыл кургакчылык болуп калса, Аму менен Сыр дарыядан суу аз куюлуп, жакынкы он беш миң жылдын ичинде өзү эле кургап калмак да бир нече ондогон миң жылдын ичинде тузу шамалга ак кебер болуп учуп кетип, бир даары каттуу жамгыр менен эрип кумдун түбүнө түшүп чөл болуп калмак.

Эч кандай улуу океандар менен байланышы жок деңиздер бары бир, бир убакта кургаш керек. Табияттын закону ушундай. Бир нече миллион жыл, бул жердин жашы

үчүн, бир тамчы сууга барабар. Суу, адеп жерге келгенде бардык эле жерге таңгаларлыктай из калтырган, бул из суу менен барган кумдар болуп эсептелет. Суу шаркырап өзөн-өзөн нук салып агып кетип, түздүк жерлерди жайпап, суусу кетип, куму калып турган.

Мындай жерлер бүтүндөй Европа, Уралдан Ыраакы Чыгышты карай Ассирия крайына чейин кайсы жерин казба шыркыраган кум куюлуп турат. Бул кумдар баягы жер үстүнө астриоид эрип, өз суусун жерге берип бүткөндө, суу менен кошо барган кумдар. Көлчөктөр, көлмөлөр майдараак көлдөр кургап соолуп куму калып анан тиги улуу айлапалардан келген суунун касиети менен жер үстүнө чөп чыгып жүздөгөн, миллион жылдардан кантип чөп өсүп олтуруп кумдардын үстүн кыртыш жаап калганда эч нерсе болбогон сыяктуу билинбей калган.

Жер бетинде жашыл аалам дүркүрөп өсүп жатты, бирок али кыбыр эткен жан жок эле. Жердин атмосферасында кислород али жандык жаралуу денгээлине жетелек болчу. Бирок жердин атмосферасындагы азоту жашыл аалам (бак-дарак, чөп-чар) килородду жутуп бөлүп чыгарып жатты.

Ошентип жердин атмосферасында азоттун көлөмү азайып, кислороддун көлөмүү көбөйүп жатты.

Бирок суунун тынч турган жээктеринде ар айсы далдоо булуңдарда кислороду аз сарптоочу жандыктар жаралган. Ал жандыктар кандай формада болгонун, кандай кыймылга келгенин, көбөйүү, фразасы кандай болгонун бир да окмуштуу айта албайт, эч кандай күбө жок. Бирок, жердин атмосфера океаны эбегейсиз зор болгондуктан, кадимки жылуу кандуу кыймыл аракети ыкчам жандыктын жаралуу мезгили нечен миллиондогон жылдарга созулуп кетти. Мына эми атмосферадагы килороддун тутуму 24%ти түзүп тирүү жандык жаралуу жагдайы өзүнөн- өзү келип чыкты да, тынч турган толкун болбогон жээктерде, суу аралашпаган жээктерде тирүү жандыктар жарала баштады.

Мына эми тирүү жандыктар жердин атмосферамындагы кислороду жутуп, өзүнө керектеп азоту дем чыгарып, а жашыл аалам азотту жутуп кислородду дем чыгарып

бүтүндөй ай ааламда биринчилерден болуп биздин Жер-Энеде, эң улуу алгач Эриш-аркак болуп башталган.

Бул качан болгон?

Ким билсин мындан жети жүз миллион жыл илгеридир? Же бир жарым миллиард жыл илгеридир? Же үч жарым миллиард жыл илгеридир? Эч ким так айта албайт. Мына ошндон тартып бардык тирүү жандыктар жашыл ааламда өөрчүп, улам жаңы формасы жаралып калыптанып келет.

Болжол менен мындан элүү миң жыл илгери, жаңы тирүү жандык жаралуу ыкмасы такталган сыяктуу, а жашыл аалам тирүү жандыктан мурун жаралышы да али күнгө чейин токтой электей . Муну кандай түшүнүүгө болот? Эң эле жөнөкөй түшүнсө болот. Бир чөп менен экинчи бир чөп кошуна өсүп турат. Экөөнүн ортосунан жаңы формадагы чөп жаралуу өтө эле оңой. Чаңдашып калса болду жаңы өсүмдүк жаралат. Тирүү жандыктар болсо кыймыл аракетте болуп, бири шимшип тамак издеп жүрсө, экинчиси жер кыдырып жүрүшөт, жолугушуп калышса, бири-биринен коркуп качып кетишет. А балким жырткыч жандык менен чөп жей турган жолугушуп калышса момунун жырткычы жеп коюусу да мүмкүн. Тирүү жандыктардан Жер- Эненин үстүндө Адам бир топ кийин жаралган окшойт. Андай болбогондо эмгиче далай жандыкты жеп бүтүп коймок экен. Ансыз да далайын жеп бүтүп коюптур, кээ бир жандыктын түрлөрү, биздин күнгө араң-араң жеткен экен. Жер-Эненин үстүндө жандык жаралуу ыкмасы жеке эле экватордо эмес, жылуу климаттуу тоо араларында да болгон. Мисал үчүн бир жердин жандыгы, экинчи бир жерден ошол эле жандыгынан экстерьери менен айрымаланат. А балким Байкалдын чаар тюлендери ошол Байкалдын өзүндө гана жаралса керек. Байкал, Вох-Несс, Каспий булар жер үстүнө суу адеп келгенде эле жаралган көлдөр.

Скандинавия жарым аралыгындагы көлдөр Финляндиядагы, Лапландиядагы тиги Канаданын Арктика жагындагы жүздөгөн көлдөр, булар соолубай турган көлдөр, булар улуу океандарга байланышкан, деңиздерге өтө жакын турушат, ошон үчүн соолубайт. Буларга чейин

нечен миңдеген көлдөр соолуп атүгүл үстүн кыртыш басып калган.

Жер-Эненин үстүндө суунун табийгый жолу менен жаралган көлдөр өтө көп. Табийгый, чоң казанга окшогон ойдуңдарга, өтө катуу жааган жамгырдан, кардан , селден өтө ысыкта мөнгүлөрдүн ээришинен андан жаралган суу ташкындары көп жылдарга созулган, мындай абалдан албетте көл жаралат.

Мындай көлдөргө: Хубсугул, Эбинор, Лобнор, Казактын Ыссыгы, Кыргыздын Ысык-Көлү, Соңкөлү, Чатыркөлү, Памирдеги ондогон көлдөр: Рица, Севан, Андынын Мачу-Пикчусундагы, Титикака жана башка көлдөрү кирет. Мына ушундай эң кыскача көрүнүш менен Жер-Эне бизге келип жетти.

Баягы илгери, мындан беш жарым миллиард жылдар мурун, биз карасак кызгылт- сары жылдыз болуп көрүнө турган, биздин Жер-Эне, эми качандыр бир убакта келген, азыр Жердин бештен төртүн ээлеген суунун эсебинен, суунун касиети менен пайда болгон, жашыл ааламдын эсебинен, жашыл эгин талаалардын эсебинен, субалпы алпы жайыттардын эсебинен, анан жашыл ааламдын касиети менен пайда болгон жердин атмосферасындагы кислороддун эсебинен, эми космостогу учуп жүргөн косманавтарга жана астроновтарга көрүнчүдөн (телевизордон) чыккан нур сыяктуу көгүлтүр болуп көрүнүп калды. Мына ошентип биздин Жер-Эне суунун касиети менен сырткы түрүн өзгөрттү. Биздин Жер-Эненин үстүндө жашоонун эң негизги булагы эмне?

Албетте 1 Суу. 2 Кислород

Суу бул адамдардын эң биринчи жаман көргөн заты болуп калды. Дээрлик бардык Жер, ааламдын үстүндөгү агын суулар, адамдар тарабынан өтө булганган техникалык керектөөгө жарабаса, бардык агын суулар ичүүгө жараксыз. Адамдар өздөрүнүн ден-соолуктарына өздөрү сийип-чычып жаткан сыяктуу. Ичүү үчүн жер алдындагы суну пайдаланууда .Жеке эле ичүү үчүн эмес, агын суу тартыш болгон жерлерде эбегейсиз зор насостор менен сордуруп алып сугат үчүн да пайдаланууда , бирок жер алдындагы суунун кени да чектелүү да, ал эми адам саны алты миллиард.

Суу го суу, аны чыпкалап хлор кошуп жана башка жолдор менен зыянсыздандырып ичүүгө болот. Ал эми абачы, кислородчу? Жер ааламдын үстүнө жашыл аалам жаралгандан бери бир нече миллиард жыл өттү, ошол миллиарддаган жылдан бери жашыл аалам тынбай кычкылтекти иштеп чыгарып келет. Ошол чыгарылып жаткан кычкылтекти адамдар кандай пайдаланып жатат? Кычкылтекти пайдалануу ойлонуштурулганбы?

Балеенин пландаштырганбы?

Ким кандай ыгын тапса, так ошондой, менден кийин эмне болсоң ошо бол деген ниетте пайдаланып жатышат. Бүт жердин үстүндө углеводородду (көмүр, нефти) отун менен иштеген нечен жүз, миңдеген очоктор бар, алар кислородду күйгүзүп, анан түтүнү менен абаны булгап жатышат, а кычкылтексиз от күйбөйт. Миллиарддаган автомашина, тракторлор ичтен күйүчү мотор менен иштөөчү, канчалаган кыймылга келүүчү техникалар бар, канчалаган моторлуу кайыктар , чң- чоң кемелер бар, канчалаган ичтен күйүчү мотор менен жабдылган согуш техникалары бар, булардын баары кычкылтекти күйгүзүшөт да, түтүнү менен аба мейкиндигин булгашат.

Техникалардын абаны эң көп керектеп, кычкылкекти көп күйгүзө туганы бул самолеттор. Америка Кошмо Штаттарынын В тибиндеги сегиз моторлуу бир самолету тынбай он саат учса, жашыл ааламдын бир жылда иштеп чыгарган кычкылтегинин төрттөн бирин күйгүзүп, жана булгап салат. Булар да эч нерсе эмес, атайы кислороду бөлүп ала турган заводдорду куруп, кислородо техникалык жана медициналык керектөөлөргө жумшап жатышат.

Албетте медициналык керектөөлөр техникалык керектөөлөрдүн 10% тин да түзбөйт. Биз күнүнө жылынып, басып, суусунан жутуп, абасынан дем алып жашап жаткан Жер-Эненин азыркы ал ахвалы так ушундай. Тамак ичпей, суудан жутуп коюп бир ай жашоого болот, а абасыз эки минут жашай албайсың. Күн ааламдын айланасында жападан жалгыз тиричилиги бар планета, бул биздин Жер-Эне болуусу мүмкүн, башка планеталарда эч кандай тиричилик жок Мисалы үчүн: Меркурийде, Юпитерде, Марста, Венерада Плутондо жана күн системасындагы планеталарда жашоо болуш үчүн төрт шарт керек , ушул төрт щарт топ

келишсе аларда да жашоо бир нече ондогон миллион жылдардан кийин кандай болбосун тиричилик өнүгөөрү шексиз.

1. Шарт: атмосферасы азоттуу болуш керек . Азот бул бүтүдөй жашыл ааламдын негизин түзүүчү зат.
2. Шарт : топурагы жердикиндей болуш керек .
3. Шарт: ааламдан тийген күн жерге кандай тийсе так ошондой тийиши керек.
4. Шарт: кудум жердегидей жана андан да көбүрөөк суу болсо жашоо өзүнөн өзү келип чыгаары шексиз.

Бир эле нерсе белгисиз, жашоо кудум жердегидей болобу же бшка формада болобу? Мына ушул белгисиз? Окмуштуулар Ааламдан искусственный (акылдуу жандыктар тарабынан) жиберилген, күтпөй деле койсо болчудай экен.

Ааламда, Жерден башка жакта жашоо жоктой сезилет, а эгер бар болуп калса адамга окшош өнүккөн, акылдуу жандыгы жок болуп калсачы, анда издөө сигналын ким жиберет.

Эгер жашоо бар болсо, адамга окшогон акылдууу жандыгы бар болсо , бирок техникалык жөндөмдүүлүгү жетиле элек төмөн болсо, анда издөө сигналын ким тосуп кабыл алат?

Эгер Адамы бар болсо, жашоо денгээли, өнүгүү денгээли, өтүшүп ылдыйлап бараткан болсочу, анда аларга издөө сигналын тосуп алуунун эч кандай кызыкчылыгы жок да. Эми 6 жүз, же бир миң жылдан кийин биздин Жер-Эне да өтүп бараткан абалга жетет. Анда Жер-Эненин жашоочуларына башка жактын жашоосунун эч кандай кызыкчылыгы жок болуп калат.

Бул табийгый көрүнүш. Издөө сигналы келип атабы, же кетип атабы, же өлүп бараткан цивилизацияга анын кереги жок да.

Деги, Жер-Эненин үстүндө суу эң кийин келгендиги тууралуу жер үстүндө көптөгөн күбөлөр бар, эң жөнөкөй нерсе аларды жакшылап түшүнүү керек . Бул күбөлөрдүн эң көзгө көрүнүктүүсү булар, ар кайсы жердеги кум дөбөлөр жана кыртыштагы кумдар.

Кум дөбөлөрдү кандай түшүнүүгө болот?

Ойдо жок жерден эле ар кайсы жерге кум дөбөлөр өзүнөн өзү эле чууруп шамал менен келип баары бир жерге

жайыла калыптырбы, шамал менен учкан кум өзүнөн өзү эле тарап кетпейби, дөбө болуп калмак беле. Тээ түпкүрдөгү заманда астероид жер орбитасына адашып, кангып кирип келип, анан эрий баштаганда суу менен кошо кыртышка келген кумдар. Эрип-эрип астероид жукарып, анан кээ бир өтө жукарган четинен өз салмагын өзү көтөрө албай сынып, жерге кулап түшкөн да, анан музу эрип суу болуп кала берген кум дөбөлөр мына ушинтип пайда болгон.

Башка жакты билбем биздин Кыргызстанда мен билген үч жерде кум бар. Булар Ноокат тоолорунун этеги. Оштун түштүгүндөгү кум дөбө. Кочкордун кум дөбөсү жана биз бүтүндөй Чүй боору курулушка алып жаткан Ивановка куму, булар албетте айсбергдин сынып түшкөн сыныгынан пайда болгон дөбөлөр.

Азыр Жер-Ааламдын үстүнө Адам аябай кыжылдап толду. Бүтүндөй жердин үстү булганды. Нечендеген уу заттар төгүлүп, андан учуп чыккан буу абага тарап, аба булганууда, ал уулар төгүлгөн жерден суу жүрүп, суу менен уулар кошо жерге сиңип, жер астындагы суулар булгана баштады. Эми чоң-чоң олчойгон абадан кислородду бөлүп алууга установкаларды куруп, кислородду бөлүп алып жатышат, жалпы жер атмосферасынын кислород тутумунун %ти ылдыйлап кетсе жердин жалпы жашоочуларынын ден-соолугуна зыяны тийбейби? Азыр атмосферадагы кислороддун тутуму 22% .Эгер бул көрсөткүч 18% ке түшүп кетсе эмне болоор экен?

## ЧӨЛДӨР ДЕҢИЗ БОЛГОНБУ ЖЕ…

Азыр жер-ааламдын үстүндө, белгилүү чөлдөрдөн башка белгисиз чөлдөр өтө көп. Бул кумдар жердин үстүнө кайдан келген? Ойдо жок жерден эле кумдар тээ байыркы заманда куюн менен шамал менен учуп келип эле бир жерге чогулуп калып, кыртышты басып калып, анан чөп чыгарбай, чөл болуп калыптырбы? Албетте Жер-Ааламдын үстүнө кум өзүнөн өзү эле келе калган эмес чыгаар. Ар нерсеге себеп болуш керек, тээ байыркы түпкүрдөгү заманда. Жер орбитасына 5 % кумдан, 95% тонгон суу муздан турган эбегейсиз зор астероид адашып кирип

келген да, жердин ысык атмосферасына чыдабай ээрип суу болуп куюлуп, жерге түшө баштаган. Жердин ойдуңураак жерлерине суу куюлуп чогулуп, суу менен кошо агып барган кум кошо чогулуп, суу ойдуң чоң аймакты ээлегендиктен деңиз болуп көп убактарга чейин мелтиреп жаткан. Анан эбегейсиз олчойгон чоң убакыттын өтүшү менен тайызыраак деңиздер бууланып кургап, суусу учуп кетип, куму калып эч кандай чөп чыкпай, чөл болуп биздин күнгө жеткен деп түшүнүүгө болот. Бул бир варианты.

Ошентип астероид эрип жатты, астроид эриген сайын жукарып жаты, астероид нечен ондогон бөлүктөргө бөлүнүп бири Тарга барып түштү, бири Алашанга, бири Лоббиге, бири Невадага, бири Калахариге, бири Нубияга, дагы бири Ливияга, дагы бири Такла-Маканга жана башка азыркы чыккан чөлдөрдүн ордуна түшүп анан музу эрип, суу болуп агып кетти, анан куму кала берип чөл болуп калды деп түшүнүүгө болобу. Бул экинчи варианты.

Кум дөбөлөр да кээ бири ошол улуу чачырандыдан сынып түшкөн, кичине чачырандылардан пайда болгон. Ошентип астероид эрип жатты, Жер-Эненин үстү менен суу туш-тушка агып жатты. Ал убакта Аман телолорунун жүрүшү тартиптеше элек кезде өзү эрип жукарып калган астроидди, кандайдыр бир тентек космател уруп кетти. Быркыраган астероид туш-тушка чачырап анан азыркы атагы чыккан чөлдөрдүн ордуна түшүп, музу эрип суу болуп агып кетип, куму кала берип анан чөл болуп калды деп, түшүнүүгө болобу? Бул үчүнчү варианты же үч варианттын тең түпкүрдө мына ушундай кубулуштар болгону чындык.

## ЖАШЫЛ ААЛАМ ЖЕР-ЭНЕНИН ӨЗҮНҮКҮБҮ?

Биз төрөлүп, чоңоюп, жашап турган Жер-Эне, өсүп турган бак-дарактар, ар түрдүү өсүмдүктөр, жемиш бактары алма, алмурут , ар түрлүү алча , жүзүм, карагат, дан берген жүздөгөн өсүмдүктөр, жашылча жемиштер, ар түрлүү өсүмдүктөр, тоодогу токойлор, бадалдар шаркыраган суулар, кокту колоттор, таш-чокуларды жаап чүмкөп турнган карлар мунун баары биз төрөлгөндөөн баштап өлгөнгө чейин так

ушундай болуш керек дегендей пикир калтырылат. Мындан башкача болуусу мүмкүн эместей сезилет.

Так ушундай болуш керек !

А булар кандай келген?

Кантип пайда болду?

Албетте, Жер-Эненин үстүндө жашыл ааламда эмне бар? Баары тең өзүнүкү эмес деп айтаар элем. Мисал үчүн теңме-тең же азыркы тил менен айтканда 50% башка жактан келген деп айтаар элем.Мисал үчүн ушул биз көрүп турган түбү жок кең ааламдын бир бурчунда, биздин санаабыз жеткен менен, сапарыбыз жетпеген жерде дагы бир биздин Жер-Энеге окшогон, тирүү жандыктары бар, жашыл жамынчысы бар, мол суусу бар жердикиндей абасы бар, бирок жерден беш эссе чоң а балким миң эсе чоң дагы бир планета болсо анын чоңдугуна жараша узун-узун дарыялары болсо чоң-чоң деңиздери бар болсо биздин Жер-Энеге окшогон өзүнүн эки уюлу болсо өз көлөмүнө жараша уюлдары да чоң болсо мол, суулу дарыялары уюлга куйса, ал дарыялар нечендеген талааларды тоо токойлорду аралап агып келет ал зор дарыяларга нечендеген майда өзөндөр куюп кошулса ал талааларга чыккан нечендеген ар түрлүү чөптөрдүн толгон токой уруктары өзөн боюнча чыккан миңдеген мөмөлүү дарактардын уруктары сууга кулап түшүп суу менен агып дарыяга куйса, дарыя уюлга куйса, уюлга куйган тузсуз суу суука тоңсо, суу менен кошо барган нечен миңдеген уруктар суукка кошо тоңушу табыйгый иш эмеспи анан кандайдыр бир улуу кубулштардын күчү менен андан бир сыныгы бөлүнүп учуп чыгып аалам мейкиндигине каңгып жүрүп анан жер орбитасына адашып кирип келип, жердин ыссык атмосферасына чыдай албай эрип кетип суусун бүт жерге берип, жер менен кошо бир деме болуп калган деп түшүнсө болот.

Албетте аалам мейкиндиги (космос) муздак ал астероид ээрибей эч коркунучка учурабай бизге, жер энеге келип кеткен. Ал астериоиддин тиги өзүнүн планетасында козголбой турган кезде, ал турган тоңгон айланага нчнендеген өзөн суулар дарыяга куйган, ал эми ар өзөндүн кумунун өзү ар башка болгон. Биздин Жер –Эненин үстүнө келип ээрип жукара баштаганда ар кайсы жеринен сынып жерге кулап түшүп, анын музу ээрип, суу болуп агып кеттип куму кала

берген. Азыркы биздин жердин үстүндөгү кум дөбөлөрдүн кумунун структурасы, ошон үчүн ар башка, ошол астроэддин структурасындай.

Астероид эрип суу болуп жерге түшкөндө анын арасында болгон уруктары эрийт жерге түшөт, топурактын, азоттун, суунун касити менен өнүп чыгып жердин бетин бат эле кандайдыр бир элүү миң жылдын ичинде жаап калган өңдөнөт. Андан башка да жер эеннин өзүнүн үстүндө бири менен бири чаңдашып жаңы чөп – чардын түрлөрү жаралган, азыр да жаралып жатат. Тиги түпкүрдөн астериод менен нечен миңдеген өсүмдүктөрдүн уругу келгендиги тууралуу тангыс күбөлөр бар. Мисал үчүн жылуу алкактын өзүнү дайыма суу кармап турса бир нече жылдан кийин борук, жекен камыш чыгаары шексиз. Суу болсо эле болду камыш жекендин уругу топурактан өзү эле жаралабы? Тиги жерге астероид эрип кубулганда анын тутумундагы камыш жекендин уругу эрип кошо түшүп камыр жууругандай топурака аралашып калган. Алар өнүп чыгыш үчүн көп суу керек, анча мынча сууга алар өнбөйт. Жеке эле суу эмес так ошол белгисиз планетанын климатындай климат биздин жер эненин үстүндө окшош болуп калса, астеоид эригенде суу менен кошо түшкөн уруктар, түшкөн жеринде өнүгүп чыккан. А балким нечендеген ар түрлүү уруктар түшкөн жеринен климаты төп келишпей калып өнбөй да калган чыгаар.

Бүтүндөй Жер-Ааламдын үстүндөгү дан берүүчү өсүмдүктөр : Буудай, арпа , сулуу, таруу, конок ,жүгөрү жана башкалар бүтүндөй мөмө дарактары: алма алмурут, өрүк, жийде ;ана башкалар баары Жер-Эненин өзүнүкү эмес? алар суу менен кошо келгендер . Булардан айырмаланып тамырында мөмөсү бар өсүмдүктөр: кызылча картошка жана башкалар жер эненин өзүндө жаралган окшойт. Албетте тамырында мөмөсү бар өсүмдүктөр тез тоңгон концервацианы көтөрө албай бузулуп, өнүү сапатын жоготуп коет.

***

Ошентип Жер-Эне өз бетинде жашаган бүт адам баласын багып жатат. Адам баласы эмес нечен миңдеген жандыктарды багып жатат. Жер-Эненин бүт жандыктарды бакан аркети , бүт жандыктардын жашоо аракети Адам баласынын алкымына тамак болуп кирип кетүүдө. Адам баласын баккан

сыяктуу Жер-Энени Адам баласы багып жатабы? Бүтүндөй Жер-Ааламдын үстү зыяндуу таштандыга айланып баратат. Атыгүл Адам баласы, алыскы Арктика менен Антарктикага өз таштандыларын күчүнүн жетишинче жеткирип салды. Балыкчылардын таштап кеткен торуна чалынып жылына миңдеген баалуу жандыктар өлүүдө. Балыкчылардын таштап кеткен тору кеменин винтерине оролуп кемелердин жүрүшүн токтотуп, атыгүл винтке оролгон тор винитти сындырып иштен чыгарып салууда.

Жер-Эне Адам менен бактылуубу? Же Адамы жок болсо бактылуу болмок беле? Адам баласы өзүнө тамак таап жеш үчүн бүтүндөй тегиз жерлерди айдоо аянтына айландырган, аны менен да токтогон жок, жылына нечен миңдеген жерлерди аң дөңдү түзөтүп айдоо аянтына айландырууда, а тыгүл токойлорду өртөп кыркып, жаңы айдоо аянтына жер бошотуп алууда токойлор кыркыла электе, өртөлө электе жердин бетинде айдоо аянты жок кезде өсүп турган нечен жүздөгөн а түгүл миңдеген баалуу өсүмдүктөр, соконун тишине кыркылып тамыры соолуп уруктабай жер бетине биротоло жок болуп кетти. Жер эненин флорасы бөлүнүп көрбөгөндөй жакырланып баратат, жер эненин бетинде Адам баласы жок болсо кандай болмок эле?

Кандай болмок эле! Дагы мындай жүз беш, жүз атүгүл миллард жыл кандай болсо, кыйын жүргөн сел жүрүп, аңдап кеткен жерлерди эсеп кылбаганда так ошол эле көрүнүш боюнча жатмак. Эч кандай айдоосу жок башкача айтканда чийген чийин жок суур казган ийин жок болмок, бардык жерде токойлор дүмпүйүп өз калыбында жатмак. Айдоо жок болгондон кийин, нечен-нечен мелтиреген талааларда көздүн жоосун алган жүздөгөн миңдеген ар түрлүү чөптөр өсүп чыкмак. Жапайы жандыктар оттогону болбосо, эч кандай запкы көрбөй жер эненин флорасы өз калыбында жатмак. Жер ааламдын үстүндөгү кыжылдаган жандыктар бадал жегени бадал жеп, бутак жегени бутак жеп, дан жегени дан жеп, чөп жегени чөп жеп, эт жегени бир-бирин жеп, жатса да дүркүрөп көбөйүп кылы кыйышпай жата бермек. Жер эне Адамы жок бактылуу болмок. Нечен жүздөгөн машина чыгарган заводдор курулмак эмес.эч кандай түтүн болмок эмес. Аба булганмак эмес, агын суу булганмак эмес, жана тоонун аралыгына болсо чагылгандан өрттөлгөн токой болсо эч

кандай от күймөк эмес. Эч кандай уу зат берүүчү кендер ачылмак эмес. Уу заттар жердин үстүн куйкалап ар кайсы жактан чачылмак эмес ар түрдүү жандыктардын оозунан алардын ырыскысын эч Ким талашмак эмес жер эне өз заңы менен жашап жата бермек, жер эне Адамы жок бактылуу болмок кыскача көрүнүштө ушундай болмок. Окумуштуулардын телескоп аркылуу издеп жыйынтык чыгарганы боюнча күн системасыдагы жылаңач планеталардын ичинен венеранын (Чолпон жылдыз) биздин жердей топурагы бар имиш, а бирок атмосферасы 98% газынан 2% башка уу заттардан турат экен бирок суусу жок, суу болсо жердин турмушуна окшош дейт. Окумуштуулардын пикири боюнча, менин пикрим боюнча венереда суу болсо да жаашоо өнүкпөйт мейли бул уу, газ уу, газда эч кандай чөп чар өнбөйт эч кандай дем алуу жана дем чыгаруу болбойт (ассимилизация жана диссмилзация) жүрбөйт. Азот да уу, ал көп болсо уу, ал эми аз болсо дары. Азоттон деле жашыл аалам өнүгүп анан жашоо өнүккөн дейт. Окумуштуулар бир нерсени эсепке албай айткан жаткансыйт. Азот аз дозада болсо өсүмдүктөргө тамак болуучу зат азот биомасса жарата алат. А гелий биомасса жаратмак түгүл баарын өлтүрөт. Гелий өсүмдүктөргө тамак болуп, биомасса түзүү алса суу болсо сөз жок жашоо өнүгөөрү шексиз. Жер эненин атмосферасы азотуу болгон суу, келгенден кийин жашоо аалам, көп кечикпей эле өнүгө баштаган. Адамдар тарабынан азот жер семирткич катары таанылган. Ошон үчүн нечендеген заводдор тарабынан азоту жер семирткич катары колдонулат. А түгүл азотту дем тартып (Ассмилизация) тамыранан топтоштурган өсүмдүктү таап алышкан, (беде) азот топтоштурган өсүмдүк азоттун негизинде жашыл аалам өнүгүп жашыл аалам иштеп чыккан кислороддун эсебинен тричилик өнүккөн, ал эми гелий жер семирткич, боло алабасы түшүнүктүү эмеспи. Венеранын топурагнында пайдалуу зат жок болсо, эмненин эсебинен жашыл аалам өнүгөт. Жашыл аалам өнүкмөк түгүл урукту алып сепсе да өнбөй калбайбы. Жашыл аалам өнүгүш үчүн кыртышта аларга тамак боло турган зат болуш керек.

# ЖАРАТАЛЫГТАГЫ СУУНУН АЗАЙЫШЫ

Биздин жер эне суу келгенге чейин азыркыдай нечен ондогон качыгайлары жок, кокту колоту жок, аркайган бийик-бийик таш чокулары жок, таш чокулары болсо да анча бийик эмес эң бийиги көп болсо 1 км. Жеткен таш чокулары көбү иштелген, бош топуракка көмүлүп жаткан. Тоголок топ сыяктуу бир жылаңач планета экен кайдан-жайдан келгени ит билсинби. Жердин орбитасына капыстан эле бир олчойгон астероид кирип келип жердин ыссык атмосферасына чыдай албай ээрип суусун жерге бере баштаган. Күркүрөп, шаркырап бардык эле жерден суу зор күч менен куюлуп жердин бош топурагын агызып, таш чокуларын жууп, кайсы жагы эңкейиш болсо ошол жака агызып кете баштады. Суу менен аккан топурак тоо этектерине келип жайылып нечен-нечен мелтиреген талааларды пайда кылды. Суу өз жолун улунта берди, ага берген суу кайда бармак, Агып олтуруп ал деле нечен-нечен капчыгайдын кокту-колотун сууларына куюлуп уюлга чейин барды. Эки уюлга тең күндүн нуру тийгендиктен, барган суулар өтө күчтүү бууланып, суунун буусу буркурап өтө көп көтөрлүп, аалам мейкиндигине булут пайда болду. Булуттан жамгыр, таш чокуларга кар жаап, улуу аалам мына ушинтип башталды. Негизинен эки уюлга бүт дарыялар суусун куюп жатты. Уюлга барган суулар тоңуп, эбегейсиз муз катмарларын түздү. Бирок уюулдарга агып барган суу тоңуп калып, бууланбай айлмпага кошулган жок. Бул көрүнүш суу жерге адеп келгенден баштап ушул күнгө чейин буулунууда. Албетте суу жерге адеп келгенден алда канча азайды, бирок, ал азайып эч жака кеткен жок. Эл арасында ушундай бир түшүнүк бар. Эгин талааларын сугарыш үчүн туш-тушка буруп алып кеткен суу, ошондон азайып калганбы деп түшүнүшөт. Бул таптакыр туура эмес түшүнүк. Жер эненин үстүнө адеп келгенде, канча суу келсе, так ошончо суу, бир тамчысы коробой жер ааламдын үстүдө турат. Суу жандыктар төрөлүп, жетилип, өмүр сүрүү жашоосуна катышат. Ал жандыктар өлүп, жашоосун токтоткондо, анын денесине бууланып эч кандай жыты жок, эч кандай кошумча даамы жок, мөлтүрөгөн таза түрүндө абага тарап, улуу айлампага кайрадан кошулуп кетет. Адам баласы кайтыш болгондо, алабетте биз тереңге көмөбүз. Адам баласынын

денесинде суу бар, бирок ал бир канча литр сууну ала кетти дегентике жатпайт, ал суу тереңдикке карай умтулбай атмосфераны карай бууланып аба мейкиндигине тарап кетет. Суу нечен миллион гектар токойлордун өсүүсүнө, жетилишине катышат. Бардык жер ааламдын үстүндөгү жашыл ааламды туурап, өмүрүн токтоткондон кийин денесинен бошоп, абага тарап кетет. Бардык жандыктардын денесинде суу бар, алар денесиндеги сууну буулантып абага бөлүп чыгарышат. Алардын денесиндеги суу улуу айлампага кошулат. Андай болгондони кийин суу эмнеге азайып баратат, Өзөн суулары мындан 50 миң жыл мурункуга караганда азыр алда канча аз, мындан бир нече ондогон жылдар өзөндүн капталынан чыгып жаткан булактар азыр чыкпай калды. Кээ бир чоң булактардын чыгышы азайып калды. Алардын эсебинен чоң-чоң өзөн суулар азайды. Дарыялардын суулары да азайды. Эмнеликтен мындай? Кээ бир булактардын соолуп кургашы, азайышы, адам баласынын түздүктөрдөн гидро катмарды тешип, жер алдындагы сууларды сордуруп алып ичүүгө, жана эгин талааларын сугарууга колдонгодун эсебинен тартылууда. Адам баласы жер алдындагы сууну пайдалана электе, гидро катмар толуп ташып, кайда бараарын билбей, ар кайсы жерден булак- башат болуп чыгып жаткан. Эми табигый казандар гидро катмар бөксөрөндө, булактар өз жолу менен кетип сыртка чыкпай калышты.

Мына, 50-100-300-500 жыл мурун чыгып жаткан булактар, кээ бирлери азайбастан так ошол боюнча дале агып жатат. Булардын топурак алдындагы суу өткөрбөй турган катмары, чопо, таш, так ошол боюнча турат. Булак эңкейиш жака, гидро катмарга, бара албайт. Биз жашаган Евроазия аймагында Анагара, Лена Эненсей, Обь, Тобо жана башка биз билбеген майда дарыялардын бары илгертен баштап эле түндүк уйулга тузсуз сууну куйуп келген. Албетте бул ойлонулган ченем. Мына ушулардын эсебинен, тоо чокуларындагы мөңгүлөр, карлар ээрип, жылдан-жылга суу азайып баратат. Бирок, ошол агып барган суулар, бүтүн боюнча түндүк уюлга жетти деш жаңылыштык. Түндүк уюлга барган суулар муз клпактын асты менен экваторго чейин барат. Жеке эле жылышкан суу барбайт. Олчойгон муз тоолор четинен сынып түшуп барат. алар (айсбергердер) бир эки жылдын ичнде ээрип суу болуп океан сусуна кошулуат.

Ошентип болжол менен түндүк уйулга барган 100 куб км. суунун $5\text{-}10^3$ км. баары уюлда кала берет. Негизинен жер ааламдын үстүнөн суу экватордон жана анын эки жагындагы мээлүүн алкактан, түштүк жарым шардан гана бууланат. Ал эми кар жамгыр болуп жерге кайрылып келгенде, ал океан бетине да жаайт. Антрактидага, Артикага да кургакка да жаайт. Антрактида менен Артикага жааган карлар суука тоңуп калып, Айсберг болбосо буулануу жолу менен жерге улуу айлампага кайрылып бербейт. Түндүк уюлга аккан улуу дарыялар ага берет. Мына ушундай кубулуштун эсебинен, жылдан-жылга жер ааламдын үстүндө суу азайгансып барат. Жер эненин эки уюлу чоң дарбыз сыяктуу болот. Мына ушундай тынбай агып жаткан суунун эсебинен, ал чокулар толуп дөңчө тартып калды. Суу экватордон азайып, эңкейиш жагынан агып кеткендиктен, дөң жеринен азайса, ой жери сууга толду. Кудум арыктан агып барып, бир жерге чогулуп көл болуп калды.

Эгерде адам баласынын үйү болгон жер энени куйкалап жибербесе, бул процесс дагы жүздөгөн миллион жылдарга уланаары шексиз. Бир сөз менен айтканда суу адеп келгенде канча келсе, чып чыргасы коробой ошончо жер ааламдын үстүндө агып турат. Азыр жер эне оозун бууган капка окшоп, чокусун күндөн жашырып турат, эгер чокусун күндү каратып тик тургузсак, барган суу кайтып бизге барбас эле. Албетте суу экваторду карай агып бизге келээри шексиз, а түгүл кандайдыр бир 24-25 жылдардын ичиде, уюлдун муз калпагы ээрип бүтүп, биздин карай суу ташкыны башталат болчу. Кудай анын бетин ары кылсын, ичүүгө таза суу издөө так ошондо башталмак. Түндүк уюлдан тартып экваторго чейин, кичине-чоңу болуп, нечен миңдеген шаарлардан аккан таза суулар, дааратканадагы калдыктарга аралашып, бүт жер жүзүндөгү сууну булгашмак. Көп кечикпей андагы гидрокатмар булганмак.

Суу жердин үстүнө эч нерсеге бекибей бош эле турат. А эмне үчүн ааламга космос мейкиндигине тарап кетпейт. Жер-Ааламдын үстүндө үч улуу күч бар, ошол улуу күчтүн экөө сууну эч жакка кетирбей кармап турат. Жердин үстүнө качандыр бир убакта суу келип топурака көмүлүп жаткан аска таштарды жууп, аябай тазалап, анан аска таштардын ачылышы менен жердин үстүндө зор тартылуу күчүн пайда

кылган. Азыркы жердин атмосферасын ошол тартылуу күчү кармап турат.

## БАРТАК ЖАЙЛОО

Бүркөлсө күндүн көзүн туман баскан,
Жер жүрсө ал туманды айдай качкан.
Баяндап балдарыма айтып берем,
Бабамдын баскан жерин кылып дастан.

Ала-Тоо асман менен кучакташкан,
Аскасы шамал менен бычакташкан.
Капчыгай караңгыда жатса дагы,
Чокусу чыккан күнгө саламдашкан.

Ала-Тоо ак калпактуу көк тиреген,
Бөксөсү жашыл жайлоо мелтиреген.
Арыгын алты күндө тоюндурам,
Бар болсо малыңды айдап келчи деген.

Карагай бой тиреген Туюк жагы,
Жылаңач музга жакын бийик жагы.
Суктанып сулуулука магдырашып,
Таңгалат күндө оттогон кийик дагы.

Түн кирсе жылдыз жакын жымыңдашкан,
Ала-Тоо асман тиреп бугуп жаткан.
Ушактап кийиктерди сөз кылышып,
Шуудурап чөп өзүнчө шыбырашкан.

Аскадан агып түшкөн шаркыратма,
Жокко дейм апшыр сайдан башкажакта.
Олтурсаң жай чилдеде көчүк басып,
үшүгөндөн болосуң калтыратма.

Топуракты теше албай ташты жарган,
Жутканда муздактыгы тишти жарган.
Башка жактан жол таппай муздак булак,
Таңгалтып ташты жарып чыгып калган.

Жылгадан ысык булак атырылган,
Өзөндө муздак суусу сапырылган.
Күркүрөп Ысык-Ата дарыясы,
Угулат эки жарым чакырымдан.

Азыркы Ысык-Ата арашаны,
Илгери Бартак атам турган журту.
Сабаадан кымыз бышып Суусар апам,
Койконазар Дорбо башка сунган журту.

Эмне үчүн Бартак жайлоо аталганын,
Калың эл карбаластап билбей калды.
Замана башка жолго түшүп кетип,
Бир үзүм урпагыңа тийбей калды.

Койкоң назар Арчалуу айылынын түпкү чоң атасы.
Дордобаш  жолдун алды бошкой элинин  Чоң атасы. Чүйдөн калмактар үркүп, Кытайдын түндүгүнө кеткенде, Чүйдөн үркүп барган, кыргыздарга Чүй ээн калды деп, Ызарга ушул экөө барган, Бартак тоо арасында үркпөй калган. үркүн болгондо бул экөө Бартактыкында болушкан. Ар жылы жайда Бартактыкына келип, мергенчилик кылып турушкан.

## АЙЖАНА

Миңдеген элдин ичинде,
Неберем менин Айжана.
Башыңда жүрсүн түбөлүк,
Бактынын кушу айлана.

Бир үйдө болсо үч жылдыз,
Ортосу сенсиң Айжана.
Биз үчүн жылдыз элесиң,
Билинбес балким башкага.

Ак жарык асыл дүйнөдөн,
Атаңдын көрдүң конушун.

Ааламдан уктуң биринчи,
Араван сайдын добушун.

Ааламда сейрек асылдай,
Арыраак кирип жашынбай.
Алыстан даана көрүнөт,
Ак-Сайдын аппак ташындай.

Айжана менин неберем,
Ал үчүн мага башкача.
Ааламдан жуккан чаңы жок,
Ачылган гүлдөй тап-таза.

Аңкыган гүлдү аралап,
Адырдан соккон жел менен.
Алайдын жытын искеген.
Айжана менин неберем,

Кызыган кумду учуруп,
Кыр-кырдан соккон жел менен.
Кызгалдактай Айжана,
Кызыл кум жытын искеген.

Чынардын өсүп жетилген,
Чырпысы сенсиң Айжана.
Баардыгы бүтүн сенде бар,
Колдо жок жалгыз ай гана.

Чырпыктан өсүп жетилип,
Чынардай болдуң Айжана.
Көңүлгө алып туйуп кой,
Көрүнөт кандай айлана.

(Бул жерде Чоң атаң ким? чоң апаң Атаң, апаң, акаларың, үкөлөрүң, эже сиңдилериң, тагаларың ким? Сени Кимдер жакшы көрөт? Сен кимдерди жакшы көрөсүң? деген мааниде айтылып жатат)

## АЙТБЕККЕ

Оодарып тарых дарагы,
Олуя дадаң баскан жер.
Ошондой жерде төрөлгөн,
Айтпек менен Тариэль.
Айтпек Сулайманов деп,
Атагың калсын кылымга.
Айт күнү келген жарыка,
Ал деле болсо ырымда.
Эгем берсин өмүрдү,
Эл катары торолгун.
Эркеликке жеңдирбей,
Эр жетип эсен чоңойгун.
Мугалим сабак окутат,
Мээримдүү жылуу сөз менен.
Мээнеткеч болуп жакшы окуп,
Мектепти бүткүн беш менен.
Табышмагы абдан көп,
Табийгат сырын бешке бил.
Тизгинди колго бек кармап,
Турмуштун сырын жатка бил.
Тебишип бирге ойногон,
Тең туштар сырын бешке  бил.
Таарынтпай ага инини,
Туугандын сырын жатка бил.
Акылга түйүп ар дайым,
Агийин сырын  бешке бил.
Акылын айткан ар дайым,
Атаңын сөзүн жатка бил.
Эсине түйүп ар дайым,
Элиңдин сөзүн бешке бил.
Эмгегин берип чоңойткон,
Энеңдин сөзүн жатка бил.
Пааналап жүргөн тоо үстүн,
Байыркы бабаң Сулайман.
Өзгөлөр айтсын өздөрүн,
Өзүңдүн  бабаң Сулайман.
Ош десе тоодой заңкайган,
Оболу даңкы бийик жер.

Ошону эстеп алып жүр,
Ошуңдун жери ыйык жер.
Тоосуна шаары жайгашып,
Талаасы тамак берген жер.
Тартышып ары- бержака,
Талашка түшүп келген жер.
Тобосун тилеп Кудайдан,
Тоосуна чыгып жаткан жер.
Таштарга изин калтырып,
Так Сулайман баскан жер.
Байыркы бабаң Сулайман,
Так ошол жерде жаралган.
Силерсиңер урпагы,
Сулаймандан таралган.
Жеке эле Сулайман эмес,
Ной менен Дөөтү баскан жер.
Канчалык сырдуу болсо да,
Жашырып ичке каткан жер.
Жеке эле Оштун жери эмес,
Көк- Артты кошо ашкандыр.
Жеке эле Дөөтү Ной эмес,
Башкалар деле ашкандыр.
Асырап Адам баласын,
Улантып келе жаткан жер.
Болгонун айтып beралбай,
Бозоруп ичке каткан жер.
Неберем менин Айтбек,
Не болсо да караан бол.
Нечендеп айтсам төрөлбөс,
Негизгиси Аман бол.

## ТАРИЭЛГЕ
### (Азил чыны аралаш)

Туулган шаарың Алматы,
Чоңойгон шаарың Ош болду.
Эч кандай жумуш иштебей,
Эки колуң бош болду.
Түтсөң ары кеткисиз,

Таап алдың досторду.
Көрүнгү менен угулгу,
Ажырагыз дос болду.
(Көрүнгү- телевизор)
(Угулгу- радио)

Таң атканда дүпүлдөк,
Танго болсо укканың.
Түшүнбөй калып жүрбөгүн,
Турмуштун кайда чыкканын.
Оюн күлкү дүпүлдөк,
Ода болсо укканың.
Ойлонбой калып жүрбөгүн,
Оокаттын кайда чыкканын.
Айласын таппай окат жок,
Айылда жүрөт канчасы.
Аккол болуп чоңойдуң,
Атаңдын тийип аркасы.
Чоңойгонун билгизип,
Чоң атаңа жардам бер.
Чапкан чөбүң чогултуп,
Чийнесине салып бер.
Аравандын сайынан,
Арыка суу байлап бер.
Ар ким жыгып кетпесин,
Аңызына айдап бер.
Ач калбасын өзөөрүп,
Адырга малын жайып бер.
Айдап келип кечинде,
Акырына байлап бер.
Салган үйү бат бүтсүн,
Сандап тактай тилип бер.
Саман салып ылайга,
Сапарга да жардам бер.
Эрте туруп таң менен,
Эчкилерин жайып бер.
Эгиндерин сугарып,
Эрмеке да жардам бер.
Эл жайлоого көчкөндө,
Сен да көчкүн жайлоого.

Сонуркатып каратаар,
Сонундар көп жайлоодо.
Шамалы булут шилеген,
Булут чоку жиреген.
Чокусу асман тиреген,
Көркөмү сонун жайлоонун.
Аржакты кара көз жетпейт,
Айланып кара көз жетпейт.
Атууга барып сөз жетпейт,
Көлөмү кенен жайлоонун.
Талып жатсаң түш көрүп,
Таш түбүндө далдоодо.
Түтүну жок ышы жок,
Таза аба да жайлоодо.
Так түйүлүп чыңырып,
Тай туйласа байлоодо.
Таңдайыңа татыган,
Таза суу да жайлоодо,
Күнгө жете тургансып.
Күлүк турса байлоодо,
Күлүп жайнап ачылган.
Гүлдөр дагы жайлоодо,
Кундуз жүнү кулпунуп.
Кулун турса байлоодо,
Кылкылдатып жутаарга.
Кымыз дагы жайлоодо,
Чоочуба чоочун нерседен.
Чоң атаң болот кашыңда,
Чөк түшүп алып жей бергин.
Чөбөгө чөптүн башында,
Сак жаткын бөрү жебесин.
Сарала уй турса байлоодо,
Сарыктырып сугунаар.
Сары май да жайлоодо,
Эрбеңдетип сакалын.
Эчки турса байлоодо,
Эч ким түртүп ойготпой.
Эс алуу да жайлоодо,
Шуудурап чөптөр ыргалса.
Шоктонуп келет ойногуң,

Шымыңдын арты булганбайт,
Шибери калың жайлоонун.

Дыбырап жамгыр төгүлүп,
Самсалап булут сөгүлүп.
Артынан асман  көрүнүп,
Өткүнү сонун жайлоонун.
Кара курт жок жылаан жок,
Каптап кетеер ылаң жок.
Аткара турган план жок,
Күндөрү сонун жайлоонун,
Көйнөгүңдү желпиткен.
Көңүлүңдү эргиткен,
Керимсел жүрү сергиткен.
Кечтери сонун жайлоонун,
Күрүлдөгөн добыш жок.
Күүгүмдү тилген жарык жок,
Кепшеген малда арык жок.
Керемет түнү жайлоонун,
Муздак жел бетти жалаган.
Колоту түнгө караган,
Чокусу күнгө агарган.
Таңдары сонун жайлоонун,
Аскасы келип урунуп.
Ар жакты карай бурулуп,
Кыл кыяк чертип ышкырган,
Шамалы  ырчы жайлоонун.

Чоң атаң менен бирдикте,
Чогуу баргын жайлоого.
Чоң чоңунан тери ал,
Чоң ырыскы жайлоо.

Буралып булут жел болуп,
Бийикке жетсе ойлоруң.
Баардыгын талдап олтурсаң,
Баардыгы сонун жайлоонун.

Жай мезгили болгондо
Жайнап гүлдөр толгондо

Жакада жумуш жок болсо
Жайлоого бар жайлоого

## ӨЗҮБЕК КЫРГЫЗ ЭЛИМ АЙ

Өзүбек кыргыз болушуп,
Көп жылдар бирге жашашкан.
Палоо деген тамакты,
Көп жылдар бирге ашашкан.

Көп жылдар бирге жашашып,
Сөздөрү калган бурулуп.
Кырдач мурун кара каш,
Өздөрү калган бурулуп.

Өздөрүнчө олтурса,
Өзүбекче кеп салган.
Мен да барам дегенде,
Менам барам деп калган.

Өзүбекко деп ойлойсун,
Көргөндө чаар топусун.
Кыргыз деп болжойсун,
Союп жатса козусун.

Козунун эти бышканда,
Ошондо кызык башталат.
Бөлүп алып кетишип,
Мейманы жебей ач калат.

Куда сөөк болушуп,
Аралашып турушкан.
Этти бөлүп алганы,
Өзүбектен жугушкан,

Ийниңе салат кийгин деп,
Шырмал кара чапанын.
Белиңе жоолук курчаса,
Ошондо кетет амалың.

Бир чыны менен чай ичсең,
Кезек күтүп тажайсың.
Өзүмдүк кылып алышкан,
Өзүбектин адатын.

Шариятты айтышып,
Бири-бирин чымчылап.
Тозоко да бир түшүп,
Бейишке да бир чыгат.

Алайды бирге жайлашып,
Ат чабышып жүрүшкөн.
Азилдешип бири-бирин,
Арсаңдашып күлүшкөн.

Сабиз кошкон палоосун,
Сонун экен дедирген.
Сүр жеп жүргөн кыргызга,
Сабзаводун жедирген.

Бири-бирин билишет,
Бирге жашап илгертен.
Кымыз ичкен кыргызды,
Мусаллага үйрөткөн.

Жер-жерлерди суугарып,
Жемиш эгип гүлдөткөн.
Жайлоодо жүргөн кыргызга,
Жерден бакыт издеткен.

Колотторду тосмолоп,
Кара жерди гүлдөткөн.
Куйрук жеген кыргызга,
Коон эккенди үйрөткөн.

Чөлдүү жерди суугарып,
Чарбак куруп гүлдөткөн.
Чучук жеген кыргызга,
Чай ичкенди үйрөткөн.

Наавай кана курдуруп,
Нагыз жерди гүлдөткөн.
Наарын жеген кыргызга,
Нан жапканды үйрөткөн.

Көркүн жердин чыгарып,
Көчө салып гүлдөткөн.
Көчүп жүргөн кыргызга,
Көп нерсени үйрөткөн.

Өзөнү сулуу саймадай,
Өлчөөсүз кооз жерим ай.
Өрүшү бирге байыртан,
Өзүбек кыргыз элим ай.

Өнүп келет илгертен,
Өзгөрүлбөй бузулбай.
Өзөгү кеткен тереңге,
Өзүбек калкы ушундай.

## ОШ ЖАКТА

Абасы тунук тап-таза
Ааламдын бурчу башкача
Айдосу аз тоосу көп
Айтылуу жерлер Ош жакта

Алардын бири Апшыр Сай
Аскадан түшкөн суУга бай
Апшыр Сайды көрүүгө
Көп келет адам аябай

Алсырап араң жетесин
Ат менен жүрсөң жарым ай
Баткени менен Лейлектин
Алысын кара капырай

Суктантат көргөн адамды
Сулуусу жердин башкача
Сымабы кумдай чачылат
Суусундай тунук тап-таза

Сигналын берип жатышат
Сырларын ачып жылдыздын
Сурмасы учту космоско
Сыймыгы болуп Кыргыздын

Көргөндө көздү тойдурган
Көркөмү сонун башкача
Көк жалтаң аяз эриген
Көмүрдүн кени Ош жакта

Чокудан кулап кашка суу
Чулдурап ылдый жакалайт
Чотондун башы кесилген
Чоң төрлүү Кыргыз-Атаны айт

Жонуна чыксаң көрөсүн
Жаркоргон турган дөбөнү
Бүлбүлдөп көзгө тартылат
Бүтүндөй Ноокат өрөөнү

Асманга тийген чокусу
Ак кардан кийген топусу
Ардактайт аны Кыргыз эл
Атактуу Алай нак ушу

Алам деп кылып аракет
Айга да колун созгон эл
Адигине уруусу
Алайдын эли баатыр эл

Өр жагы жайлоо малга жай
Өзөнү толкуп сууга бай
Өзүнө бербей бир тамчы
Өзбеке берген Кампыр-Сай

Кара жердин кыртышын
Каңтарсаң мындай табылбайт
Кайнары дары аталган
Кадимки Кара-Шорону айт

Жарыгы күндүн батканда
Жалп этип жата калмакпыз
Жалал-Абад болбосо
Жарыкты кайдан алмакпыз

Жетилип бышып төгүлгөн
Жемиши түркүн Арстанбап
Жер үстүндө мындай жок
Жараткан берген бизге арнап

Баракелде дегидей
Байлыгы бар түштүктүн
Байкасаң айтып түгөткүс
Баардыгы бар түштүктүн

Бүтүндөй түштүк аймака
Бейиштин даамы өскөн жер
Куйкалап ысып турса да
Кудайым ырыс төккөн жер

Баркына жетип ким билмек
Баяндап бирөө айтпаса
Байыртан калган көп белек
Баардыгы бүтүн Ош жакта

# МАЗМУНУ

Баш сөз………………………………………………………………. 3
Безгек…………………………………………………………………. 6
Келте………………………………………………………………….. 10
Мылтыктын букасы......................................................................... 13
Марал кечүү....................................................................................... 15
Тоголонгон таш……………………………………………………. 21
От алган мылтык.............................................................................. 26
Кыядан учканда…………………………………………………… 29
Генератордун кайышы үзлүлгөндө……………………………… 35
Эненин жүрөгү.................................................................................. 36
Бартак……………………………………………………………….. 55
Бартак жайлоо……………………………………………………… 58
Самтыр.............................................................................................. 59
Жердин сүрөтү................................................................................. 61
Чөлдөр деңиз болгонбу же.............................................................. 73
Жашыл аалам жер-эненин өзүнүкүбү?.......................................... 74
Жараталыгтагы суунун азайышы………………………………… 79
Бартак жайлоо.................................................................................. 82
Айжана.............................................................................................. 83
Айтбекке............................................................................................ 85
Тариэлге............................................................................................ 86
Өзүбек кыргыз элим ай.................................................................... 90
Ош жакта........................................................................................... 92

Байгазаков Ишенбай

ЭНЕ ЖҮРӨГҮ

Редактор: Омокеев А.Б.
Тех.редактор: Тойчубаев А.А

Басууга кол коюлду 29.09.2011-ж.
Кагаздын форматы 60х84. 1/16 Көлөмү 6 б.т.
Нускасы 100, Буюртма № 34

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236